Скырг
Н 13

Баринуса Набиева



# ЖҮРӨК АЙТАТ



**Баринуса Набиева** – 1956-жылы 5-январда Өзгөн районуна караштуу Жалпак-Таш айылында төрөлгөн. Орто окуу жайды 1972-1983 жылдары аяктаган. Кесиби бухгалтер.

Эки уул, беш кыздын энеси. Баатыр Эне.

Эмгек өргүүсүнө чыккандан баштап, жаш чагында калем кармап кагаз бетине бирин-экин ыр жаратып жүрүп, азыр чыгармачылыкка баш оту менен кирип, көкүрөгүндө кайнап чыккан ырлары менен эл алдына тааныла баштады. Поэзияга башын байлап лирикалык, патриоттук ырлардын үстүндө иштеп, автордук «Өмүрдүн өр жолунда» жана «Талант тагдыры» аттуу эки китеби жарыкка чыккан.

Кайрыктар Казынасынын мүчөсү.

«Мыкты калемгер», кыргыз-казак элинин адабият ааламында уюшулган «Дүйнө таануу Одагы» адабий бирикмесинин жигердүү мүчөсү. Казакстандын болуп өткөн үркүндөгү тарыхы боюнча өткөн конкурста экинчи орунга жетишип «Өздүк Талант» жана «Таланттуу инсан» медалына татыктуу болгон. Бир нече диплом, мактоо баракчаларынын ээси.

Автордук үчүнчү «Жүрөк айтат» китеби чыгуу алдында турат.

Скырп
Н 13

Баринуса НАБИЕВА

# ЖҮРӨК АЙТАТ

*Ырлар жана эсселер*

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 487652

Бишкек – 2025

УДК 821.512.154-7
ББК 84 (5Кир)-5
Н 58

Набиева Б.
Н 58 **Жүрөк айтат:** *Ырлар жана эсселер.* – Б.: «Улуу Тоолор», 2025. – 236 б.

ISBN 978-9967-4567-878-45

Бул жыйнакта автор эл-жерине болгон сүйүүсүн, тууганга болгон сыйурматын жана эне катары балдары, неберелерине болгон камкордугун, кубанычын сыймыктануу менен бирге ар дайым колдоорун, кубаттарын билдирип кеткен.

Жашоодогу түрдүү кырдаалдарга карата назик сезимдери коштогон лирикалык ырлары кирген.

Ыр түрүндө гана эмес кара сөз түрүндө жазылган чыгармалары да окурмандарды кайдыгер калтырбайт деген ойдобуз.

УДК 821.512.154-7
ББК 84 (5Кир)-5

ISBN 978-9967-4567-878-45

© Набиева Б., 2025.



## АЯЛ – ЭНЕ, АЯЛ – АКЫН...

Кыргызымдын Ала- Тоосунун этегинде не түркүн гүлдөр өсөт. Ар түркүн жыты, өң, түсү менен өзүнө тартат көргөндү.

Ал эми акын кыз-келиндерди да ошол түркүн түстөгү гүлдөргө окшоштуруп алам өзүнчө.

Улуттук адабиятта баары бир кыздар поэзиясы деп, шарттуу түрдө бөлүп жүрүшөт. Эмнеге?

Кыздардын поэзиясындагы өзгөчөлүк түркүн түстүүлүгү, жыты, назиктиги, күчтүү жыныстар байкай бербеген майда сымак сезилген нерселерден чоң жашоону көрө билгендигиби деп кетем.

Колумдагы, жалпы окурманга анча тааныш эмес аялзатынын ырларын китеп боло элек вариантын окуп атам.

### ТАШ ЖАТАТ КЕБЕЛБЕГЕН

*Ыр 5 куплет.*
*Толук келтирели.*

Таш жатат кебелбеген... күндө көрөм.
Аттиң ай тилиң болсо сүйлөйт элең.
Жамгырда... ак карда да чатырың жок,
Мендей бир асанкайгы ким дейт элең.

Сага ким «таш” деген ат берген дейсиң,
Тепсе да тереңдиктен термелбейсиң.
Кылымдап жашайсың ээ сырың катып,
Жактырып жаратылыш келгендейсиң.

Ыргытып койсо деле, таарынбайсың,
Чакмактай, туяк тийсе чагылбайсың.
Аптаптуу ысыкка же суук күнгө,
Жүдөбөй тердеп... үшүп багынбайсың.

Жалпайып, одур-бодур сепкил болуп,
Беттериң чегерилип такка толуп.
Баардыгы өтүп кетет көңүл бурбай,
Эч кимдин карап койбойт боору ооруп.

Бирок да ага муктаж эмессиң сен,
Бизге аны аңдап билүү керектир эң.
Адамдар сендей болсо гана аттиң,
Сыр катып табиятка терең сиңген.

Мында, табийгат менен алам баласынын айкалышы берилген. Ар бир эле пенде ташты эмнеге гана пайдаланбайт. Чын чыныга келгенде ташсыз биздин көп иштериbиз бүтпөйт. Дегеле таштын даркери көп нерсеге тийет. Ага ракмат айтпайбыз, ыраазылычык билдирбейбиз. Жөн гана таш да, дейбиз.

Ал ушунчалык катуу, көтөрүмдүү, тепсек да, кесмек да, курсак да көтөрөт. Кебелбейт. Кылган кызматына акы да сурабайт!

Аны барктабаган пенденин ансыз жашоосу бүтүн болбойт.

Биз жөн эле карап, өтүп кеткен Таштын да жаны бар экенин бир гана аялзаты, акынзаты баамдап, ырга кошуп отурат.

Кээ бирөөлөргө бул өөн да учурар. Бирок Баринуса акындын көз жаздымынан калган жок. Акын жүрөк, аял жүрөк баарын баамдап, байкап калат да.





Баринусанын ырларынын тематикасы кенен экен, ошого жараша бир топ мыкты ойду камтыган саптары арбын.

**ЖАЛГЫЗ ДАРАК**

Ырынан эки куплет келтирели.
Эрте турдум терезени карадым,
Көрдүм күндө жалгыз дарак караанын.
Ал да балким, мени карап тургансыйт,
Чакыргансып, карап жан жак тарабым.

Көктү карап чексиздикти көргөндөй,
Жалгыз тагдыр, жазмышына келгендей.
Кусалуудай күтүп турат бирөөнү,
Ошол бир жан ага жашоо бергендей.

Мында да салыштыруу, адамдын тагдырын даракка салыштыруу аркылуу жалгыздык маанай жана образ түзүлгөн. Мындай ырлар арбын.

Андан башка «Сел каптаса», «Өмүр күрөш», «Турганына сыйынгын», «Аалам сырлары», «Балалак күндөр өткөн", "Беш баатыр", "Алгач сүйүүң арман болуп жүргөндүр" сыяктуу ондогон жакшы ырлары бар.

Акындын мындан башка туулган жер, кыргыздын мыкты инсандары, президентибиз тууралуу ырлары да окуганды кайдыгер калтырбайт.

***Меңди Мамазаирова,***
*КР эл акыны. 3-даражадагы Манас орденинин ээси*

## ЖҮРӨГҮ АЙТКАНДЫ ЖАЗГАН АКЫН

Баринуса Набиеванын "Жүрөк айтат" аттуу бул жаңы ырлар жыйнагынын кол жазмасын окуп, ырларындагы жагымдуу жеңил ыргактардан кушубак болдум. Чыгарма-чыл адамдар көбүнчө сөз зергерлери деп айтылып келет. Муну Набиева бир ырында сонун далилдеп салган:

Акындар айтат ыр менен, аялуу терең сыр менен,
Жазмачы айтат тил менен, жагымдуу кайрык дил ме-
нен.
Адамды бийик, пас кылган оозунан чыккан сөзү дейт,
Төрөсү болот сөздөрдүн, төркүнүн сезип бил деген.

Балли, сөздүн төрөсүн айта алсак, ошону баалаган окурман жүрөгүнөн өткөрүп турса ийгилик эмеспи. Ошого жетсек кана деген ой келет.

Китептин аты айткандай автордун калеминен кандай темадагы ыр саптары жаралса дагы жүрөгүндөгү чындык айтылгандыгы менен ынанымдуу таасир бергендигин байкадым.

Мен күнүмдүк жумушума байыр алдым,
Ырды жаздым ыргагына байландым.
Өткөн өмүр жаштыгыма кайрылсам,
Жалындаган отко таштай кайралдым, - дейт бир ырын-
да акын. Адамдын өмүрүндөгү кубаныч, сүйүнүч, өкүнүч, сагыныч, кайгы сезимдери жаралгандан бирге жашап келери мыйзам ченемдүү көрүнүш эмеспи. Тирүүлүктөгү өмүр күрөшүн көркөм сүрөттөр менен окурманга өрүлүш-





түрүп бергенге акындын аракети чоң. Ошол аркылуу окурманына акын тунук ойдо, сылык сезимде чыйрак саптар менен жүрөгүнүн айтканын жеткирет. Мунун өзү поэзиядагы маданият.

Көпчүлүк ырларынын катарында өзгөчө окурманды терең ойго бурган саптары да жакшы чыккан.

Карыя калк ичинде кадыр тапкан,
Каада-салт, нарк үйрөтүп, акыл айткан.
Колуңду тилиң менен тушаба деп,
Кыйытып какшык менен кулак каккан.

Жашыңдан абийириңди сакта деген,
Жамбаштап жаныңды аяп жатпа деген.
Жумшак тил, жумурткадан кыр издебей,
Жан шерик, жакыныңды сатпа деген.

Бул саптары менен автор жаштарга акыл тарбиясын бергенге таасирлентет десек болот. Анткени азыркы учурда жаш муундар сөз кадырына көп маани бербей калганы өкүндүрүп жатпайбы. Ал эми бул ырда кыргыздын каада-салтын акылына алтындай уюткан карыларбыздын сөзүн жерге ташбай өсө турган жаштардын эртеңине кулак кагыш кылып жатат. Анан дагы азыр өз пайдасы үчүн жумурткадан кыр издеп, жакыным деген жакшы адамдын ишеничин ит аякка төккөндөй сатып кеткендер, же ошо тили менен колун, жолун тушагандар жок эмес. Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлөп, ордуңду билип жүр дегени го. Турмуштан өз ордун таба билген бактылуулук эмеспи. Саптардагы сөз төркүнү ошол экенин акын жылуу, сыпайы тил менен айтып жатат.

Акындын ырлары негизинен кыргыз поэзиясындагы мурдагы традицияда, салттуу ыкмада жазылган. Ошентсе

дагы форма жагынан изденүү бар. Төмөнкү саптары буга күбө:

Ата-энең бар кезинде, сен үчүн мээнет кыла,
Балалык бир келүүчү, бактылуу дөөлөт тура.
Күндөрдү келип кеткен,
Күлкүсү жеңип өскөн,
Доорун балачактын убакыт өөнөйт тура.

Автор кара сөздө да калем төшөгөнү эсселеринен даана байкалат. Буга чейин эки китептин автору болгон Б.Набиеванын чыгармачылыгына төрт тарабы төп деп ашык сөз айтуудан алыспыз. Ырлардагы кээ бир кайталоолор, мурун айтылып келген көнүмүш саптар ж.б. айрым кемчиликтер жок эмес. Андай жагдай баарыбыздын башыбыздан өткөнү да чындык. Акын бир ырында "Өмүр-күрөш" деп жазгандай такшалуу да күрөш. Анткени менен азыркы көпчүлүк жазгычтарга салыштырмалуу өз стили, өз үнү, өз интонациясы бар жакшы акын. Алдыда далай эмгектерди жаратаар максаттары бар. Ийгилик гана каалап, жаңы ырларын да күтүп туралы.

***Бактыгүл ЧОТУРОВА,***
*КР эл акыны.*





## АЛТЫ КАНАТ КЫРГЫЗ ҮЙ

Түндүк ээси дегенге, салты болгон атанын,
Үйдүн куту саналып, наркы болгон апанын.
Дастаркондо чогулуп, ар кимдин өз орду бар,
Алакандар жайылып, баркы болгон батанын.

Ата жолу улук деп, ызаатташкан апалар.
Ата сөзү алтындай - акыл-эске такалаар.
Эне сыйлап өскөндөр элге жагып абалтан,
Тик карабай уул – келин, түп-түз тийчү баталар.

Тарбиялуу башаттан, таза болуп жүрөктөр,
Уулу делген аталып, бирин-бири сүрөшчү эр.
Көкүрөккө колду алып, таазим кылып жигиттер,
Ыйман сактап келгенде, аткарылчу тилектер.

Усталары керилтип кереге, уук жасашкан,
Алты канат ак өргөө, ак кийизи ачат шаң!
Түндө жылдыз көрүнүп, күндүз күндөн нур түшкөн,
Түндүк бийик көтөрүп кыргыз үй деп аташкан.

Уукту кооз кармайт деп, тизгичи терме терилген,
Керегe, үзүк, түндүк боо көркөмү сайма көрүнгөн.
Чыртылдаган ак көбүк чыгданда кымыз сабаасы,
Курт-кумурска кирбеске, кыл аркан сырттан өрүлгөн.

Сабап кийиз жасашып, сапатына карашкан,
Апалардын түйшүгү ажарына жарашкан.
Сулуу, кооз кыргыз үй, көркөмүнө көз тойбой,
Суктанышып сөз айткан, келген мейман тараптан.

Ою-чийүү түшүрүп, шырдак, кийиз салышкан,
Оту ышсыз күйгөнгө, очокко арча жагышкан.
Кыргыз үйдө кыш-жайы жасалгасы түрдөнүп,
Түндүк боо, айкап, аяк кап, чачыларын тагышкан.

Меймандос эл кыргызым, түйшүгүнө түтүшкөн,
Сары майын томуруп, саамал кымыз, сүт ичкен.
Кыргыз үйдүн ичинде кыштап өмүр кечирип,
Конок келсе кой союп, кушбак кылып күтүшкөн.

Оң капшытта ашкана, оймолуу чий тосулган.
Уз чебердин колунан килемдери токулган.
Уул-келин жүгүрүп, ызаат менен чай сунуп,
Бай, байбиче балпайып, төрдө сыйлуу отурган.

Наристеси ойгонгон, азан айтса кулакка,
Сулуу кыздар жүз чайып, мөлтүр кашка булакка.
Келин каймак сызгырып, карын толо сары май,
Буудай, мака жармадан суусун каныпт турат а!

Ээр-токум коооздотуп, күмүш жезден уюткан.
Жүгөндөрүн өрдүрүп, өлчөп таккан куюшкан.
Ат жабдыгын сынатып, тилген калың кайыштан,
Аталарга ак сакал, ак кымыздан сунушкан.

Манап, бийдин башында, суусар телпек жарашып,
Чачпактары чайпалып, байбичеси жанашып.
Көк бөрүчү жигиттер, ууга чыгып көп алган,
Аркар, кулжа, кийикти, ат ойнотуп баратып.





Кыргыз элим боз үйүн катарлашып тигишкен.
Желе толуп бээлери, байлап кулун тизишкен.
Казанында эт кайнап, уурту толо май чайнап.
Кышты кыштап, жай жайлап, тоо боорунда жүрүшкөн.

Даамы сонун түр тамак, дасторконду бай кылды,
Өттү ошол доорлор, карматтырбай ай, жылды,
Айран, сүтү миң дартка даба болуп кыргыздын,
Тарых болуп жазылып, дастан болуп айтылды.

Заманыбыз өзгөрүп, жеңил жашоо билинип,
Бир кнопка бир сөөмөй, интернетке илинип.
Ошентсе да тил, дилди, бекем сактап калалы.
Эне тилин жоготсок, эл кетпесин бүлүнүп.

## КАРА-КУЛЖА

Кара-Кулжа, карааныңдан айланам,
Араласам изим таштап жай кадам.
Башкачасың бачайы жай керемет,
Жасалгандай уздар сайган саймадан.

Жашыл жайлоо бейиш жай деп ойлойсуң,
Атыр жытын өмүргө азык болжойсуң.
Чыгаандардын духу турат жүрөктө,
Жусуевтин тонун кийсең тоңбойсуң.

Көркөмүнө көзүң тойбой карайсың,
Бийиктикте бир кумардан тарайсың.
Курут, майы, даамы кетпей таңдайдан,
Баргың келип, бал кымызын самайсың.

*Кайрыма:*
Кулжа эти шип-ширин,
Жегин кесип, бир тилим.
Ооз тийип кет агатай,
Тарткын аттын тизгинин!

## МЕКЕНДЕШТЕР МОСКВАДА

Аралап басып токой, талаасында,
Ак карлуу Россия калаасында.
Жумушка уйку канбай чыгып кетет,
Бозоруп, бой жете элек баласы да.

Зымырап зыңгыраган жолдорунда,
Үмүттүн, бир үзүмү колдорунда.
Чыдашып чымырканып жашап келет,
Жан багып жат орустун борборунда.

Жаштардын канаттары кайрылабы?..
Тилеги тикен кирип айрылабы?..
Өмүрдүн өрүн карай чыга албай,
Жаш жүрөк туңгуюкту жай кылабы?

Чыдадың, канча жылдар көңүл чөктү,
Суук да кырк градус сөөккө өттү.
Байланып акчасына, тапканына,
Жайнаган жаш балдардын шамы өчтү.

Мигрант болуу өзү милдет эмес,
Кыйнаган мите курттай илдет эмес.
Замандын зарыл болгон талабы ошол,
Жолдорду басып өтүү бийик белес.





## САЛАМ АЙТАМ

Салам айтам, шоола чачкан күнгө мен,
Салам айтам, күн жашынган түнгө мен.
Суу жүгүрүп тамыр жайып бараткан,
Салам айтам, шакта ачылган бүргө мен.

Салам айтам, эрте турган апага,
Салам айтам «Азан» айткан атага.
Уйкусурап мектебине жөнөшкөн,
Салам айтам, мотурайган жаштарга.

Салам айтам, эгин бышкан талаага,
Салам айтам, айылга да, калаага,
Сапар жолдо бараткан же келаткан,
Салам айтам, багыты бар балага.

Салам айтам, ат жалында жигитке,
Салам айтам, Ала-Тоого бийикте.
Жаратылыш көркүн ачкан жаныбар,
Салам айтам ал гана эмес кийикке!

## ААЛАМ СЫРЛАРЫ

Жараткан жерде тоо-таш да байлык айтылат,
Жаркырап түндө жылдыздар коштоп ай чыгат.
Кыр ашып бирге аралап жүрсөң атыр жел,
Абада тунук жыпардай жытын калтырат.

Асманда жылдыз жымыңдап бирден санатып,
Ачсаң да жумсаң каректи чайып каратып.

Жер эне токой, көтөрүп деңиз, сууларын,
Тоолоруң турат ай, жылдыз менен жанашып.

Аскадан агат ак мөңгү суулар шырылдап.
Жай жытын искеп балапан сайрап чырылдап.
Акактай аппак таштар да жашайт кылымга,
Канаттуу куштар ак булут жакка зымырап.

Жапайы жандык жар бойлоп тоодо оттошуп,
Бутунан тайса бул өмүр, менен коштошуп.
Жыландар чыгат терисин сыйрып коңулга,
Токочтой болуп күн тийген жакка сойлошуп.

Күкүктөр сайрап боз торгой коштоп үн салат,
Таскара учуп өлүктөн мурду жыт алат.
Кашкулак турат катардан калбай ойгонуп.
Түлкүлөр жойлоп жыт чыккан жакка баш багат.

Кумурска жашайт ырыскы терип изденип,
Алдуусу калып, алсызы кетет иргелип.
Кайра эле жашоо улашат тукум көбөйтүп,
Аз жашайт жарык жашоого ушул бир келип.

Короо мал менен пенделер жашайт достошуп,
Жем чөбүн камдап, кышкыга тоют топтошуп.
Баладай карап бапестеп аны багышат,
Сыпаттап салган сарайын түрдөп, оңдошуп.

Тили жок мал го айдаса жүрөт жолунда,
Кароодо болот чыбык тал камчы торунда.
Жай мезгил келип, жайлоого сүрүп малдарын,
Чалкалап жатса чабандар үчүн сонун да!





Күлүңдөп чыккан күн шоола-нурун миң жайсын,
Түн узап кеткен, таң келип өпсө турбайсың...
Уйку-соо жатып ууртуңдан күлүп жылмайып,
Угулбай үнүң, жакшы түш көрүп жыргайсың.

Ааламдын сыры айылдан сонун башталат,
Аргымак таптап туягы туйлап таш жарат.
Улуттук оюн көк бөөрү тынбай чабылып,
Каада-салт калбай айылда сыйлуу сакталат.

## БАГЫТЫМДЫ ЖАКШЫЛЫККА ЖОРУГАМ

Кайттым эсен, эл-журтума жолугам,
Багытымды жакшылыкка жоругам.
Даражалуу акындарга кезигип,
Ичтим чайын ийип сунган колунан.

Салам айтам ордолуу Ош жериме,
Салам айтам куттуу кыргыз элиме.
Аманатты арсар жолго калтырбай,
Салам айтам улуу, кичүү теңиме.

Салам айтам кадыр билген баарына,,
Салам айтам сагынган гүлзарыма.
Күндү күтүп, Ай тиреген чокусу,
Салам айтам «Сулайман-тоо -тагыма.»

Салам айтам туулган жердин суусуна,
Абасына, көк тиреген Туусуна.
Жакшылыкка шакка конуп сайраган,
Салам айтам абазы кооз кушуна!

## БЕШ БААТЫР

Кара кыргыз автономиялуу област болуп
түзүлгөнүнүн 100 жылдыгына карата

Беш баатыр беш жылдыздай аты жарык,
Кыргызга жазып калды аны тарых.
Жатталып миң-миллион жүрөктөрдө,
Эл үчүн өчпөс оттой аты калып.

Таанылып Кара кыргыз таржымалы,
Жүз жылга толуптур деп калды баары.
Кылымдар аңыз кепти айтып келет,
Унутпайт мезгилдин да алды жагы.

Беш бөлөк беш баатырдын башка орду,
Белсемдүү берендерден топтоп колду,
Москва... Сталиндин буйругуна
Себепкер болгон эрлер баштап жолду.

Кыргызда көп кыйын кез өттү баштан,
Беш баатыр чыгаан чыгып акыл жактан.
Укугун улутунун алган уулдар,
Эл баалайт Ала-Тоодой ак калпакчан.

### *1. Жусуп Абдрахмановго*

Каалагандай жашоо бир кез болбоптур,
Ошондо да жүрөк үшүп тоңбоптур.
Билим менен бийиктигин ширетип,
Кыйын күнүн кыргыз үчүн жолдоптур.





Кара булут каптап келип асманда,
Үркүн чыгып Кытайга эл качканда,
Кыйын кезде кыл чылбырдай чыйралып
Акыл курчуйт тура чыйрак жаштарда.

Жыйырмада жаштык жалын курагы,
Өкмөт түзүп жаштар болуп курамы.
Кеменгердей кеп чыгарып кыргызга,
Келечекке чоң максатты улады.

Сталинге кат жазгандан сыналып,
Жаштык жигер менен күйүп чын, анык!.
Кыргыз-орус көпүрөсүн көтөрүп,
Трибун акын Маяковскийге жагып.

Лидер болуп Жусуп деген ат менен,
Билимге үндөп жаштар өссө бах, деген.
Калды ысымы ат көтөргүс тарыхта,
Кара кыргыз жолун түптөп так, кенен!

### *2. Ишеналы Арабаевге*

Жакшылар оодарылсын кылымдагы,
Аларга таазим кылып сыйыналы.
Төрөлүп төлгө болуп бул жарыкка,
Келиптир Көсөм болуп Ишеналы.

"Тилиңди тишке басып иште!", – дептир,
Жалганчы жан кечтини кишендептир.
Акыйкат айта турган, агартуучу
«ЭРКИН-ТОО» басылмасын түзөм дептир.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487652

Билим деп келечекке салым кошуп,
Бийикте Ай, жылдызга колун созуп.
Көрөгөч көөнөрбөгөн сезим менен,
Чындык деп, жалганчынын жолун тосуп.

Алгачкы "АЛИППЕНИ" түзүп кетип.
Адамдар "А" тамгадан айга жетип.
Агабыз аалым болуп өтүп кеткен,
Атайбыз атын сыйлуу, кымбат сезип.

### *3. Касым Тыныстановго*

Кедей-дыйкан үй-бүлөөдө төрөлүп,
Арча бешик, алдей ырга бөлөнүп.
Ыссык-Көлдүн аптабына чайканып,
Чырпыктынын түркүгүнө жөлөнүп.

Өсүп, далай кыйын жолду басыптыр,
Калем кармап кайрып ырды жазыптыр.
Китептери кирдебеген алтындай,
Эки өлкөгө элчи болуп чачып нур.

Профессор, доцент наамын алыптыр,
Жылга толуп, дайра болуп агыптыр.
"Манасты" да таанытып көп эл-жерге,
Эпос менен бизди дүйнө таанып тыр.

Оору сымал оор тагдыр жандаган,
Ошондо да башты жерге салбаган.
Бир жаралып туулгандай элине,
Бүт өмүрүн кыргыз үчүн арнаган.





### *4. Исхак Раззаковго*

Эр азамат келет элдин багына,
Буйрук болсо олтургузат тагына.
Өкчөлгөндө айкүр түшкөн сакадай,
Жылдыз күйөт маңдайында жаңыра.

"Мен, сен таза болсок, коом да таза"-
деген сөзүн ар бир муун атаса.
Өз доорунда өсөт эле өлкөбүз,
Ар бир кыргыз ал айтканды жасаса.

Илим-билим жолун алга баштаган,
Жаштар өссүн деп далайды таптаган.
Компартия канатынан жетилип,
Ата Журтка антын бекем сактаган.

Камиссарлык ак кызматта так жалаң,
Өзүбекти өзүмкү деп жактаган.
Опол тоодой эмгектери эл үчүн,
Ордендерди жүрөгүнө такты анан.

Душмандыктан ак жеринен айдалып...
Татаал тагдыр тар бөлмөгө байланып.
Ажал келсе алат тура айласыз,
Алыс жерде өчтү, асыл жан калып...

Жылдар өтүп сөөгү келди жерине,
Акыреттен жетип кыргыз элине...
Ата бейит айыл болуп калдыбы,
Ак сакалын өткөрүшүп төрүнө.

***5.Төрөкул Айтматовго***

Шекер деген куттуу жерде төрөлгөн,
Мындай залкар аз жаралат көп элден.
Совет өкмөтүнө кызмат кылгандан,
Эл ичинде сый-урматка бөлөнгөн.

Ошентсе да, түшүнгөнгө тереңден,
Оор жолдор басып кайгы жегенден...
Ишин билген ийгиликтин артында,
Татаал тагдыр өмүр берипченелген.

Таалайына татынакай жан бүткөн
Нарк-нускалуу Нагимадай жар күткөн,
Оош-кыйыш күндөрүндө турмуштун,
Бир болалбай аз өмүрдө ал күткөн...

Саясаттын терс мизине кайралган,
Жазыксыздан айыпталып айдалган.
Заманынын кысып күрөө тамыры,
Репрессия... кайран өмүр жайланган!

Биз көрбөдүк Төрөкулдай аганы,
Бийик инсан, бирок бардык тарабы.
Дүйнө билген уул тапкан Чыңгыздай,
Жакшы атанын өчпөйт жаркын жамалы!





## ДОСЧУЛУКТУН КАДЫРЫ

Жаштыкта кадам шилтеп бирге бастык,
Кылбадык, ортобузга кыянаттык.
Жанашып жашообузда дос болуппуз
Дүйнө мүлк... эсептешип кылбай пастык.

Аргымак, ат жалына казан астык,
Жакшылык, сапарында бирге бастык.
Сырдаштык түн жамынып, ай чыкканча,
Жүрөбүз дале болсо кадырлашып.

Элүү жаш эшик төргө келип калды,
Өчүрбөй тамыздыкпы жарыктарды.
Бактыбыз балдар менен алпурушуп,
Өткөрдүк, жаз, жай, күз, кыш- аппак карды.

Тойлоруң тойлор менен сапарлашсын,
Балдарың баскан жолдон бакыт тапсын.
Кадырлап ак жоолугун атап сага,
Башыңа алтын, күмүш таажы таксын.

## ҮМҮТТҮ ӨЧҮРБӨГҮН

Үмүтүмдү өчүрдүң го арсыз жандай,
Көзүмөн жаш кылгырды уу тамгандай.
Тыбырчылап буту күйгөн поок сымал,
Ажалга моюн сунган жаныбардай...

Сүйүнүп барган элем китебиме,
Кайдыгер мамилеңди билсем эмне?!

Адамдык сапатыңды алып салдым,
Ыргытып, ышты салдың жүрөгүмө.

Китебим калды... көзүм жаштап алдым,
Машина шылтоо болуп, баштап калдың...
Ээси жок ыргытылган буюм болуп,
Бөтөн үй, бөтөн жерге таштап салдың.

Ыза болдум асманда күндү карап,
Убакыт, саат жебесин санап-санап.
Түңүлдүм түгөнгүргө ишим түшүп,
Мен үчүн болду бул бир тоодой сабак.

Мынчалык адамдарды какшатпагын,
Кишендеп соо буттарын аксатпагын.
Мага окшош үмүтү чоң пенделерди,
Түркөйлүк менен жүрөк, башка атпагын!

Бул ырым кимге таандык, кимге керек,
Жаңылган, бир адамга болот себеп.
„Пул болсо кулуңмун» деп жумшак болуп,
Туягыңды туйдурбай бир күн тебет.

## СЫНДЫ КАЧАН ӨЗҮБҮЗДӨН БАШТАЙБЫЗ?

Сен сындаба сыноо келсе пендеге,
Бул эмнеге бир мүчөсү кем дебе.
Бир кем дүйнө, кубана бер денеңе,
Бергенине толук мүчө эмнеге.

Жакшы болсоң жандап алар карашат,
Сендей жагым болууну да самашат.





Жетилгенче сиңди эжеге түздөнөт,
Жаштык сулуу боёнсо да жарашат.

Жаштарды биз опсуз сындап таштайбыз,
Сынды качан өзүбүздөн баштайбыз?
Карыганда калжың болуп калды деп,
Балким биз да кээде аларга жакпайбыз.

Сындабастан сыйлашалы пенделер,
Урмат кылып улууларга кенжелер.
Өлгүчөктү өзүбүздү баалайлы,
Кайра туулбас, өмүр бизге бир келер.

## ЭСЕП НӨЛДӨН БАШТАЛАТ

Санап жүрөм канча өмүр өткөнүн,
Кирешенин келген менен кеткенин.
Баалап коем берекесин берсин деп,
Жыл айланып жашообузга жеткенин.

Сан болбосо салмак кайдан такталат,
Саатты санап жумушуң да башталат.
Турмушуңда эсеп менен жүрбөсөң,
Өйдө-төмөн тапкан дүйнөң так санат.

Кесибиңди сүйсөң, берет эсесин,
Теңдемени түзүп, көзүң тешесиң.
Жакшы эмгектен турмушуңда кыйналбай,
Билимиңдин бийиктигин сезесиң.

Окуучуга сабак нөлдөн башталат,
Үйрөтүп кой зерикпестен кайталап.

Жакшы оку деп багыт берсең балаңа,
Тутанган от турмушунда сакталат.

Асман чексиз, айды карап турасың,
Сапар алып булут менен учасың.
Он беш кабат бийик үйдү курууга,
Чийме чийип узун-туура сызасың.

Алыс-жакын кадамыңды эсепте,
Аздыр-көптүр байлыгыңды керекте.
Ыроологон ырыскыңа канаат кыл,
Ден соолуктун бекемдигин белек де.

## ТӨРӨСҮ БОЛОТ СӨЗДӨРДҮН

Тереңдеген жашоонун, теңдештирген жагы бар,
Күлгүн жаштык кезиңдин, күйүп турган шамы бар.
Ак булутту аралап, келе жаткан таңы бар
Сыдырып соккон жел менен, көктөм... кышы...кары бар.

Малды сүрүп айдасаң, аңды-дөңдү карабайт.
Пенде деле ошондой, пенде экенин санабайт.
Карарган туюк булуттар оңой менен тарабайт,
Оодон чыккан жаман сөз, пайдалуу жакка жарабайт.

Акындар айтат ыр менен, аялуу терең сыр менен,
Жазмачы айтат тил менен, жагымдуу кайрык дил менен.
Адамды бийик, пас кылган оозунан чыккан сөзү дейт,
Төрөсү болот сөздөрдүн, төркүнүн сезип бил деген.

Ойлонуп кылган жумуштун, орундуу жакшы жагы бар,
Азаптуу жаман оорунун, атпаган узун таңы бар,





Жашооңу сүйүп жандасаң, жаңылып кокус калбасаң,
Оң тарапка бут койсоң, ордолуу бийик тагы бар.

## БАЛДАР ӨССҮН ТАТЫКТУУ

Жан талашып киргизбей жаап салат эшигин,
Кылган иши таза эмес, көйгөйү эзет өзүнүн.
Адам болуп туулган соң, актап сүтүн энени,
Адал иштеп күн көрсө булгабай арча бешигин.

Батып калган баткакка, бардыгы эле чыгалбайт,
Байлап алган байлыгың, башка...жакка сыя албайт.
Этек-жеңи малынып, жеп-ичкенге көнгөндөр,
Ээн-эркин эс алып, эл катары жүрө албайт.

Үлүштөп жерди алышты, хан сарай үйдү салышты,
Бербестен элдин акысын, эмгегин жеп алышты.
Эси кетип доо келсе, эртели-кеч жашынып,
Эсебин таппай калышып, чет элге качып барышты...

Европа этегин жая салгандай жаштарга,
Мээнетин жебей көбөйтүп, кошул алды катарга,
Эне-аталар кээси, уул-кызын жол камдап,
Элдей болуп сен деле, чыккын дешти сапарга.

Айрымдары кыйналды, таап-таппай жумушун,
Намыстанып келе албай, андай күнүң курусун.
Бар тобокел кылганы, башы чыкпай кулдуктан,
Барба десе барды эле, укпай улуу сунушун...

Кокуйлап көп санаабыз, жүрөктө көп жарабыз,
Интернетке олтуруп, жардам сурап калабыз...

Өздөн чыккан жаттарга, өгөй болуп көрүнсөк,
Чекебизден черттирип, чет эл болду санаабыз...

Ага тууган соттошкон, мурун качан бар эле,
Эже-сиңди, бир тууган дүйнөгө качан зар эле?
Өзүбүздү тыялбай, наарazыбыз бийликке,
Ынтымактуу болсок го, тилегендей ар эне.

Ажырашкан көбөйдү, турмуш жолун улабай,
Өзү билип иш кылып, улуулардан сурабай.
Балдар калды көчөдө, ата сөрөй изи жок,
Жалгыз бойлуу энелер, калды турмуш улабай.

Баштагыдай заманды, айта берип чарчадык,
Балдар уксун баары деп, акыл кепти калчадык.
Жан чөнтөктө телефон, жашообузду өзгөрттү,
Алыстыкты багынтты, жакындыкка алпарып.

Жакшы жагын ойлонуп, жамбаштап жатып албайлы.
Жаштар жаман дей берип, сар санаага салбайлы.
Чоң максатты аркалап, ордубузду басарга,
Балдар өссүн татыктуу, жакшы тилек арнайлы.

## ТАЛАНТТУУГА ТААНЫШ ЖОК

Таланттуута тааныш жок деген сөзгө ынандым.
Мейли тааныш болбосо... талантым бар, кубандым,
Калем-кагаз буйруган, тагдыр берсе нетейин,
Кадырымды сактачы, мен ошону сурандым.

"Бир пайыздуу талантты эмгек менен бекемде.
Токсон тогуз аракет ийгилигим экен де! "





– деген кептин чындыгын таанып келем жашоодо,
Талбай ишти жасасам, таанылармын мекенге!

Таалайыңа жазылган табылаттыр ырыскы,
Жакшы эмгекти жаратуу жасаттырбас кылмышты.
Таман акы-маңдай тер түздөп бассаң жолуңду,
Ишенимдүү жашайсың, илдет кылбай турмушту.

## МЫКТЫ ЖУБАЙ БОЛДУКПУ БИЗ

Жараткандан жаралып келдикпи биз?
Мээнет артып, ырыскы тердикпи биз?
Чыканактай чырпыктан чынар болуп,
Чын өмүргө кең канат кердикпи биз?

Кыраңдардан кызыл гүл тердикпи биз?
Кызыл өңдү кубартып бердикпи биз?
Кыйма көкүл кыз өмүрдү кечип эчак,
Кыл чайнап, кыйын заман жеңдикпи биз?

Кыялы көп жигит-кыз болдукпу биз?
Эркеликти эртелеп койдукпу биз?
Көк кашка тунук булак суудан ууртап,
Суйкайып сулуу жүзгө толдукпу биз?

Мырзага мыкты жубай болдукпу биз?
Куурчактай кучагына толдукпу биз?
Көөнү толуп-толбогон кылыктарды,
Көйгөйү жок көмүскө жойдукпу биз?

Жаштыктын жалын отун сездикпи биз?
Жарымын максаттарга бердикпи биз?

Жай жүрүп жарым ууртам өмүр калып,
Камынтпас карылыкка келдикпи биз?

## КУСУП БЕРДИ

Токтогула, толгоноор учур келди,
Тойгондору толтуруп кусуп берди.
Каалаганча кадамдап бөлүп алган,
Кайтарып кайра калкка «энчи жерди»!

Бакылдарды байкай турган учур келди,
Байлыгын паракорлор кусуп берди.
Беш колун белчесинен тыгып алган,
Бейнысап жегичтерди чындык жеңди.

Кескилерге кейиштүү учур келди,
Керсейгендер кекирип кусуп берди.
Көп жерди көзү тойбой бөлүп алган,
Көркоонун көрөр күнү кишенделди..

Ондойм деп ойрондорду келбегиле,
Оюп жеген алтынды бер дегиле.
Баскан-турган жериңди жууп, тазалап,
Ата Журт алдында ант бер дегиле!

Көпөстөрдү көрөм деп келбегиле,
Элдей эле жашоону көр дегиле.
Эсерлик айландырып эсил жанга,
Эртеңин ойлобогон пенде беле!





## ТУУСУН БИЙИК КӨТӨРҮП

Спорттун күрөш өнөрүнөн дүйнөлук чемпиондук даңкты багынткан, кыргызды ааламга тааныткан Айсулуу Тыныбекова баштаган балбан кыздарыбызга арналат

Бешиктеги баланын бек болоорун ким билди,
Ала-Тоону нур чалып, суктандырып миң-миңди!
Периштелер жандады, белди бекем байлады,
Туу көтөргөн кыздарды дүйнө көрүп Күн күлдү!

Кыргыз деген улуу журт кыргыздыгы таанылды,
Ата Журттун атына асылдыкты баа кылды.
Балбан кыздар өлкөнүн Туусун бийик көтөрүп,
Кыз да болсо беш көкүл, мактоолорду жаадырды.

Кыздар жарап намыска, кыргыздан деп айтышса,
Дүйнө атайт аттарын, кеп болбосун кай тушта.
Мелдеште өзүн колго алып, башын байлап намыска,
Тосту эл-журт кубанып, жеңиш менен кайтышса.

Өмүр берип жараткан, ден соолугун сактасын,
Кадырлашып калкыбыз, төргө өткөрүп барктасын.
Чыгаан кыздар көбөйүп, чыга берсин кыргыздан,
Ажообуздун ишенчин, ак мээнеттен актасын.

## АСКЕР КЫЗМАТЫНАН КАЧЫП БЕКИНБЕ

Жеңиш көрбөй бүгүн...мынча бүлүнүп,
Гүл койалбай өчпөс отко жүгүнүп.
Кайтпас күнгө кетти аталар ардагер,
Өмүр өлчөм экендиги билинип.

Согуш чыгып, замананы тарытты,
Көкүрөгүн окко тосуп барышты.
Өлүм-өмүр ортосунда жашоонун,
Коногундай кайтып кетип калышты.

Канчалардын учту жаны талаада,
Калганы аз, келди араң жан арага..
Жараат алып, колу, буттан айрылып,
Башын байлап айыкпаган жарага.

Бейиш жайда жүрүшсө экен өткөндөр,
Калбай барат согуш отун кечкендер,
Арман болгон ата-эне, жар калып,
Жыйырмага чыгып-чыкпай кеткендер.

Ушул күндү жеңиш берген, эсиңде,
«Жоо бетинде, жигит элдин четинде» .
Эл жериңди сүйүп бекем сактагын,
Аскер кызматынан качып бекинбе.

Жоокер болгун ар-намысты таштабай,
Чек арадан душман турсун аттабай..
Эр жигит деп эл ишеним арттырса
Уят болоор качсаң Мекен сактабай!





## АРУУ ТАҢДЫН БИР КҮНҮ

Ар бир күн арнап сыйлуу адамыңа,
Шүгүр деп сарасептүү кадамына.
Буюрсун түгөйлөштү жаратканым,
Жарашып жайнап турган жанарыңа.

Аткан таң ай жамалдуу адамыңа,
Арналса ак тилектүү кадамына.
Жадымда сурар элем Жараткандан,
Бактыны пешенеге жазаарына.

Периште ар бир үйдө колдоп жүрөт,
Сен жүрсөң сени коштогонду билет.
Капалуу күндөрүңдү туюп сезип,
Сен күйсөң ал байкуш да кошо күйөт.

Жараткан жаман жакка кыйбайт эч бир,
Адамдык касиетиң эң керектир.
Кадамың кайрып алсаң кокусунан,
Жаңылган жолдоруңа болбос кепил.

## ЖАШООМДОГУ ИЙГИЛИК

Мен күндөгү жумушумду жасадым,
Жашоо ширин, дайым келет жашагым.
Ай мончоктой балдар аман болсо деп,
Ар бир кечте тилек менен жатамын.

Мен күнүмдүк жумушума байыр алдым,
Ырды жаздым ыргагына байландым.

Өткөн өмүр жаштыгыма кайрылсам,
Жалындаган отко таштай кайралдым.

Мен күнүмдүк тирлик менен калбадым,
Максаттарым үй-бүлөмө арнадым.
Мен ошентип түптөп алдым байлыкты,
Ал байлыгым - жайнап турган балдарым.

Мен ошентип чарчабадым талбадым,
Жарышпадым... бирок артта калбадым.
Таптым бактым, таалайымдын ачкычын,
Турмушумдун туткасын бек кармадым.

## АЯЛ БОЛДУМ ЖҮДӨБӨЙ

Жүрсөм мурун жүдөө тартпай айылымда,
Келин болуу сынак сымал кайынымда.
Аялдыктын чоң милдетин көтөрдүм,
Жазып койгон бешенемде тагдырга.

Чыйрактыктан чымырканып айылда,
Көндүм келип баары-жокко кайылга.
Турмуш деген өйдө-төмөн күнү көп,
Далай өттүм кыйын жолдон тайылма.

Жакшылыкка жеттим дээр жайым бар,
Колдой турган, сүйөнөргө жарым бар.
Келин эмес, бай байбиче мен эми,
Балдарым бар-баары сыйлаар, багым бар.

Алды жакка салсам карап саресеп,
Талпындырат эртеңки күн келечек,





Балдарыма бата берер жаштамын,
Башка кийип касиеттүү ак элечек.

## ТУУГАНДАРДЫ ЭСТЕП

Жай сурашка келер аман-эсенден,
Тууган болсун көкөлөтүп көтөргөн,
Ыраазылык алганыма жарайбы,
Ырым менен көңүл алам десем мен.

Бир тууганга кызматымды аябай,
Сыйласам дейм эч нерсеге карабай.
Кыз эртеңки апа, тайне, чоң эне,
Жүрбөс дайым ата-төрдө баладай.

Турам бирок, туугандардан алыста,
Убакыт да болбойт көп-көп барышка.
Самап жетпей, бата берем ак тилек,
Сагынычтуу көздөрүмдөн зар учса.

Туулган айыл, уул-кызыңдан кагылам,
Саламдашса санаалардан арылам.
Таанышса дейм, сыйлап, алыс түшкөн бир
эжем экен дешсе мени карыган.

## ӨМҮРҮМ

Карыдыкпы бутту таяп туралбай,
Жасап жүргөн бир жумушту кыла албай.
Тоголонуп колдон түшсө буюмуң,
Токтоналбай, сезим ойду жыялбай.

Сонун мезгил өттү жаштык учуруң,
Кимге толуп, кимге толбой купулуң.
Тааныш эле көрүп жүргөн жакындан,
Тааный албай жоголуп эс-тутумуң.

Жаштарыбыз жакшы күндү самашат,
Чачын сылап арт жагына тарашат.
Суттөй аппак назик болуп колдору,
Суктанамын эмне кылса жарашат.

Ойлоп кетем мен да сендей бар элем,
Бир жигитке эң сүйкүмдүү жар элем.
Жоро-жолдош, аяштарды тамшантып,
Шайыр мүнөз ырга жакын жан элем.

Мезгил өтүп турбайт экен жашчылык,
Менден кетип алыс калды масчылык.
Жүрөгүм жаш бирок жүлүн бошогон,
Мурдагыдай алпкеталбай азгырык.

Ушул жашым сакталат деп баалабай.
Курчтук кылып аңды -дөңдү карабай,
Өткөн экен түн жамынып өмүрүм,
Жыл айланып саат-мүнөтүн санабай.





## САПАР УЛАП

*(Таксистерге)*

Таң агарып ишке жөнөйт түрүнүп,
Салам айтып, сапар жолго жүгүрүп.
Жарандардын жаш курагын карабайт,
Баары жумуш... көчө толо сүрүлүп.

Кээде ачылып, кээде түшүп кабагы,
Күндө турмуш кайталанып жанагы.
Жол күзөтчү чыкса ала таякчан,
Жолу болбой ойдогудай баягы.

Кара түндүн ак таңы бар атаарга,
Үмүт үзбөй, чыга бергин сапарга.
Таалайыңа табыштаган буйрукту,
Себеп жоктур серпип таштап басаарга.

Жигитчилик жик түшүрбөй жашоого,
Байлап турган бут окшобой азоого.
Жети өнөрдү жетимиштен ашырып,
Түрдүү кесип түйүнүн чеч жашоодо.

Милдетиң бар бала-чака багууга,
Эркиң жетет кыйыр жолду табууга.
Ыйык тутуп ыйман менен карасаң,
Көбү умтулат сенден өрнөк алууга.

## БЕРГЕН СЫНОО

Жаман дебейм, бөлбөймүн мен эч кимди,
Жаңылганга балким акыл-эс кирди.
Бакыт таап айрымдары азаптан,
Жаңыланып, тосуп алып көп күндү.

Эки жакшы кошулбайт дейт пар болуп,
Кээде бирөө кең дүйнөсү тар болуп.
„Нике кайып» эки жакшы кошулса,
Ошондо да бир жагынан зар болуп...

Бул жашоонун ченеп берген мыйзамы,
Көтөрө бил, берген сыноо бул дагы.
Жашаган бар кыйын күнгө сынбаган,
Жакшылыкка коштоп кеткен жылдары.

Бир-бирине окшобогон тагдыр бар,
Жеңил мүнөз, тарс жарылган кыялдар.
Кызганычтан кылтак салып моюнга,
Өмүрүнөн өзү кечип кыйган бар.

Жашты берсе узагынан адамга,
Жакшы эмеспи чалынбаса кадамга.
Тагдырга да ар ким өзү себепкер,
Татыктуу бол күнөө койбой заманга.





## ЫРЛАРДЫН КАСИЕТИ АКЫЛДЫ АЧАТ

Таланттуу улуу, кичүү тааныштарым,
Тагдыр дейм калем, кагаз алышканын.
Жөнөкөй пенде эмес дейм, из калтырчу,
Жагымдуу атын жаттап алып баарын.

Кичүүсү ызатташып улууларды,
Улуулар таазим менен кабыл алды.
Урматтын кулу болуп жүргөн жакшы,
Ким билет бизге канча өмүр калды.

Төрт мезгил келген жайды акын жазат,
Эргүүгө эрке сезим жакындатат.
Кыялга жетелеткен ойлор келип,
Ылардын касиети акылды ачат.

Мен дагы акынмын дей калып жүрөм,
Билбедим кантип, канча өмүр сүрөм.
Акын көп катарлары түрдүү, түмөн,
Ордолуу ортосунда ордум билем.

Айга, күнгө сүйлөшөмүн, жерге түшөм,
Ыр жазуу түйшүгүнө түтөп бүтөм.
Алтындай убакытта бере көр деп,
Жакшы ырга Жаратkandan үмүт күтөм.

## АБИЙИР СОТ

Карыя калк ичинде кадыр тапкан,
Каада-салт, нарк үйрөтүп, акыл айткан.
Колуңду тилиң менен тушаба деп,
Кыйытып какшык менен кулак каккан.

Жашыңдан абийириңди сакта деген,
Жамбаштап жаныңды аяп жатпа деген.
Жумшак тил, жумурткадан кыр издебей,
Жан шерик, жакыныңды сатпа деген.

Бир келген ченеми бар өмүрүңдө,
Бүлүк бар болот кээде көңүлүңдө.
Бактыңы баркың берет түтө билсең,
Турмуштун оорунда, жеңилинде.

Чебердеп бир сөз менен чечип сүйлө,
Чекти бил, күчкө салып бекер күйбө.
Кейүү бар башка келсе ден- соолуктан,
Чайпалып чай үстүндө карап күлбө.

## УЛУТУМ ДЕП ЖАШАЙЛЫ

Тооба дейли жик түшүрбөй өмүргө,
Аз жашоодо тузак тартпай көңүлгө.
Акыл-эсти берсе бизге шыбага,
Чыгарбайлы чындыкты биз төгүнгө.

Алла дейбиз амал кылып багынып,
Кудай акы дуба кылып жалынып.





Сөз айтылат, иш жүзүндө көрүнбөй,
Көрүнбөгөн көрксүз тумар тагынып.

Кудай дейбиз кулдук уруп багынып,
Шамал менен өйдө-төмөн агылып.
Куурчак болуп куйту сөздү жылдырып,
Кургак сөзгө кулак сөйкө тагынып.

Жалган шылтоо салып бербейт акылды,
Замана деп алыстатпа жакынды.
Тууган күйөт, боору кетпей жанында,
Туура жолдо жебейт сенин акыңды.

Жаш кезинен багытын бер балаңын,
Эрте-кечпи чогуу жегин тамагың.
Тегеректеп дастаркондо чогулуп,
Коюп жүргүн тарбиялуу талабың.

Аруу кыргыз ак калпакты булгабай,
Байбичелер ак жолугун булгалай!
Чындык менен улутум деп жашайлы,
Башка элдин чоочун салтын туурабай.

## АППАК ТАЗА ЖҮРӨК МЕНЕН

Талпынып эл аралап жашап жүргөн,
Жакшылык тилеп, күтүп үмүт күндөн.
Жагынбай жакпаса да жагалданбай,
Жакшы го бейпил жашап, өмүр сүргөн.

Каалаба шаан-шөкөт ызы чууну,
Каалаба эки жүздүү бузукуну.

Тукумдан кыр издеген жарандарга,
Каалаба баш катырып урушууну.

Ашырып ырыскыны Алла берет,
Абалтан мээнет кылсаң дөөлөт келет.
Ар намыс аппак таза жүрөк менен,
Иште, эл Ала-Тоодой бийик көрөт.

Багыты башкаларга окшобогон,
Дүнүйө, ашык байлык топтобогон.
Тукуруп тууган-доско бүлүк салбай,
Адам бол жаман сөздү козгобогон.

Жашыңдан абийириңди сакта деген,
Артыңа, айтканыңдан кайтпа деген.
Улуунун ушул сөзүн сатпа деген,
Жадыңа жадыбалдай жатта деген.!

## АЧУУ ЧЫНДЫК

Ачуу чындык ай астынан өткөндөй,
Жанчып чаңды жамгыр сээп төккөндөй.
Жашоо кызык жалганына азгырган,
Жаңылүү көп, жакшылыкка кез келбей.

Кудай бизге берсе дагы тегиздик,
Жарашпаган жаман адат жегичтик.
Амал тийсе шамал тиет адамга,
Деген сөздү укпай, үмүт көп үздүк..

Кээде көбү тез өзгөрүп калышат,
Керкейишип, элге бүлүк салышат.





Адамдыкты билбегендер көп экен,
Канаттарын бир күн кайрып алышат.

Жаман дейбиз так бетине айтканды,
Корс экен деп катуу тийип какканды.
Тагдыр кокус татаал жолго салбасын,
Тарбиялап, такшалталы жаштарды.

## ЧЫНЫГЫ ДОС ТАР ЖЕРДЕ

Акын болом, ыр жазам деп оолуктум,
Алыкулдун ордуна өзүм коюпмун.
Алп акындын беш сап ырын жаза албай,
Беш туулуп, кайра ордума конупмун.

Баарын көрүп, бактыга да тоюпмун,
Баркымды ойлоп барып кайра соолуктум.
Чыныгы дос ар жерде эмес тар жерде,
Дили таза жакшыларга жолуктум.

Арманым бар ак сүйүүмө жетпедим,
Жетем дедим, чоң максатты беттедим.
Алдадыбы, алдандымбы билбедим,
Аргасыздан өзүмдү-өзүм жектедим.

Талант таптап, күн нурундай сеппедим,
Өнөр багып өргө чыгып кетпедим.
Жөнөкөймүн, ырысымын балдардын,
Үй-бүлөмдөй бакытымды теппедим.

Мына ошентип ай жыл курап, таң атат,
Алтымыш жыл арыш керип баратат.

Ар бир күндүн алды кызык көрүнүп,
Ак күмүштөй чачты бирден санатат.

## ҮШҮБӨЙСҮҢ ЖАКШЫ ҮМҮТТҮ ЖАМЫНСАҢ

Ай, жылдарда агып кечтер, агып таң,
Айбыгасың ак баракка жазыштан.
Акындарга аалам кезген жол берген,
Тайгаланба талант берген жарыштан.

Чындыкты ак мончок кылып тагынсаң,
Үшүбөйсүң жакшы үмүттү жамынсаң.
Катар түшкөн сабын өөп ырлардын,
Кандай бакыт, көртирликтен арылсаң!

Аалам жолдон адалдыкты издесең,
Ал жол кайда, аны көргөн ким десең.
Кейиш кылар кебиң жакшы чыкпастан,
Келээр жолдун кетээр жагын билбесең.

Даражаңды далысынан таптасаң,
Талантыңды үрөн кылып чачпасаң.
Анда кайдан өсүп чыкмак элең сен,
Көкүрөктө көрөңгөңдү казбасаң.

Адамсыңбы, айтканыңдан кайтпагын,
Улук болсоң кичүүлөрдү какпагын.
Сага берсе аты асыл талантты,
Тар бөлмөгө тартып көзүн жаппагын.





## ТААНЫП АЛ

Ырды жазгын тузу да бар, балы бар,
Таңдайыңдан кетпей турган даамын ал.
Талант менен таанышалы кез-келсе,
Обончу бар, акындар бар таанып ал.

Өнөр менен өрдү көздөй кадам сал,
Өнүп өссүн бала-чакаң, сүйгөн жар!
Өр таянып өтмөк жолду узартып,
Өнөр күлүк, камчыланып сапар ал.

Жаадыр ырды, күндө жаадыр талыкпай,
Чындыкты жаз, эл окусун зарыкпай.
Күндөн изде арую таңга нур чачкан,
Ала-Тоодо Айдан изде чаалыкпай.

## БАРБЫ

Жашоонун жакшы жагын уткан барбы?
Жар салган жаңырыкты уккан барбы?
Жалганды тулпар кылып минип алса,
Ээрден эңип тартып жыккан барбы?

Акыйкат адам жүрсө көргөн барбы?
Араны айрымалап бөлгөн барбы?
Жакшынын таанылбастан эмгеги өлүп,
Тирүүлөй тикесинен көмгөн барбы?

Азаптуу арман күүнү уккан барбы?
Арамды адал кылып жуткан барбы?

Намысын нагыз эмес күлгө айлантып,
Абийирин ачык көргө тыккан барбы.

Урматты уят кылбай сезген барбы?
Уттурбай убак-саатын келген барбы?
Канатын кайрып албай каршылыктан,
Адамдык сапат менен жеңген барбы?

## ТИЛ БАЙЛЫГЫ

Тил байлыгы жан дүйнөнүн азыгы,
Чилдеде да, алып келет жазыңы.
Тилиң менен жаранысың улуттун,
Баалай албас башка улуттун жакыны.

Ар бир элдин айтаар эне тили бар,
Аздектешет оозангандан билип ал.
Саламынан бери өзгөчө ар улут,
Шаан-шөкөт, салттуу майрам күнү бар.

Кыргызымда кылым курап артынан,
Кыз-уулу өсүп, ай маңдайы жаркыган,
Колуна алса көңүл кушун көтөргөн,
Комузу бар мукам кайрык шаңшыган.

Каада-салтын кастарлаган сыйы бар,
Карт тарыхта жыргалы бар, муңу бар....
Тил байлыгы табериктеп сактаган,
Тил байлыгы табериктеп сактаган,
Оздон түшпөс «Манас" эпос, ыры бар.





## АКЫНДЫ БААЛАЙ АЛСАҢ

Акындын алтын сабын казып алгын,
Ал ырлар азыгыдыр асыл жандын.
Саптарда жан сергиткен кайрык болсо,
Чөнтөктө жан дептерге жазып алгын.

Акындын жакшы ырынан жаттап алгын,
Сырдашып, сырынан ал сактап арбын.
Жол түшө бербейт дайым жолугууга,
Жогунда эмес, барында мактап алгын.

Акындын саптарынан сырын тапкын,
Даамдуу ачуу-таттуу тузун таткын.
А бирок ага бирөө доо кетирсе,
Калыс бол, кайрып туруп оозун жапкын.

Акындын эргүү келген күнү болот,
Калемин кагазына жорголотот.
Жакшы ырды жаратсам деп жадысында,
Уктабай түн жамынып миң толгонот.

Кааласа ыр келгенде бакыт конот
Акынга караңгы да жарык болот.
Жакшы ырлар жүрөктөрдү агартышып,
Жазылып эртеңкиге тарых болот.

## ЖАШОО СҮРТҮМҮ

Түн жамынып кимдер кимге барышты,
Кимдер күтүп, күйгүзүштү жарыкты....
Сүйүү келип, же сүйүүсүн жоготуп,
Ырлар болду жүрөккө от тамызгы.

Кимдер келди... кимдер кетти алыска,
Алды кадам адал оокат табышка.
Бүгүнкүнүн улап изин эртеңдер,
Бүтпөйт күрөш жашоодогу жарышта.

Кимдер келди жаңы үмүттү жамына,
Кандай тагдыр энчиленет багына.
Шүгүр кылмак жакшы дейли адамга,
Алтын башы аман асыл жанына.

Ким эңсебейт бактылуудай жүргөнүн,
Кубулжуган куштун тыңшап үндөрүн.
Жашооң өтөр шамал менен жарышып
Түш көргөндөй түн терметкен күндөрүң.

## АДАЛ ЖАНЫН АЛМАШТЫРЫП АРАМГА

*(Москвадагы террактга)*

Жакшы тилек менен төрөп баланы,
Жаман тура бала ойлонсо талааны.
Тогуз айы толгоо тарткан эненин,
Үмүт оту жанбай өчүп калабы?





Эне төрөйт ак тилекте баланы,
Ар тараптуу болсо экен деп талабы.
Курал алса эс-акылын жыялбай,
Кудай уруп, эстен танып калабы?

Эне төрөйт таланттуу да баланы,
Ал талантын барктап колго алабы?
Аман-эсен эр жеткенге келгенде,
Адам канын «аш» деп ичип калабы?

Эне төрөйт бир наристе баланы,
Сүйүнчүдөн кубандырып араны.
Тажик жаран улутка доо келтирип,
Кара кийим башка чүмбөт жабабы?

Каапыр болду эне сүтүн актабай,
Ата-энесинин атын булгап башкадай.
Адал жанын алмаштырып арамга,
Өлүк болду бейиш төрдү аттабай.

Тажиктердин байрагынан кан учту,
Бетин боёп, беткап кийип алып бу...
Бүт тажикти жаман эл деп айталбайм,
Мигрантка жаман атты жамынтты.

Убал жок ал уу жыланга чактырса,
Жыланҗайлак тикен зымга бастырса.
Өмүр менен кош айтышкан шейиттер,
Тирүү жандай арбактары каткырса.

## АЙ АСТЫНАН ЖЫЛДЫЗ КӨР

Кыргызстан-ыйык мекен, куттуу төр,
Кутман элим Ай астынан Жылдыз көр.
Аман болсун, жамандыктан сактасын,
Ала -Тообуз тиреп турган асман-жер.

Мекен үчүн кызмат өтөп чек менен,
Чыгаандар көп элде аты өчпөгөн.
Жаны жаннат жатса дагы бейиште,
Улам жаңы муундары эстеген.

Өтөр-кетер өмүрдү эрте-кеч билбе,
Карматпай күн эрте жүрбө, тез жүрбө.
Зарылсаң да тил албастан убакыт,
Заман учат жарышкандай мезгилге.

Бул заман да бир кезекте тарыхта,
Өз күндөрү жазылаары анык да.
Канча бийлик оодарылып алмашты,
Калыс болор чындык жагын жазышса..

## БҮГҮН ЖААДЫ АППАК КАР

Ак карда тазарып, из таптагансыйм,
Аруулап жан дүйнөм наз каптагансыйм.
Канча жыл канча карды басып койдум,
Бүгүн да бир тепкичти аттагансыйм.

Жааган кар конок болуп кайда барды,
Ким менен кошо басып сапар алды.





Кыш ызгаар, асманынан кар сампарлап,
Күздүн да жалбырагын басып калды.

Чагылып аппак кардын берметтери,
Ийилип бак-шактардын келбеттери.
Каткырып кубалашып, чана сүйрөп,
Оюндан чыккан балдар тердеп кобу...

Аяз да сайма сайып келиштире
Айнекти таң каласын көрүп, күлө...
Абайлап басып баары жол четинен,
Ак килем төшөлгөндөй жер үстүнө.

Ак арга аппак таң да кооздоп сыртты,
Адамдар жылуу тонун кийип чыкты.
Тондун да желди искеп этек-жеңи
Делбирейт сагынгандай ызгаар кышты.

## ТАШ ЖАТАТ КЕБЕЛБЕГЕН

Таш жатат кебелбеген... күндө көрөм.
Аттиң ай тилиң болсо сүйлөйт элең.
Жамгырда... ак карда да чатырың жок,
Мендей бир асанкайгы ким дейт элең.

Сага ким «таш" деген ат берген дейсиң,
Тепсе да териңдиктен термелбейсиң.
Кылымдап жашайсың ээ сырың катып,
Жактырып жаратылыш келгендейсиң.

Ыргытып койсо деле, таарынбайсың,
Чакмактай, туяк тийсе чагылбайсың.

## АЙ АСТЫНАН ЖЫЛДЫЗ КӨР

Кыргызстан-ыйык мекен, куттуу төр,
Кутман элим Ай астынан Жылдыз көр.
Аман болсун, жамандыктан сактасын,
Ала -Тообуз тиреп турган асман-жер.

Мекен үчүн кызмат өтөп чек менен,
Чыгаандар көп элде аты өчпөгөн.
Жаны жаннат жатса дагы бейиште,
Улам жаңы муундары эстеген.

Өтөр-кетер өмүрдү эрте-кеч билбе,
Карматпай күн эрте жүрбө, тез жүрбө.
Зарылсаң да тил албастан убакыт,
Заман учат жарышкандай мезгилге.

Бул заман да бир кезекте тарыхта,
Өз күндөрү жазылаары анык да.
Канча бийлик оодарылып алмашты,
Калыс болор чындык жагын жазышса..

## БҮГҮН ЖААДЫ АППАК КАР

Ак карда тазарып, из таптагансыйм,
Аруулап жан дүйнөм наз каптагансыйм.
Канча жыл канча карды басып койдум,
Бүгүн да бир тепкичти аттагансыйм.

Жааган кар конок болуп кайда барды,
Ким менен кошо басып сапар алды.





Кыш ызгаар, асманынан кар сампарлап,
Күздүн да жалбырагын басып калды.

Чагылып аппак кардын берметтери,
Ийилип бак-шактардын келбеттери.
Каткырып кубалашып, чана сүйрөп,
Оюндан чыккан балдар тердеп кобу...

Аяз да сайма сайып келиштире
Айнекти таң каласын көрүп, күлө...
Абайлап басып баары жол четинен,
Ак килем төшөлгөндөй жер үстүнө.

Ак арга аппак таң да коoздоп сыртты,
Адамдар жылуу тонун кийип чыкты.
Тондун да желди искеп этек-жеңи
Делбирейт сагынгандай ызгаар кышты.

## ТАШ ЖАТАТ КЕБЕЛБЕГЕН

Таш жатат кебелбеген... күндө көрөм.
Аттиң ай тилиң болсо сүйлөйт элең.
Жамгырда... ак карда да чатырың жок,
Мендей бир асанкайгы ким дейт элең.

Сага ким «таш" деген ат берген дейсиң,
Тепсе да териңдиктен термелбейсиң.
Кылымдап жашайсың ээ сырың катып,
Жактырып жаратылыш келгендейсиң.

Ыргытып койсо деле, таарынбайсың,
Чакмактай, туяк тийсе чагылбайсың.

Аптаптуу ысыкка же суук күнгө,
Жүдөбөй тердеп... үшүп багынбайсың.

Жалпайып, одур-бодур сепкил болуп,
Беттериң чегерилип такка толуп.
Баардыгы өтүп кетет көңүл бурбай,
Эч кимдин карап койбойт боору ооруп.

Бирок да ага муктаж эмессиң сен,
Бизге аны аңдап билүү керектир эң.
Адамдар сендей болсо гана аттиң,
Сыр катып табиятка терең сиңген.

## САЛТ ЭМЕС БЕШИК АТТАГАН

Арча бешик наристеге аталган,
Терметкенде бейпил уктап жата алган.
Арча жыгач усталардын колунан,
Аздектелип мык кагылбай жасалган.

Бешиктеги бала жатса кыналып,
Эне бөлөгөндө бешик-ыр агып.
Уулбу, кызбы жакшы тилек оронуп,
Турат дайым төрдүн көркүн чыгарып.

Салт кылууга сайран кылып башкача,
Жаңылышат бешикти ким аттаса.
Жол бербейли жаштар улап кеткенге,
Сактап наркты мурункудай таптаза.

Көргөнүмдө жокмун такыр жактырган,
Кандай жорук кемпирлерди мас кылган.





Бала жаткан ырыскылуу бешикти,
Байбиче эмес аттап өтүп, салт кылган.

Ажы эмес айга барып келсе да,
Аруулугун даңазалап берсе да.
„Чечен айнып заңын жейт"- деп уккамын,
Чындык сөзгө чычалабай көнсө а!

„Бир кумалак бир карын май чиритет»,
Элдин наркын эсиргендер иритет.
Бешик аттап, бейадепке баргандар,
Бетин элге кантип ачып жүрүшөт?!

## АРУУЛУКТУН АТЫН СҮЙДҮМ-БИЛГЕНИМ

Сыйлык үчүн ыр жазайын дебедим,
Бир учурда билип турам керегин.
Суроо салса төлөйбү акы деп бирөө,
Бир бозоруп, бир кызарып келемин!

Эптеп эле китеп жазам дебедим,
Китебимдин билип турам керегин.
Окурманым оюн айтса жакшы кеп,
Сыйлыкты мен өзүмө-өзүм беремин.

Каражатың барбы, жокпу ким санайт,
Көп ичинде бир кишисиң, ким карайт,
Колдоо берип кор кылбаска китебин,
Акын байкуш ырларына пааналайт.

Асыл ойлор акыл-эске таянып,
Акын сырдуу жан жагына каранып.

Жаңылышпай жазайынчы жакшы дейт,
Чачын сууга чайкагандай таранып.

Акынмын деп көктү карап күлбөдүм,
Жарабаган жансыз өмүр сүрбөдүм.
Көйнөктөр бар көркөмүңө жарашкан,
Керексизин керип-чоюп кийбедим.

Болбос ишке кээде кейип кирдедим,
Бой көтөрүп, босогодон кирбедим.
Акын журттун чертип алып эшигин,
Аруулуктун атын сүйдүм-билгеним.

## МААНАЙЫМ ЖОК ОЛТУРАМ

Майрам болгон Союз учур дүңгүрөп,
Кимдер өттү, кимдер кайда, ким жүрөт?!
Эртең майрам парад болот барам деп,
Уктай албай бири-бирин жүргүн деп...

Шаңдуу чыгып абазы кооз үндөрү,
Аппак көйнөк форма кийип жүргөнү.
Байрак кармап келе жатса кылкылдап,
Биз көрбөгөн жаңылыктай күндөгү.

Биринчи май эмгекчи эл күнү деп,
Тогузунда Жеңиш күндү белгилеп.
Жер жапжашыл, гүлгө ончу көктөмдө,
Бүгүн ал кез кимге кандай сезилет.

Мен майрамда маанайым жок олтурам,
Жүр деген жок кимге барып кошулам.





Барсам деле ошондогу майрам жок,
Көөдөнүмдү эмне менен толтурам.

Мурда жакшы, азыр жаман дебедим,
Эркиндик бар өлкөбүздө дегеним.
Өткөн мезгил тарых болуп каректе,
Унуталбайм, эстеп жаза беремин.

## ТАР АДАМ

Тар адам басып сүйлөйт,
Асманга асып сүйлөйт.
Башкадан башкамын деп,
Жер жакка сасып үйлөйт.

Атаанчыл амал издейт,
Жамбаштан чалып тиштейт.
Даай албай турса дагы,
Даанышман болуп күчтөйт.

Өзүнчө теңине албай,
Жашоого бериле албай,
Издеген жамандыгын
Бирөөгө жаба салмай.

Адатка айланыптыр
Үстүнөн түшө калмай.
Акылым жетиштүү деп
Акынды теңине албай.

Жакшыга жанашам деп,
Каш кагып карашам деп,

Оорунсуз оюу менен,
Жарашпайт жамасаң кеп.

Баркымды баалашам деп,
Сайдан кум санашам деп.
Сайылып калаарына
ишенбей талашам деп.

Мактанып сүйлөй берип,
Ай, күнгө канат керип,
Ааламды көрө албаган,
Кыйратат нени жеңип?!.

Болбосту болтурам деп,
Боткону толтурам деп.
Бой таштап босогодон,
Төрдү ээлеп олтурам деп...

Ой жетип, колу жетпей,
Өтүкчөн сууну кечмей!
Жаман ой, ичи тар бар,
Жакшыны жакын сезбей.

Араба коштоп алып,
Жаштарды топтоп алып.
Башкарып баш аламан,
Баштарын отко салып...

Сүйлөтпөй сөзүн кагып.
Жаттарга жагалданып.
Жарабас кыял менен,
Жакшыга ичи тарып.





Өзүңдү шер деп билбе,
Өтүгүң төргө илбе.
Бир күнү согуласың,
Жообун берген күнгө.

Азыр го оолугасың,
Акыры соолугасың.
Көздөрүң чоң ачылып,
Акыл-эс жол уласын!

## БАЛДАРЫМА АРНАДЫМ

Дилгирленем жакшы ырларды жазаарга,
Китеп сезим булагы көз ачаарга,
Чон максаттар кыялыңды жетелеп,
Кошот тура замандаштык катарга.

Чоң акын журт жакка даай албадым,
Бирок сырдуу калемимди кармадым..
Кудай берген шыбагадай кабылдап,
Ата Журтка келет ырлар арнагым..

Өмүрдөгү түшүмү мол күздөмүн
Жазда, жайда калды далай издерим...
Ырыскымдай төрүмө өтүп төрт сабы,
Ырлардан да бакытымды издедим.

Канча өмүр бар, качан-кантип келгемин,
Күрөштөрдөн көп жеңилип, жеңгемин.
Китебимди мендей көрүп балдарым,
Бийик койсо мен да бийик жердемин.

Бирок билбейм канча өмүрдүн калганын,
Баары айтышат бул дүйнөнүн жалганын...
Сагынганда баракташаар китебим,
Жазганымды балдарыма арнадым.

## КЫРСЫК ЧАЛДЫ

Кокусунан кырсык чыгып, дүрбөлөң,
Балдар ыйлап, кыйкырышкан үн менен.
Калды баары көз ирмемде суроолуу,
Калпыстыкты кылды дешип ким деген...

Кээде кетет айдоочудан каталык,
Жол эреже менен турса таза нук.
Кайдыгерлик кансыратып какшатты,
Наристеде эмне күнөө, не жазык.

Алты саны аман жүрүп балдардын,
Болбосо экен энелерде арман, муң.
Алтын, күмүш койсо дагы алдына,
Ден соолукка арзыбастай калгандыр.

Жаратканым жардам берип колдосун,
Аманчылык жамандыкты оңдосун,
Жаш-карылар жүрсүн дейли жалпы эсен,
Жашообузда кайдыгерлик болбосун.





## ТИЛЕГИМ

Аппак карлуу Ала-Тоодо булут калкып күн жүрөт,
Жаркыраган, жай мезгилин кимдер баалап ким сүйөт.
Ай жарыгы он беш болсо, караңгысы да он беш,
Жакшылыктан үмүттөнүп күдөөр үзбөй ким жүрөт!

Кадырыңды билген өз бар, эл ичинде бирөөсүң,
Кадам шилтеп максаттарга, катарында жүрөсүң.
Кайгы-капаң жашырынып кабак-каштын астында,
Сыр билгизбей ууртуңдагы уячаңдан күлөсүң.

Жаңылыштык жаш чакта көп, капыс тайып аласың,
Мокоп аттын такасындай аксап жолдо каласың.
Кайдыгерлик капас коюп, карааныңды ээрчисе,
Кутулуунун жолу барбы, кайдан издеп табасың.

Адамдар бар арасында ар тараптуу жакшылар,
Тартынбастан таланттуусун, акылдуусун таанып ал.
Эки келбес бир жаралган ушул кыска өмүрдө,
Ыйман менен ырыскыңдын шыбагасын баарын ал.

Пенделер бар көркү окшош, пейли башка жаралган,
Орус, кытай, казакпы же өзүнчө улут саналган.
Эгер барып жашап калсаң ушул катар өлкөгө,
Сүйлөгөнгө туура келет тилин мурун саламдан.

Аскар тоодой жөлөк болуп элибизге жигиттер,
Колдорунан келип турсун тоодой болгон миң иштер.
Кыздарыбыз Айчүрөктөй апабыздын жолунда,
Кыйын кезде акыл кошуп, акталсын көп үмүттөр.

Кыргызымдын уулдары бийик болуп жылдыздан,
Ыйман берип кыздарыбыз жолун таап турмуштан.
Жүрөгүмдө элим-жерим өссүн деген тилегим,
Бакыт берип, бар тараптан өнүксө экен Кыргызстан!

## МОСКВАНЫН БИР ТҮНҮ

*(Польшадан баламды күткөн күн)*

Бүгүнкү күн маанайым жок олтурам,
Кимге айтып көңүлүмдү толтурам.
Уйкум качып онтогон бир оорум жок,
Тарамышым тартып турат кол, буттан.

Балам менин башымдагы шам чырак,
Келээр күнүн күттүм эле мен чыдап.
Чек аранын чечимине баш ийип,
„Сэма лицей» салып койду жип тузак.

Европа түз байланыш боло албай,
Студентик күбөлүк да каралбай...
Согуш, шайлоо учурга туш келбесе,
Калбайт беле мындай жагдай жаралбай.

Документке шылтоо кылып баламы,
Баштан аяк кагаздарын карады.
Варшаванын мөөрү турат кара деп,
Мамилеси жоктугуна санады.

Учурашып беттен сүйүп өбүшпөй,
Калдык эле эки жылдай көрүшпөй.





Ал, Польшада, Ош шаарында мен жашап,
Көпкө жүрдүм, сагынуудан көнүшпөй.

Кайра кайтты туулуп, өскөн жерине,
Учурашып ага-тууган элине.
Дуба кылдым башың аман болсун деп,
Сабыр сактап, кубат бердим демине.

## КАТАРЫНДА БОЛДУМ ЖАКШЫ ТАРАПТЫН

Китеп жаздым өз атымды тааныттым,
Эргүү менен өмүрүмдү карыттым!
Айга чыктым, араладым тоо ташты,
Убакытты уттурбастан жарыштым.

Китеп жаздым үмүт отун жандырдым,
Тагдыр берген табылгамды бар кылдым.
Ырлар менен канат күүлөп жай, кышта,
Сезбей калдым канча өткөнүн ай, жылдын.

Алдым сыйлык баракчасын казактын,
Катарында болдум жакшы тараптын.
Сыноолордон сынбасын деп ырларым,
Ар бир сабын, аспиеттеп караттым.

Көркү болгон ажарланган өңүмдүн,
Ыр саптардан мончок болуп төгүлдүм.
Бирде үйүмдө куттай болуп балдарга,
Билбей калдым өргө өскөнүн өмүрдүн.

## МЕН САЛАМГА КАРЫЗМЫН

Мен сиз менен бир саламга карызмын,
Жооп жазбадым, неге көөнүм тарыттым?..
Жоктоп издеп койгонуңуз керемет,
Жолдор эми күткөн сымал зарыктым.

Мен жөн гана эл ичинде бирөөмүн,
Күлүп койсо мен да кошо күлөмүн.
Жакшылыгым милдет кылбайм бирөөгө
Баарыңарга таза менин жүрөгүм.

Төрт кыз үчүн ойлонупсуз, айтып баа,
Курбуңузду бийик коюп ашыкча.
Калсын өчүп шыбыраган ушактар,
Ордун билбегендер жетпейт бакытка.

Алайкуунун шамалынан түртүлгөн,
Копол сүйлөп, ич тардыкта күрсүнгөн.
Жардан алыс ыргыткандай көрдүм мен,
Жаман кебин жүрөктөргө сүртүлгөн.

Көрүнгөнгө көчө таптап айтыптыр,
Жакшылыктар жаман болуп кайтыптыр.
Иштеше албайм алар мага жакпайт деп,
Үчөөбүздү арзан гана сатыптыр.

Унутканбы кечеги өткөн күндөрүн,
Орто жолдо калып осол жүргөнүн.
Тагдыр деген баарын коёт ордуна,
Татыксыздык тардык экен билгеним.





## ӨЧҮРБӨ ӨЗҮҢДӨГҮ ТАБИЯТТЫ

Мамилең мите куртка айланганда,
Жакшы сөз арам жипке байланганда.
Жасаган жакшылыкты бетке басат,
Тууганың душман болуп шайланганда...

Темирдей тартип үйдө болбогондо,
Жагымсыз жат көрүнүш орногондо.
Жабыркап, жараланып жүрөк калмак,
Жараткан чындык менен колдогондо.

Бир тууган бир-бирине саламдашпай,
Түндүгү жакын туруп кадам баспай.
Бир ата, бир энеден төрөлүшүп,
Калган бар жашоосунда аралашпай.

Жалганды жарып өтүп чындык жеңет,
Адамдык ар намысың арыш керет.
Өчүрбө өзүңдөгү табиятты,
Өлбөстүр адал эмгек, кылган мээнет.

## ЖӨНӨКӨЙЛҮК

Бир пенденин өмүрү бар өзүндө,
Бир пенденин көңүлү бар сөзүндө.
Бешенеңе бейиш болуп жандаган,
Ал - ата-энең тирүү турган кезинде

Бир пери бар суусун сунуп кандырган,
Коломтоңо от күйгүзүп жандырган.

Сапар жүрсөң жол азыгың белендеп,
Ат жалына казан астырып турган.

Бир пенденин атагы бар, даңкы бар,
Бир пенденин жөнөкөйлүк баркы бар.
Сын - сыпаты, сыйды берген калкына,
Бир пенденин бийик турган наркы бар.

Бир пенденин бактысы бар башында,
Буйруп койгон таалайыңа жашында.
Эстүү болсо улап келет бактыңды
Эр жигитсиң этек жакка жашынба.

## ӨЗ КЫЗЫҢА ӨГӨЙ БОЛУП

*(Текебер атага)*

Сен атасың ата атын танбагын,
Кур намыска кудук казып албагын.
Ордун билген оюу терең атанын,
Бала улайт өмүрүнүн аржагын.

Уулду тепкен кесир, кийин азабы,
Ушул кылык тарбияга тазабы.
Жаш жүрөгүн жабыркатсаң балаңын,
Кудай каарып, бир күн берет жазаңы.

Эрте туруп Айт намазга бардыңбы,
Элди көрүп ыйман сабак алдыңбы?
Же тыялбай ошол күнү напсиңди,
Арам оокат аракка бут салдыңбы?





Бара жатып тушалдыбы буттарың,
Өткөн- кеткен өмүрдү эстеп, бүт баарын...
Же ойготуп кейиттиңби көңүлүн,
Капарга албай бала бейпил уктаарын.

Бир кем дүйнө балага зар адам бар,
Кол, бутунан ажырашат бир жандар.
Кечээки эле ырыскыңа тообо кыл,
Сага окшогон акылсызга бул сабал.

Аял сага Алла берген аманат,
Аманатка кылбай жүргүн кыянат,
Өкүнүшөт кызын берген ата-эне
Эң акыры чыгарбасаң тыянак.

Кыз чоңойттум той берем деп сүйүндү,
Жакшылыкка жан аянбай түрүндү.
Суук тилдеп, темир колуң сунганда,
Душман болуп турганыңа күйүндү.

Ата болуп ак көйнөктү кийгизбей,...
Кыз узаттың тууган-урук киргизбей...
Өгөй болсо өөндөп туруп калышмак,
Өз кызыңа аталыгың билгизбей.

Жалгыз кызың бактысына багынып,
Кайын - журттан урмат сыйды тагынып.
Чыгып кетти аяз кыштын күнүндө.
Тайенесинин ак батасын жамынып.

Көрө албаган жандар болду көмүскө,
Каректери, туман басып көрүшкө.

Жүзүндөгү топтоп алган күйүтүн,
Билбей турду кайда барып төгүшкө.

Апасына көмөктөшкөн киши жок,
Уулдары жаш, акыл азуу тиши жок.
Кайрып турду каапыр болуп атасы,
Арман ошо - ак той менен иши жок.

## АК САРАЙЫҢ КУТ БОЛСУН

Куттуу болсун насип этсин баарысын,
Жакшылыка сапар алган жарышың.
Ата-эненин аруу колун узартып,
Бекем болду тарбиялуу намысың.

Ак сарайга аруу тилек кут берди,
Кубанышып урук-тууган бүт келди.
Тартуулаптыр таалайыңа ырыскы,
Аткарганга чоң максаттуу иштерди.

Жаратканым берген болсун өмүрдү,
Каалоо-тилек, жамгыр болуп төгүлдү.
Эшик-төргө наристелер көбөйүп,
Шаң толтурган күлкү болсун көңүлдүү.

Үйдүн куту, төрдүн көркү өзүңсүң,
Күндүн нуру күндө сага көрүнсүң.
Ар бир аткан таңда келип ырыскы,
Бешенеңе насип буюруп бөлүнсүн.





## УШАК АЙТЫП ТААНЫЛАТ

Аңдынып айтамын деп сөздү токуп,
Тоок сымал тандабастан жерди чокуп.
Актанып, ыксыз айткан сөзүн билбейт,
Түнөгүн таба албаган куштай чочуп...

Айткан сөз таасир этпейт кээ бир жанга,
Айланып калганга окшоп жандык малга.
Ак жолук, аппак калпак кайран гана,
Андайды бура албайсың намыс-арга.

Дос болуп, дос кадырын биле албай,
Жорго минип, жолду тандап жүрө албай.
Көрө албастык көөдөнүндө уюгандан,
Ак көйнөктү аруу таза кийе албай.

Түз барарын билбептир каргыш кимге,
Баштан аяк батыптыр баткак, кирге.
“Хадисте” жамандыкты тилегенге,
Түз барып өзүң кир деп алган тилге.

Кимге кандай сайылат бычак барып,
Адам калса арамга кучакталып...
Узун тили өзүнө уу жуткуруп,
Ичи тарды таанытат ушак жарып...

## АК ЖООЛУГУМ

Жаштык элес... калды алыста жашынган
Ак жоолугум жарашчу эле жашымдан.
Баш көргөзбө аксакалга, уят иш,
– десе апам түшүрбөпмүн башымдан.

Атам молдо селде оронуп башына,
Куран китеп дайым турчу кашында.
Бата алгын, айтканымдан чыкпа деп,
Тарбиялуу сөз жылдырчу жашымда.

Ошондогу кийим бизге жарашчу,
Бойго жеткен кызды баары карашчу.
Армиядан "солдат бала» келди деп,
Ортомчулар сөз жүгүртүп талашчу.

Апа кандай, кыз ошону тартат деп,
Жаман болсо каяшасын айтат деп.
Тилин сунуп тикенектей сойлотуп,
Кесепети кайын-журтка артат деп.

Ыйман менен ырыскыңды тилеген,
Бешенеге эмне жазды билбеген.
Улуу муундун сөзүндө бар уютку,
Эшигин...көр, анан төргө кир деген.

Он сегизден жетимишке таядым,
Тарбиясын алып, терске барбадым.
Кулагыма кумдай куюп акылын,
Балдарымды мен да ошондой кармадым.





## ШҮГҮР ДЕЙЛИ

Күндөн күнгө алсыратып чарчаткан,
Кандай күч бар бутту тушап аксаткан.
Аба жетпей, алы кетип денеңдин,
Карылыкта уйку качып, атпайт таң.

Жайда ысытып, кышы ызгаар күн өткөн,
Кача албайсың турмуш деген күрөштөн.
Жаңгак болуп чагыласың өмүрдө,
Жабыркайсың өпкө, бөйрөк, жүрөктөн.

Жаштыгыңдай жалындайбай, жел арбай,
Жадакалса тамак тандап... жей албай.
Ах, кайран жан карылыкка жетиптир,
Кайра кайрып он сегизге келе албай.

Тоо таянып торгой үнүн угалбай,
Жаш чагыңдай так секирип чыгалбай.
Кыял кетет ай-ааламды кыдырып,
Олтурасың, ой - санааңды жыялбай.

Балалыктын баалуулугун эскерип,
Жаштык кезди сагынган бул кез келип.
Карылыктын кармап алып таягын,
Шүгүр дейли турганга эки көз көрүп!

## КӨӨДӨН ЖАРГАН КӨЙГӨЙЛӨР

Бирөө жүрөт бала жытын сагынып,
Бир Алладан сурап-тилеп зарыгып.
Ойноок мезгил... оюна да келбеген,
Жазып койгон тагдырына таарынып.

Бирөө жүрөт эркин эптеп тыялбай,
Эркек көрсө этек-жеңин жыялбай.
Бойго бүтсө бир жазыксыз наристе,
Кай тарапка жоготоорун билалбай.

Кайран бала кантип , кайда катылат,
Таштандыда бети-башы басылат...
Эгер барса «балдар үйү» тарапка,
Зарыкканга бала болуп сатылат.

Эне жытын, ата жытын сагынат,
Талпынганча тагдырына багынат.
Эне күкүк бала күтпөй улгайса,
Эси кетип, "энеңмин" деп табылат.

Бирөөгө зар, а бирөөгө кор бала,
Буюм эмес таштап койчу жөн гана.
Унуталбайт ошол мүнөт көз ирмем,
Өмүр бою көйгөй болот ал жана...

Жаштарыбыз жакшы жолго баштаса,
Жаңылбаса ыйман менен таптаза.
Урду-берди уйпалабай жашоосун.
Тайгак жолдон тайгаланбай аттаса.





Кыргыз кызы кымбаттыгын түшүнсө,
Курманжандай ар-намысты күтүнсө.
Айчүрөктөй акылы артык жар болуп,
Аруу затын сактап алтын күкүмчө.

Наалат келбей нарктуу апа, атага,
Угуп өссө улуу берген батага.
"Киши акылы-кишен" деген укканга,
Кир жукпасын жүрөккө эмес жакага.

## СӨЗ ТАМЫРЫН ИЗДЕГЕН

*(Акындарга)*

Таң жарып саламыңар кирип келди,
Бүгүнкү бул жашоомо дем күч берди,
Ойгонуп мен өзгөчө кабыл алдым,
Эргитип калемиңди шилте деди.

Ыр менен жылдыздарга жакын сымал,
Издеген сөз тамырын акынсыңар,
Калемдеш болгонума бактылуумун,
Ыр тура жүрөктөгү асыл тумар.

Акын жазат болсо да кайсы заман,
Калем менен өткөндү жакшы жаман.
Ар бир сабы акылга азык болуп,
Айыктырат аруулап жүрөк жараң.

Кереметтүү ырлардын арты бүтпөй,
Касиетке тартылып магниттей.

Акындардын жолунда жүргүм келет,
Арасына чакырган сыйкыр күчтөй.

## КОЛДОП БАТА БЕРЕМИН

Бата берем, ошо болор жөлөгүм,
Өмүр өтсө мен ыраактай беремин.
Келе жаткан келечекти жаштарга,
Билем бейпил заман өтө керегин.

Ырым менен сага кубат беремин,
Ыйман берсе кетеримди көрөмүн.
Бул жашоодо аял, эне, сүйгөн жар,
Билем бейпил турмуш өтө керегин.

Жакшы сөздү айтып бата беремин,
Күнүм бүтөөр, сурабагын себебин.
Билем, улам жаңы ачылган көздөргө,
Ата-эне, ага-тууган керегин.

Колду жайып, колдоп бата беремин,
Кош айтышып, коопсуз жай көрөөрүм.
Мекен-жерден алыс жүргөн жаштарга
Билем, дайым өз өлкөсү керегин.

## КҮНДҮ КАЙДАН САНАДЫК

Бул дүйнөдөн өмүр өтөт бир күнү
Ким болуптур түндүгүнүн түркүгү.
Аманат жан кайтпас жайга кетээрин,
Биле бербейт алаксытат түйшүгү.





Бир пендеге аалам жер да бөскөрбөйт,
Кайып болуп, алыстыкты көз көрбөйт.
Кайда барба кайчылашкан катар жол ,
Кайдыгерлик, дале заман өзгөрбөйт

Шамал менен жарышкандай көрүнсөк,
Шарактап тээп алты бакан селкинчек.
Тоголотуп топташ ойноп жер тырмап,
Ыйлачуубуз кокусунан жеңилсек.

Алыс калды, жылдар курап аралык,
Ар бир өткөн күндү кайдан санадык.
Маңдайыңа жазылганга ишенбей,
Кара жанды камчы менен сабадык.

## УРМАТЫН БИЛ АДАМДЫН

Байкап кара баш этегин талдагын,
Сынын бузуп сыйыртмакты салбагын.
Ала-Тооң бар алыс турат аралык,
“Айды кармап, Күндү минип” албагын!

Ойлоп сүйлө, оодарбагын чарбагын,
Оокатына ойноп ууну салбагын.
Ойлонбостон оролбогун бутуна,
Ойношом деп отко түшүп калбагын.

Кадыры бар каадасын бил адамдын,
Салтты сакта таразала салмагын.
Ээси болот этиш, менен тыбыштын,
Алды-артыңда тааны асыл жан барын.

Тышын эмес, ичин бышык-чаласын,
Байкап баала ар бир адам баласын,
Даанышмандык даремети барларга,
Теңдеше алсаң терең акыл аласың.

## ООДАРЫЛЫП ОН СЕГИЗГЕ БАРАЛЫ

Өткөн күнгө бир сересеп салалы,
Оюн куруп бир кумардан каналы.
Жүрөк туйлап жүргөн күндү элестеп,
Оодарылып он сегизге баралы.

Окуучулук күндөрдү айтып чыгууга,
Коңгуроонун коңур үнүн угууга.
Элес келет, күзгү колдон түшпөгөн,
Кат жөнөтүп кара көздүү сулууга.

Мугалимге канча түйшүк түшүргөм,
Жатжазууда ката кетип үтүрдөн.
Окуучулук күндөрүмдү кусалуу,
Ойлорго оороп элестетем бүтүн мен..

Бала чакты кайдан табам эми мен,
Толкуп эстеп, толкун болуп төгүлөм.
Кайра келбес кайрылбаган жаштыкка,
Жанып калган жип сыяктуу сөгүлөм.

Өлчөм менен бергени чын өмүрдү,
Канча өкүнүп, кээде көңүл чөгүлдү.
Арасында сагынычтуу күндөргө,
Мөлтүрөгөн тунук көз жаш төгүлдү.





## УУЛ ТӨРӨЛДҮ УМАЙ ЭНЕМ КОЛДОСУН

Ойгон дептир, мезгил жетип келиптир,
Сүйүндүрүп мени белек бериптир.
„Уул төрөлдү Умай энем колдо!"- деп,
Кулагыма азан айтып кетиптир.

Жаралыпмын апакемдин канынан,
Азыктанып ууз сүтү-балынан.
Балачакта ээрчип барып тандырга,
Сурачумун жыттуу, ысык нанынан.

Атам жүрчү учкаштырып атына,
Дечү аны: "Балам сенин атың да."
Ээлик кылып, менин атым экен деп,
Асылчуумун колундагы камчыга.

Ак көйнөктү аруу таза кийгизип.
Бойго жеттим көргөн көздү сүйгүзүп.
"-Улакчы бол, намыс алгын балам!", – деп
Көк бөөрүгө аргымакты мингизип.

Таза болот ата-эненин тилеги,
Күчтүү болот темирден да билеги.
Кээде актап, кээде актабай калабыз,
Ошондо да таза бизге жүрөгү.

Барбы адамдын ата-энедей сүйөөрү,
Дайым мага бата тилейт жүйөлүү.
Көзү жокто кургак сөзгө оробой,
Көзү барда урмат кылып жүрөлү.

## ӨМҮР ӨТСӨ

Өмүр бүтсө өксүк күнгө айланып,
Өткөндөн соң жакшы жагың бааланып.
Көзүң көрбөй, кулак укпай жөнөйсүң,
Ажал деген аркан жипке байланып.

Күйүтүңө күндө боздоп чыдабай,
Эне боздойт: "Не жазыгым Кудай ай!..
Көтөрүп сен түндүгүңдү түтөтпөй,
Там тургузуп кышты коюп кынабай."

Жаштар өтсө арман күүсү чертилип,
Жазмышы не, гүлгүнүндө мертинип?..
Оор болот ага-тууган, атага,
Тоо-таш кулап, бөлүнгөндөй кертилип.

Турпак суутуп өтөт жылдар сабалап,
Өткөндөрдү кимдер издеп табалат.
Сабыр канаат берген Кудай пендеге,
Бардык буйрук Алла жактан каралат.

Адам чыдайт алсыраткан кайгыга,
Анткени өлүм бирдей карайт баарына.
Жаш, карыбы, ичээр суусу түгөнсө,
Алып тынат кедейди да, байды да.





## УЛУУ КҮНҮ КАЙРЫЛАМ

Куттук айткан жамаатым бар жанымда,
Саламдашып ар бир аткан таңымда.
Барга-жокко кайыл бирге жүргөндөр,
Бакыт тура тирүүлүктүн барында.

Каалоо айткан акындарга кайрылам,
Жолугууну каалап ырдын айлынан.
Жашоо кызык жакшы адамдар барынан,
Жакшы сөзүн уксам көөнүм жай кылам.

Мен да сага куттук айтып кайрылам,
Чың ден соолук өмүр берсин баарынан.
Ата-энең, туугандар да бар болсун,
Төрдүн көркү, үйдүн куту карыган.

Ала-Тоомдо Айдың көлгө кайрылам,
Ак куу жүрсө күүлөп канат кайрыган.
Көргүм келет табиятын жеримдин,
Жадыраган жашыл жазды, жайды улам.

Ата Журтка оттой-күйүп жанышкан,
Эне Журттун касиетин таанышкан.
Эр Манастын урпагына кайрылам,
Ат жалында тизгин кармап жарышкан.

## КЕЗДЕШҮҮНҮ КҮТҮШҮП

Жазылды го жан эргиткен сагыныч,
Маараке күн шаң-салтанат жаңырып.
Арабызда куудулдар да жок эмес,
Каткырыктар булак болуп агылып.

Маанайыбыз майрам болуп көрүнүп,
Кызып сырлар, кыялдарга чөмүлүп...
Обончулар обон созуп ырдаса,
Асмандагы ак жамгырдай төгүлүп.

Бир жыл өттү ирмеп көздү ачканча,
Күн кылайып чыгып, кайра батканча.
Канча жакшы ак тилектер арналды,
Мактоо айтып орден, медаль такканча.

Шаң күлкүлөр шаар ичинде жаңырып,
Ыңгайсыздык жаралбады, таарынып.
Ар бир айда кездешүүнү күтүшүп,
Самачубуз ошол күндү сагынып.

## ОКШОШТУРДУМ

Бир кезде көздүн жашы эне деген,
Айттырбай агыларын сезгем элем.
Мурас кеп ата-энеден айрылуу да,
Муңайып, көңүл чөгөт деген менен.

Апа! Мен эми оюмду топтоштурдум,
Тушалып кадамдарым токтоптурмун.





Жараткан жанаштырып койду белем,
Көрдүм да бир эжени окшоштурдум .

Сагынган кусалыкка келе түштүм,
Жашоомо чыгара алдым чындык бүтүм.
Эжеге ичим жылып тааныш болуп,
Эргидим, сүрөткө бир жандап түштүм.

Замиракан кут болсун бейне күнүң,
Ай жүзүң ажарланткан майрам бүгүн.
Кыргыздын кызы болуп урматтаган,
Кымбаттуу атың менен аман жүргүн.

## КҮТӨМ ДАГЫ

Коштошпойм орозону күтөм дагы,
Куткөндөй мени короо алма багы.
Жараткан берсе белен ырыскыны,
Өмүрдүн өчпөсө экен жарык шамы.

Күтөмүн орозону күтөм дагы,
Сугарам суу жетпеген өрүк зарды.
Түшүмүн дүйүм кылып берсе экен деп
Караймын асмандагы толгон айды.

Сагынып орозону күтөм дагы,
Самаймын күн шооласын, ак таңдарды.
Көөдөнүм көрүнбөгөн боштук ээлеп,
Ыйманга толо элек дүйнөм жарды.

Күтөмүн күтөм дагы он эки айды,
Күн санап зарыктырат өтпөй сааты.

Адашып жаштыгымда жаңылышкан,
Издеген ыйманымды жолго салды.

## ГУЛ БОЛБОСУН СООЛУГАН

Ооба мен да көп ойлорго кошулам,
Сактасынчы түрдүү-түмөн оорудан.
Жан болбосун жабыркаган жан кыйнап,
Гүл болбосун кургап, тамыр соолуган.

Улуу-кичүү ордубуз бар жашоодо,
Алкыш алыш кыйын болот тандоодо.
Улуулуктун өзүндө чоң сапат бар,
Салтты бузбай сабыр кылам сактоого.

Жаш чагыңда кемчилдигиң көп болот,
Көөдөн жарып туйлап сезим шоктонот.
Айрымаң бар аралыкты багынткан,
Жетик болсо аста жүрүп токтолот.

Айтып көрсөк мурда заман баянын,
Касиеттүү аталардын таягын.
Бир жомокту баяндаган сыяктуу,
Билбейт жаштар таасирдүү сөз аягын.

Азыр мезгил күндөрү көп басып чуу,
Бир-биринин ыйманына чачып суу.
Өмүрдү бир берген үчүн кор кылбай,
Өссүн балдар заманына татыктуу.





## БООРДОШ ЭЛГЕ

*(Хабиб Сыдыктын 70 жаш маарекесине)*

Боордош эл босогодон тосуп алды,
Жүгүнүп таазим кылып башты салды.
Меймандос минайымдык салты менен,
Кенендик кең пейилин ырастады.

Көрөгөч өтө залкар адам экен,
Адамдын адамдыгы Адам менен.
Багытын басып өтүп узун жолун,
Баштаптыр жашында чоң кадам кенен.

Агайга ак жамгырдай жаады сөздөр,
Хабиб деп, жайнап турду канча көздөр.
Куттуктоо айтамын деп жакындары,
Сөз жетпей, бата берди дайым эстээр.

Желбиреп Андижандын байрактары,
Салттуу эл сансыз нуска-санаттары.
Агайды куттукташып, ыр ырдашты,
Сахнаны шаңга бөлөп таланттары.

Өнөрдү өлбөс кылып мезгил келген,
Хабибдей дагы туулуп чыксын элден,
Тарыхта алтын менен жазылаттыр,
Таланттын касиети Кудай берген.

## БИР СОМДУН БИЙИКТИГИ

*(соop ишке)*

Олуттуу оттой сөзүң улуу кылсын,
Оорулуу, армандуу угуп муюп турсун.
Айтылган ар бир кебиң текке кетпей,
Ай, Жылдыз, Аалам...Күн да көңүл бурсун.

Колдогон калың элим аман болсун,
Үй-бүлө берекелүү күндү тоссун.
Баса албай ооруп турган бир жаранды,
Жараткан айыктырып бизге кошсун.

Чамдай бер чакырыкты тез-тез салып,
Бутуң жеткен жерлерге басып барып.
Сом сенин соол ишиң шыпаа берип,
Соо болуп кетсе экен жаткан карып.

Бир сомду бириктирип сурай бергин,
Тыйынды сомго айлантып курай бергин.
Түрүлгөн аркан жипти алыс жакка,
Аянбай асман, жерге чубай бергин.

Колдооңо жаратканып жардам берсин,
Тилектер кабыл болуп элим көрсүн.
Бир сомдон балким байлык куралаттыр,
Ал байлык-ден соолук деп улай келсин.





## КАРЫНБАЙ АТАБЫЗДЫН ТАШЫ

*(Жалпак-Таш айылы )*

Жол оңолсо Курбу-Ташка бармакмын,
Кыялдагы бир оюнду салмакмын.
Акыркы бир коңгуронун үнү деп,
Курбу-Таштын гүлүн терип алмакмын.

Ошол айыл тайыз болуп бөлүнүп,
Томпок таштар койдой болуп көрүнүп.
Чуркачубуз таштан-ташка бекинип,
Ал жаштыкты элестейбиз эми биз.

Кетким келип балалыкка кайрылып,
Кээде кетем бузулганга кайгырып.
„Топор айылым» көрүнчү эле өтө кооз,
Табийгаттан болгон асфальт жайылып.

Төшөлгөн таш, төшөктөрү экен деп,
Ал төшөккө койлор чыгат бекен деп.
Таң калчубуз бир үңкүрдү көргөндө,
Абабызды жутуп кеткен экен деп.

Бала кезде укканбыз да аңызды,
Коркунучтуу, кандайча деп жан учту?!
Ал жомоктун табышмагы жоопсуз,
Андан бери канча жылдар жарышты...

Жалпак-Таш деп атын берген айылга,
Жаштар үчүн бул жазылган тарых да.

«Алдаяр тоо» көмүр кени запаста
Айлыбызга кут төгүлгөн табылга.

Азыр көрсөм ташым калган оюлуп,
Үйлөр турат бир тарапта чоюлуп.
Баары ошол шартка дагы көндү окшойт,
Ырыскысын берип элим тоюнуп.

Мейли дедим топук кылдым заманга.
Эсен болсом бир кайрылып барам да.
Жол оңолуп жорголосо машинам
Эл-жеримди көрүү турат санаамда.

Жакшы максат келечектүү каралса,
Жакшы иштери насип этип жаралса.
Жалпак-Таштын эли байып, өссө дейм,
Амандыктан артыгы жок мага анча.

## ДУБА КЫЛАМ АЛЫСТАН

*(Туугандарыма)*

Желе толгон кулундар тулпар болуп жетилсин,
Ээси болот тулпардын, мырзалар деп бекилсин.
Элди жерди сатпагын, ак сакалды барктагын,
Кызыр сени жылоолоп кыяматтан сактагын.

Тугандарым туу туткан, таза булак суу ичсин,
Элге чачкан эмгекти жети дубан эл билсин.
Түтүндөрүн булатып түгөнбөсүн ырыскың,
Берилген ак баталар жети эшиктен тең кирсин.





Атка жеңил тайга чак, кунан түшкөн жарышка,
„Кызга бергис жубан бар» ал айтылат намыска.
Аргымакты таптагын, көк бөрүнү чабышка,
Намысыңды бекемдеп, бел байлагын барышка.

Эрдик кылсаң жериңе, эсептешпей элиңе.
Берекесин бекитпей чачып кетет төрүңө,
„Эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң»
– деп олуя насаатын, айта жүргүн көбүнө.

Акын жазат ааламды, жакшы менен жаманды,
Көз жүгүртүп көргөнүн чагылдырат заманды.
Чындык байга чырылдайт, кедей үнү угулбайт...
Кыйын кезең сынакта, кимге жарык, караңгы.

Акыйкаттын жолу кууш, айтып келген тарыхтан,
Анткен менен чындыкты көрөт баары жарыктан
Ынтымакты ыроолоп, жакшылыктар жылоолоп,
Ыйман-ырыс берсин деп, дуба кылам алыстан.

## ЫЙЫК КҮН РАМАЗАН

Жакшы күндө кетти деп сүйүнөбүз,
Жаш кетсе жанды сабап күйүнөбүз.
Бул дагы буйрук болуп жазганыдыр,
Өлбөсөк тиргилик деп жүгүрөбүз.

Тирүүлүк жарыкчылык жакшы дейбиз,
Түндүк бөлөк болсо да пейли кеңбиз.
Санybыз он болсо да орду башка,
Бирибизге бирибиз арка белбиз.

Шүгүр деп жаратканга жалыналы,
Ак калпак, ак жоолукту салыналы.
Эскерип элестетип айтып жүрсүн,
Ыйман деген ыйык тумар тагыналы.

## ТООДО ЖҮРӨТ ТОРГОЙ БОЛУП ЫРЛАРЫМ

Турмуш сыноо турду менин кашымда,
Оролушкон ойлор толуп башымда.
Турмуш куруп, түйшүгүнөн кете албай,
Жарды күттүм акыл кошуп акылга.

Ыр жазууга кээде чамам болбоду,
Жумуш бүтпөйт, тирлик байлап, толгоду.
Жүрөгүмдө туйлап бирок эргүүлөр,
Эрте-кечпи жарык күндү болжоду.

Аба жетпей калган өңдүү ырларым,
Буулукканда келип жүрдү ыйлагым.
Шоокум салат наздуу сезим шыбырайт:
"Чыгар бугуң, сен эч кимди туйбагын!"

"Кеч болсо да калем карма!"- деген кеп,
Багыт берди максатыма тереңдеп.
Тоодон, суудан тоскоолу жок өткүн деп,
Көпүрөсүн түздөп койду белендеп.

Уул өстүрдүм улап ата тукумун,
Кызды бактым уясынан учурдум.
Өмүрүмдүн өргөөсүнө таянып,
Өнөр багып саптап турам учугун.





Сылап өткөн сыдырып жел кырларын,
Тоодо жүрөт торгой болуп ырларым.
Жаратылыш жашоом, күнүм, өмүрүм,
Жазсам дагы асман-жердин сырларын!

## ЖУМУШ БҮТПӨЙТ

Таң супасы ак шооладан жаңырып,
Күндүн нуру жер бетине сайылып.
Кечээ кечке бүтпөй калган жумушуң,
Күтүп турат жолуң карап зарыгып.

Таңга кошо иштин багы ачылып,
Каршы-терши буюм жатат чачылып.
Жол баратып жыйып койсоң бир четке,
Колдон өтөр түйшүк өзү ташынып.

Таң агарып жолдун багы ачылып,
Урма-турма машиналар шашылып.
Кайда барат кимдер ишке, тойгобу,
Газды басып жеткирүүгө ашыгып.

Күн да батты тоо бетине жашынып,
Жер тарапка магниттей тартылып.
Жумуш бүтпөйт жумуп көзүң өткөнчө,
Мейличи деп кийинкиге калтырып.

## МУКТАЖДАРГА

*(Салым үчүн)*

Бейпил элди буттан тушап чалганда,
Мээ кайнаткан саратанда калганда.
Ким ойлоптур баткак суугa батам деп,
Бала-чака багайын деп барган да.

Келгин тууган алаканды жаялы,
Кырсык чалып кыйналганды табалы.
Сооп болсун бир тыйының сунсаң да,
Муктаж элге биз жардамга баралы.

Боорукерлер, болгонунча башташты...
Азбы-көппү тыйындарын ташташты.
Чын дилимден ыраазылык айтамын,
Салтуу кыргыз наркtуулугун сакташты.

Бир сом деген сөзүн текке кетирбей,
Текебердик тетирге секирбей.
Колдоп келген өзүн эмес өзгөнү,
Калкыбызда кайырымдуулук бекинбей!

## ЖАШООМУН ТАРАЗАСЫ

Жаш кездеги ак жуумал кыз баягы,
Өңдөн өчүп эки беттин жамалы.
Кээде күлдүм, кээде туруп ыйладым,
Сокку болду турмуштун көп таягы.





Энем байкуш көз алдымда жанагы,
Балдар үчүн жаша деген баяны.
Бактыңы тап, эшик аттап качпа деп,
Таасир берди атамдын төрт сабагы.

Чайпаласың өйдө-төмөн турмушта,
Тамчы болуп тунук көз жаш куюлса.
Мөөрүн баскан ата-энеңдин мыйзамын,
Аткарбасаң өтө оор кылмыш да.

Мына ошентип жашап калдым турмушта,
Көндүм окшойт кайталанган жумушка.
Жеңил ойлоп жеңемин деп жашоому,
Өзүмдү-өзүм түртө албадым кылмышка.

## ЖАМАН ОЙДУ КӨЗДӨБӨ

Көралбастык артыман сөз жөндөбө,
Сырдуу карап жамандыкты көздөбө.
Аста жүрөм көпчүлүктө жай гана,
Терикпеймин тегеретken сөздөргө.

Айланам бош, аалам мага кеп-кенен,
Жакыным бар жандай көрүп эстеген.
Көр пендебиз көрө албаган адамды,
Чындыгым бар, чыйрыктырып теппеген.

Жаралган соң жакшы күндү болжоймун,
Өзгөнү да мен өзүмдөй ойлоймун,
Келечек муун келе жатса өр тартып,
Өнөрлөрүн чын көңүлдөн колдоймун.

Тартпа жолду тайгаланбай барасың,
Таамай сүйлөп тартип жолго саласың.
Аздектегин ар тараптуу ишиңди,
Өнөр менен өз бактыңды табасың.

## ЖҮРӨК АЙТАТ

Жүрөк согот дүк-дүк санап өтөм деп,
Жүрүп- токтоп, селт этпесем экен деп.
Кайгы салган баардык жүктү көтөрүп,
Жүрөк чыдайт ыйман менен бекемдеп.

Өмүр-өлүм ортосунда жүрөм дейт,
Иштеримдин жакшы жагын түрөм дейт.
Мага берген, ачуу-таттуу тагдырды,
Ден соолукта жашап өмүр сүрөм дейт.

Жүрөк айтат сүйсөң мен да сүйөм дейт,
Табы күчтүү жалыныңа күйөм дейт,
Багытын таап бакыт жолго түшпөсөң,
Мен жашоонун баткагында жүрөм дейт.

Бажырайган балдар менин багым дейт,
Маңдайымда өчпөй турган шамым дейт.
Кош жүрөгүм кошо жүрсө өмүрдө,
Коломтодо күйүп турган жалын, – дейт.





## ТАТЫКТУУ ЫРЫМ БАРБЫ

Бир ырды жазып коюп,
Бийикти самабадым,
Билбесем билемин деп
Бир-өңчөй санабадым.

Эки ырды жазып коюп,
Элетти карабадым,
Эскирген ырларымды
Ээси жок санабадым.

Көңүлүм тартса дагы,
Көөнүмө жакса дагы.
Көпчүлүк сынга койдум,
Көрүнүп жатса дагы.

Шам чырак жагыптырмын,
Шашып ыр жазыптырмын.
Ээрчишип калем менен,
Узак жол басыптырмын.

Ойдогу ырым барбы,
Оопасыз дүйнөм жарды.
Керемет ырым барбы,
Келечек... дүйнөм жарды.

Татыктуу ырым барбы,
Табият сырга байбы?
Толгонуп ооруп кетем,
Там-бөлмө, үйүм тарбы?!

Ойлордон ойлор басып,
Олтурам кыял качып.
Баштагы обондор жок,
Кулагым калган катып.

Өсөөрүм калбагандай,
Өйдөлөп барбагандай.
Өкүнүп ооруп кетем,
Өмүрүм чарчагандай.

Ыйманга берилемин,
Ыксызга теригемин.
Болбосту болтура албай,
Бошошуп зеригемин.

Унутуп ыйлаганым,
Чылбырдай чыйраламын.
Бактымдай сезип кетем,
Ырлардын кыйбаганын.

Бар кылып жашоо деми
Байбиче болдум эми.
Жылдарым берген эмгек,
Төрүнө койду мени.

Ырыстуу көрүнөмүн,
Ырларды теминемин.
Балдардын балдарына,
Баары бир жеңилемин.





## КҮНДӨ КӨЙГӨЙ ЖАРАЛАТ

*(Несахар долбооруна)*

Көйгөйлөрдү айта берсек көбөйдү,
Алсыз болуп наристелер төрөлдү.
Тамак-аштын тазалыгын сактабай,
Умарбекке кезешет го сөмөйдү.

Ата-энелер күйгүн өз-өз балаңа,
Айлантпагын айыкпаган жарага.
Таза тамак колуң менен жасап бер,
Кетирбегин мээнетинди талаага.

Күндөн-күнгө кыйын болуп баратат,
Ооруп балдар, онтоо менен таң атат.
Өкүнсөң да кайра ордуна келе албай,
Турмушуңа чоң бир арман жаратат.

Машинаны тоголотот ким кыстап,
Күндө жолдо балдар калат кырсыктап.
Сактанганды сактайм деген Кудайым,
Сабыр сактап, жүрсөк кана тынч уктап.

Байларга не, бечара баш катырат.
Аргасыздык жардамга элди чакырат.
Жарыя көп... чыгар бекен тыянак,
Ойлон элим ойгонгунуң батыраак!

## КОШУЛБА КООГАЛУУ ЧЫРЛАРГА

Арала аалам-жер арасын,
Көшүлүп көктөмгө барасың.
Арасы тикенек зым болсо,
Аруула азаптуу абасын.

Акындар арнаган ыр менен,
Адамдык аялуу сыр менен.
Айтылса алкыштар, ак бата,
Ашасың аскалуу кыр менен.

Тулпардай тууруңда ойногун,
Туяктан чаң чыгып жойлогун.
Жемиштүү ийгилик ишиңе,
Жетем деп эрте-кеч ойлогун.

Оролсоң ооматтуу сыйларга,
Ойгонуп түш менен жыргалга.
Бейиш го, сага да не керек,
Кошулба коогалуу чырларга.

## ОРГУП ЧЫККАН БУЛАКТАЙ

Жыйырмада жиптей назик убагым,
Колдон түшпөй күзгү болуп куралым.
Багыт алып басаар жолго токтобой,
Тойбой сырга толкун жаштык курагым.

Отуз жашым оргуп чыккан булактай,
Жүзүм нурлуу, кызыл өңүм кынаптай.





Ошол жаштык жалындаган учурду,
Берген экен жаратканым суратпай.

Кырк жашымда кыраңга тез жеткемин,
Жандуу турмуш жан талашкан кез дедим.
Терим бошоп өзөгүнө суу жетпей,
Бир азыраак түйшүк билем эзгенин.

Элүү жашта эстүүлүк деп сезээрим,
Өткөн-кеткен кездин таппай эсебин.
Оорун колдон, жерден алып жеңилин,
Балдарыма эркелеген кезегим.

Алтымышта арман кылып каласың ,
Кылган иштен кынтык издеп табасың.
Айткандарың жакпай калат жаштарга,
Кайран жаным кабагыңды саласың.

Жетимиште жер таянып турасың,
Аз тамакты араңдан аш кыласың.
Кымча көйнөк бел мүчөңө жарашпай.
Жаш чагыңдын чачылганын туясың.

Сексен жашта баары бирдей ар тарап,
Сенейесиң, бир сөзүңдү кайталап.
Ушул жашка жетпеген бар, жеткен бар,
Көзүң өтсө болуп кетет салтанат.

## КАРЫЛЫКТЫН КАДЫРЫ

Мезгил жылат бура албайбыз кайтарып,
Кертип кесип мизин артка майтарып.
Оюң күлүк ортолукта жер кезет,
Чарчоолор көп, чач агарып картайып.

Көлгө сүзсөң кайыгыңды айдатып,
Түндү коштоп Айды, Күнгө жандатып.
Жаштык сонун бактан булбул учуруп,
Ырыскыңды ысык суугa кайнатып.

Көйгөйлөрдү, арманыңды байлатып,
Чын өмүрдү чымчык кылып сайратып.
Сезген болсоң сересине гүл өстүр,
Бажырайтып эшик төргө жайнатып.

Тишиң барда тилип ташты чайнагын,
Жүрүп турса тамырыңдан кан-жаның.
Жаш куректын жайнап турган элесин,
Жараштырып сулуулукту кармагын.

Түн киргендей өмүрүңдүн акыры,
Түшүңдө эле угулса да жаз ыры,
Каада-сыйлуу төрдө олтурган карааны,
Кандай сонун карылыктын кадыры.





## ОШ ТАРАПКА КЕЛДИБИ

Оодорылып Ошту каптап кирдиби,
Оолуккан суу ооматы жок жиндиби.
Эми деги күнөөлөйбүз кимди биз,
Жамгыр бөлгөн асманга жин тийдиби?!

Жер энеге капкак керек болдубу,
Болсо аны четке сүрүп койдубу?
Жансыз турган күнөөсү жок заттарды,
Күүлөп барып күлгө айлантып тойдубу?!

„Акыр заман жер бузулат»дечи эле,
Келген окшойт булут коштоп тез эле.
Өткөөл заман, укпаганбыз мындайды
Жамгыр жааса эгин өскөн кез эле.

Аалым айтат... ар тараптуу сөздөрү,
Бейиш жакты көрөбүз дейт көздөрү.
Айылдарда молдолор көп бузуку,
Айткандарын аткарышпайт өздөрү.

Жаратканга жалынабыз биз дагы,
Жарабастыр жаман сөздүн бузмагы.
Ошко чала деген неси бирөөнүн,
Баарыга тең кыйын кезең кысмагы...

## КӨЗДҮ АЧЫП - ЖУМГАНЧА

*(Кара-Кулжадагы кырсык)*

Жаратылыш жанды суурул алабы,
Эмне болду, кимге кандай талабы?
Бир заматта суу ташкыны каптаса,
Наристелер жер алдында калабы?

Кимге коюп, кимге артып күнөөнү,
Ким толуктайт, кеткен бир үй-бүлөнү?!
Апасына учурашып келем деп,
Барган экен байкуштун жок күнөөсү...

Ойлободу суу алдына калаарын,
Көз ачканча кырсык минтип чалаарын.
Жылдан жылга көбөйүүдө каргаша,
Кимге буйруйт кокус ажал табаарын.

Зарыл болсо өйдө-төмөн басасың,
Жанды сабап бала-чака багасың.
Биле бербейт кокустуктун келерин,
Тирүүлүктө турмуш жүгүн артасың.

Оо дүйнөдө жайы болсун жаннаттан,
Периштелер жазмыш менен жайрашкан...
Пенделердин дубалары түз тийип,
Бейиш төрдөн берсин эми ал жактан.





## УЧУРДА КАЙДА КАЧАСЫҢ

Тартабыз дарттын азабын,
Сыздаткан оору жарасын.
Ден соолук тилеп сыйынып,
Алладан сурап дабасын.

Армандуу дарттын азабын,
Ар күнү тартып жатасың.
„Уу» кошуп салды кытайлар
Учурда кайда качасың?

Муңкантып дарттын азабын,
Муңайткан оору-табаарың.
Жебеске айлаң калган жок,
Кытайдын саткан тамагын.

Мурдагы таза азык жок,
Муңканып кимге айтасың?.
Доширак, фанта, кола, сок,
Ууланып кетип жатасың...

Айталбай чыны, жалганын,
Сабыры кетип санаанын,
Самадык бала кездеги,
Ата-эне берген тамагын.

Жардамды сурап кайрылса.
Көз жашын төгүп кайгырса.
Жүрөгүң кетет тилинип,
Жаш бойдон кетип жан кыйса.

Кан жутуп кайгы тартасың,
Кайрылбас жакка кайтасың...
Калкыңды баскан катаны,
Кай жакка барып айтасың?.

Айтканың менен пайда жок,
Кимдерге убал, кимге сооп.
Кыйылса жаны жазыксыз,
Кытайга деги убал жок!

## ТЕКЕБЕРДИК

Аалам сырдуу адамзатты каратат,
Берип жерим берекесин жаратат.
Тээ алыста көк кайыкчан көлөкө,
Нени катып, эмне алып баратат?.

Ырды токуп, ырга жазып келдикпи,
Айлабыз жок айтып, айтпай көрдүкпү...
Ээлеп алган эсеп жеткис байлыкты,
Оор-жеңилин жер көтөрөт дейбизби?

Туура ишке тузак тартып келебиз,
Таамай айтып так сүрөттөп беребиз.
Жетпегенге жети муштум урсаң да,
Угуп көнгөн... текке кетет жемебиз.

Кайран өмүр өлчөмү бар... өтөбүз...
Кош айтышып тирүү күндөн кетебиз.
Тешик бүтөй албас жыйган байлыгың,
Текеберлик тепкенде анан сезебиз.





## БИЛИНБЕЙ ӨМҮР ӨТТҮ

Жазылып китеп болуп ырлар калды,
Айтылып ачуу чындык жокту-барды.
Көөдөндө көлкүп турган эргүүлөрдү,
Ээрчитип нечен акын чыйыр салды.

Жашың да жетимишке таяп калды,
Жер кезип жетеленип бутуң барды.
Күн батып тоо башынан булут жылып,
Карылык каптап сага көзүн салды.

Үстүңдө аппак көйнөк эскирдиби,
Ай батып... таңдар атып, кеч кирдиби?
Аппак жүз аруу таза жаштык курак,
Таарынып ай артына бекиндиби?

Билгизбей өмүр өттү жокту-барды,
Уктабай көз ирмебей канча таңды?.
Табийгат тартуулаган бороон-чапкын,
Кыйын күн кылтак жипти башка салды.

Жазмышың буйруп турса асыл жанды,
Жашоодо көтөрбөскө арган барбы?
Кумга окшоп куюлушкан жылдар менен,
Кубаныч тең көрсөттү армандарды.

## АЙЫЛЫМДЫ САГЫНЫП

Айылымы көрүп секин айланып,
Өзгөрүүлөр көп болуптур таң калып.
Мотурайган балдар жигит болуптур,
Оорулуу жан онтоп коюп, жан багып...

Көчө бойлоп бакка бардым айланып,
Өнүп турган тамырына байланып.
Куштун үнү кулагыма жаңырды,
Сайраганы сагынычтай кайра агып...

Сагындыңбы, келдиңби сен багыңа,
Шүгүр деймин кайда жүрсөң барыңа.
Бактын ээси эртели-кеч келет деп,
Күтөм сени жол караймын дайыма.

Ооба мен да келдим бүгүн сагынып,
Кээде кетем жалгыздыкка таарынып.
Бак өстүргөн... куштар сайрап жүрсүн деп,
Ээси кеткен тагдырына багынып.

Өмүр ченем канча жашты берээрин,
Билбеймин го ажал кандай келээрин.
Жан жаныбар жараткандын колунда,
Жер көгөрүп жамгыр тамчы себээрин.

Ойлор менен сар санаага батамын,
Эргүү келсе калем кармап жазамын.
Түркүк болуп дүнүйөгө келген ким?,
Билем өмүр-өлүм кошо жашаарын.





## ӨТӨТ ӨМҮР ӨР ТАЯНЫП САБАЛАП

Жашоо... аалам аралыгы бир тамчы,
Ошол сырдын касиетин карачы?.
Жанып турган жан дүйнөңүн азыгын,
Тузун, балын, шекерин да сен татчы.

Кабагыңды түйбөй бийик карачы?,
Бүркөө бекен, ачыкпы асман арасы,
Кадыр билер, көңүл жибиир сөз менен,
Каптап турган сур булутту таратчы?.

Телегейдин тегиздиги байкалып,
Көк шибердин бети желге жайкалып.
Батып барат өмүр сымал ай дагы,
Кол жетпеген бакытка окшоп чайпалып.

Ойгоно албай оодарылып бир тарап,
Жүргөн болсоң тушүңдө бак аралап.
Уйку-соонун ортосундай жүгүрүп,
Өтөт өмүр өр таянып сабалап.

## КЫРСЫК КЫЙДЫ ӨМҮРҮН

*(Буйуртма)*

Кантем азыр сынып өмүр... сынып таң?,
Узатууга ак кепиндеп туруштан?
Бешенеме жазса, боздоп жүрөгүм,
Кантип кетем, кандай келем жумуштан?!..

Бет алдымда Ала-Тоому кулатты,
Өнүп турган бай терегим сулатты.
Жакшы тилек менен өмүр сүрчү элем,
Тал чыбыктай тамырымы кууратты.

Сен барында чарчаганым төгүндөй,
Жүрөгүм жаш, бүтүн болчу сөгүлбөй.
Короо-жайым жайнап турчу гүл өнүп,
Ырыскым да, толо болчу төгүлбөй.

Кырсык чалды кымбат өмүр сүрө албай,
Кыйып бычкан, кызыл көйнөк кийе албай.
Кылдай күнөөм, кыңыр ишим жок эле,
Башым катты жаңылганым биле албай.

Шордуу атаң жанын турат кыялбай,
Апаң боздоп, көздөн жашын тыялбай.
Ботомай деп боздотпосун пендени,
Айла кетип ачык көргө кире албай.

Аппак жакка той көйнөктү кийбедиң,
Аруу, таза арзып кызды сүйбөдүң.
Кут төгүлгөн куттуу менин төрүмө,
Кыйма көкүл кыз жетелеп кирбедиң.

Армандарым ат көтөргүс жүк болду,
Өлүм-өмүр айырмасыз жуп болду.
Медер туткан жалгызымдан айрылып,
Жашоо мага ар бир сааты суз болду.

Дуба кылам бейиш бакта жүрөрсүң,
Аймалаган бала жытын сүйөрсүң.





Жаратканга наалыш кылбай жүрөйүн,
Чын жашоону ошол жактан күтөөрсүң.

## ТАРЫХ БЕТТЕ ТАТТЫБҮБҮ

*(Сынакка)*

Таттуу жанга ысым берип Таттуу деп,
Баскан жолу жалаң күлкү шаттуу деп.
Жан дүйнөсү уюп турган талантка,
Жакшы тилек айтуу дагы салттуу кеп.

Төрт тарабы төп келишкен көркөмү,
Жайнап турчу бажырайган көздөрү.
Аз өмүрдө бирге түтүн булаткан,
Бакыт берип жолдошунун өз деми.

Ошол кезде болгон чыгаар ойлору,
Көп жигиттер өз сүйүүсүн болжоду.
Турна моюн турпатына тан берип,
Карап өтчүү жолоочу да жолдогу.

Кызыл алма турду колдо сыр катып,
Сүймөнкулдун эт-жүрөгүн туйлатып.
Бирге жүргөн актёрлор да бактылуу,
Сулуу жүзү менен талант сыйлатып.

Периштедей эрте көзгө көрүндү,
Отуз беште гүлү жерге төгүлдү.
Бир уул, бир кыз урпактары улап жол,
Ошолорго, берсин кошуп өмүрдү.

Көрө албастык көкүрөккө чаптыбы?,
Тар дүйнөкор атын пулга саттыбы?.
Жаш өмүрдүн жалын чогун өчүрүп.
Табасына тамчы таамып жаттыбы?.

Өмүр кыска булут каптап тунарып,
Аттиң ажал азаптуу бир күн алып.
Калың элдин кабыргасын кайырып,
Жатып калды жер жазданып буралып.

Көзү жайнап жүзү турду сүрөттө,
Кайгы тартып кан жутту го мүнөттө.
Кайгы тартып кан жутту го мүнөттө.
Ыраа көрбөй бир тууганы Нурканбек,
Канжар сайып алгансыды жүрөккө.

Өлгөн менен кошо жатып өлө албай,
Же жүрөгүн ага сууруп бере албай.
Турпак суутуп өтүп барат бир кылым,
Эстеп коюп жүрөт дале көнө албай.

Күчкө салып ажал жакка түрткөндөр,
Беткап кийип бетин боёп сүрткөндөр.
Бейиш бакта жүргөн болсо гүл терип,
Көрүп калар тозок отко түшкөндөр.

Таттыбүбү бир жазыксыз жан эле,
Сулуу жүзү кирсиз аппак кар эле.
Ажал тапты көралбастын колунан,
Биз жаш убак укканыбыз бар эле.





# АРТЫҢДА АТЫҢ КАЛДЫ

*(Дооронбек Садырбаевке)*

Эне сүтү таңдайында тамчылап,
Жетишпестик жетимдикке жан чыдап.
Убакытты уютуптур жүрөккө,
Уттурбаптыр, урма-турма камчылап.

„Махабатты дастан» кылып “Кайран эл”!
Саясаттан сасып кеткен пенделер...
Чындыкты айтып тик тургузган аларды,
Моюнга алган, айласыздан эмне дээр.

Ээй, туугандар ээрчип кайда барасың?,
Билип туруп бирикпеген чаласын.
Башка тартсаң жетпей турат бутуңа,
Этегиңди эмне менен жабасың?.

Жигитикке жик түшүрбөй оңдогон,
Жанды сабап жакшы жагын колдогон.
Туюп туруп баткак жолду туура эмес,
Багыт айтып акыйкатка жолдогон.

Наам буруптур көзүң өткөн кезиңе,
Желаргыдай жетээр бекен өзүңө.
Эскеришип ага-тууган, карындаш,
Каканактап жаш кылгырды көзүнө.

Музей үйүң өзүң барда түптөлүп,
Кийимдериң иреттелип бүктөлүп.

Талант өнөр өз элиңде сакталып,
Эл эскерет жазгандарды бүт көрүп,

Сүрөттөрүң сүйлөгөндөй күүлөнүп,
Дубал беттен ыргычудай сүйлөнүп...
Жакшы атыңды улантышып урпактар
Жаштар өссүн жакшы жолуң үйрөнүп.

## ТАЛАНТТУУЛАР БААРЫ СЕНИН БАЛДАРЫҢ

*(Рыспай Абдыкадыров)*

Жер бар беле Кара -Кулжа жериндей,
Көл бар бекен Кулун-Ата көлүндөй.
Ошол жерден туулуп өскөн Рыспай,
Ырыскысы кесе толуп төгүлбөй.

Ырда Рыспай созолонтуп добуш сал,
Аккардион, төрдө турган комузду ал.
Сагынышты ага-тууган, эл-жериң,
Жада калса өсүп турган кайың, тал.

Кызыл-Булак сенин ата-конушуң,
Апаң байкуш угуп сенин добушуң.
Ошол дүйнө бирге жүрсөң бейиште,
Уксун атаң жүрөгүңдүн согушун.

Из калтырдың, бирок болду арманың,
Жетелеген ордуң басар балбаның
болбой калды. Аттиң арман, бирок да,
Таланттуулар баары сенин балдарың.





## КОШ ЧЫГААН

*(Чыңгыз Айтматов менен Алыкул Осмоновго)*

Жакшылардын изин басуу, жаштар үчүн чоң белек,
Залкарлардын жолу тарых, талантка ким теңелет.
Дүйшөн менен Алтынайдын тар заманда тагдырын,
Кайдыгерлик мансап турган укуктарын тебелеп.

Чыңгыз кайда? Москва, Париж, Лондондо деп ырында,
– тамаша-чын Байдылда акын туура айтыптыр
чынында.
Ата-Журтту оорубасын, мен ооруйм деп Алыкул,
Кош чыгаандар жашай берет, кылымдардан-кылымга.

Ошол мезгил катаал шарттар, кысып күрөө тамырды,
Көйгөй болуп кедейлерге, канжар болуп сайылды.
Алыкулдун ыры чачып жүрөктөргө жарыгын,
Чыңгыз даңкы кыргызымдан бүт дүйнөгө жайылды.

Чыңгыз менен Алыкулдай дүңгүрөгөн жан барбы,
Эргүү менен ыр жаратсам, андан кубат аламбы.
Мен да өзүмдүн ой чабытым, келди белем баалагым,
Ыр дүйнөнүн агымында, кыдырамын ааламды.

Кош чыгаандын жазганынан таасир алып кубанам,
Колумдагы калем, кагаз чакыргандай бир аалам.
Керемettүү ойлор келип, кең дүйнөгө карайм да,
Аруу таңдар ыр сунушуп, көздөрүмө нур алам.

## МУҢАЙЫШТЫ АК КУУЛАР ДА КӨЛДӨГҮ

*(Чыңгыз Айтматовго)*

Өнөрдөн өлбөс кылып жолду салды,
Дүйнөнү дүңгүрөтүп оттой жанды.
Чыңгыздай уулу чыккан улуу эл деп,
Канча өлкө кыргыз элин таанып калды.

„Правда» гезитинен тушоо кесип,
Дүйнөлүк адабият менен өсүп...
Жазганы тоодой бийик, көлдөй терең,
Ааламга Чыңгыз деген аты жетип.

Калемди Кудай берген эч бир сынгыс,
Кагазга жазгандары накта турмуш,
Улуулук үчүн дүйнө таазим этип,
Улуттун жүзү болду биздин Чыңгыз.

Бир өмүр адам үчүн кыска десең...
Жашоого түркүк болгон ким бар экен?!
Карабай ким экенин алып тынган,
Өлүмдүн пейли кара, эң тар экен.

Кеткенде бул ааламдан жүрөк өйүп,
Кылкылдап узатышты бүт эл кейип.
Муңайып көлдө сүзгөн аккуулар да
Жаннаттай жайы болду «Ата бейит»!





## УЛУУ ИНСАН

*(Султан Ибраимовко)*

Бүгүнкүгө из калтырган аганын,
Элесине таазим этип карадым...
Кокусунан ажал түрткөн зөөкүрдү
Колум жетсе ташка алмакмын караанын.

Чүй боорунда Алчалуунун кулуну,
Кыргыз үчүн туулгандай чыныгы.
Билим менен бийиктикти багынтып
Эл деп кызматы кылып, билбей тыныгуу.

Султандардай Султан деген атындай,
Эң жөнөкөй, элге жаны жакындай.
Мээнет кылган эмгекчилди көтөрүп,
Мекен үчүн бир жаралган асылдай.

Билип турган бир көз караш, бир кептен,
Бир кишиби, миң кишиби сүрдөткөн.
Кыргызстан түндүк менен түштүгү,
Кайсы тармак болсо дагы гүлдөткөн.

Биз ушундай баатырларды барктайлы,
Эскерели, атын айтып даңктайлы.
Эртеңдерге үлгү болсун жаштарга,
Тарых кылып табериктей сактайлы.

## ГАПАР АЙТИЕВ

*(Көп кырдуу инсан)*

Киндик каны Кара-Сууда тамган деп,
Залкар атын сыймык кылып калган кеп.
Кыл калеми тарткан сүрөт жандуудай,
Залкар талант, эмгек калды андан көп.

Тарткан канча сүрөттөрү жаркырап,
Көп өлкөнүн музейлеринде турат.
Бүт дүйнөнү кыдырыптыр Айтиев,
Талантына миллиондор тартылат.

Өнөрүнө өзгөнү да каратты,
Кыргыз атын бүт дүйнөгө таратты.
Кереметтүү табиятын ажайып,
Кыл калемден өчпөс кылып жаратты.

Кыялданам, карап тарткан сүрөтүн,
Кайсы жагын окшоштурдум бирөөсүн.
Каш, кирпигин, кабагынан караган,
Таптым кыргыз пейилиндей мүнөзүн.

Бир сүрөттү карап, көрдүм жакында,
Ак боз атчан, ак калпагы башында,
Бир топ жаштар нени сүйлөп жатты экен,
Гапар ага отургандай кашында.

Деген өндүү: "Жетимишке карадым,
Билем сүрөт менден узак каларын.





Боёк менен бердим турмуш сүрөтүн
Барктап жаштар, барбы сактап алаарың?"

Ырас ал чын, кылымдарды санабай,
Залкар аты калат Гапар агадай.
Даңазалайт улам келген муундар,
Мезгил, доор өткөнүнө карабай.

## КУБУЛЖУП КУШТУН ҮНҮ

Тоолордо куштар сайрап үн алышат,
Асманда канат күүлөп кыналышат.
Дирилдеп жалбырактар үн коштосо,
Жуп болуп ак булутка жылып учат.

Тоо жактан көп угамын торгой үнүн,
Толкундай сермеп учуп бири-бирин.
Кол жаңсап коюу дарак беттен сылап,
Не деген кубулуш дейм ушул күнүм.

Толкундап мына ошондой кереметке,
Топ куштар учкан кезде келем эске.
Шилтенбей, кадам баспай тушаламын,
Таң калып жарабастан эмне дешке.

Ала-Тоо кызыл-тазыл гүлгө оролуп,
Ак, кызыл көпөлөктөр учуп-конуп.
Жанымдай жарык дүйнө көз алдымда,
Өстүм мен табиятка жакын болуп.

## КЕЛГИН КУШТАР

Канаттуулар кайкып учуп кайтышат,
Бир-бирине катарлашып арты сак.
Көкүрөктү эрке желге жиретип,
Көз жетпеген булуттуу жол эң узак.

Канаттарын кайрып алган каркыра,
Жаз айланып кайтпай калды артына.
Ар өлкөнүн айырмалуу суугу бар,
Көнөөр бекен башка жердин шартына.

Быйыл кыштын башкачараак мээрими,
Келгин куштун керемети демиби.
Аксап калды аянычтуу жаныбар,
Капысынан катарынан кемиди.

Кайда жок дейм кемибеген тагдырлар,
Кур эместир андан адам аттуулар.
Келе бербейт ойлогондун бардыгы,
Бул турмушта ачылбаган аз сырлар.

## ӨТӨ КЕРЕК КИЙИКТЕРГЕ БИЙИК ЖЕР

Бийик тоолор, аба таза, суу тунук,
Таштар аппак асман ачык туптунук.
Дарактардын шуулдашы шамалга,
Тамырынан үзүлчүдөй жулкунуп.

Болбосо экен табийгаттын кырсыгы,
Дарак кулап тамырынан сөгүлүп.





Жаңы турмуш босогосу












Москва кайрык коомдук бирикмесинин түзүлгөн күнүнүн он жылдык маарекелү майрамын белгилөө учурда.










Кыргыз эл жазуучусу, «Манас орденинин кавалери» Меңди Мамазаирова «кылымдын залкаары» төш белгисин тапшыруу учуру.



Кайрыктар казынасынын жетекчиси Багыт Шериевич «Мыкты калемгер» төш белгини тапшырган учур.



Ош шаарында «Кыргыз өзбек» университетинин мугалимдери менен конференция жыйынында




Аталарды Эскерүү кечесинде Мэрия жаштар комитеттери менен биргеликте иш чаарада.



**Кенже уулум Толкунбек Полша өлкөсүндө студент «университет Вистула» окуу жайда билимин улантууда.**





Бүтөлсө экен бүтпөй жаткан жыртыгы,
Быйыл деле былтыркыдай көрүнүп.

Кээде кырсык каш кабакты карабай,
Жан жаныбар шоокум салат баладай.
Өмүрүндө унутулгус кез болот,
Ойрондолуп эч нерсеге жарабай.

Чалды-куйду мурда мындай жүрбөгөн,
Карап жандай түк эч нерсе билбеген,
Топурашып өйдө-төмөн чуркашат,
Тоо-топ караан бара жатат ким менен?..

Тоого чыгып паска түшөт кийиктер,
Алар үчүн өтө керек бийик жер.
Мерген аткан октон өлүп, күн бүтсө,
Ай талаада чирип кетет жиликтер.

Абайлачы айланайын мергендер,
Баарыбызга бирдей көзгө көргөн жер.
Жаратылыш жабыркаса каргышы оор,
Тыйылсынчы ок атууга келгендер.

Артта калсын акырындап түш өңдүү,
Кийиктерди коргойлучу киши өңдүү.
Жаратылыш катаал жооп бербесин,
Салбайлычы жаныбарга кишенди.

## ЖАЙЛООДО

Булут каптап төктү жамгыр нөшөрлөп,
Жер алдынан чыгып чөптөр өнөт деп.
Эрке гүлдөр ыргалышса жел келип,
Кумурсканын үйүн суулар көмөт деп.

Калың булут кара жоолук байланды,
Жол бузулуп, чоң арыкка айланды.
Суу отунду каптап кетти ным кылып,
От тутанбай кетирет го айламды.

Желедеги кулун болбойт тутканга,
Тыбырчылап бээнин үнүн укканда.
Көк дөбөт да короо жакты кайтарып,
Үрүп чыгат үркөр жылдыз чыкканда.

Жылтылдашып жаап өткөн нөшөрдөн,
Бажырайып кыраңка гүл төшөлгөн.
Кылактаса желге боюн ыргалтып,
Кыздарымдын чачына окшоп беш өргөн.

## ЖАЙЛООДО БАСКАН ИЗДЕРИМ

Торгойлор тоодо үн салып,
Күкүктөр күндө күү чалып.
Таң керимселге ойгонум,
Ыргагы кетет кыр ашып.

Мезгилдер мерчем тараза,
Мээлүүн жел жүрүп таң атса.





Жайлоонун көркү ошондо,
Жаштыгың менен жанашса.

Тоо-ташты басты жаштыгым,
Билбедим өмүр аздыгын.
Гүлдөрүн искеп жыпардай,
Ошол кез экен мастыгым.

Түз жерде эптеп басалбай,
Бут көнгөн зорго такалбай.
Боорунан аккан булактан,
Челектеп ташып бакандай.

Уй менен торпок үндөшүп,
Алгандай экөө сүйлөшүп.
Жарышып төмөн чуркаса
Жиптерин кетет сүйрөшүп.

Мал - жандык кетет чачылып,
Асманга чаңды сапырып.
Жылкылар кетет кыр жакка,
Жылга да чаңга басылып.

Кымыз, май оңой келбесин,
Мээнетсиз бекер бербесин.
Жайлоого чыккан түшүнөт,
Жабыркап жаның тердешин.

Күн менен кошо турасың,
Булутту колго тутасың
Жайлоонун таза абасын,
Таң менен кошо жутасың.

Жаш чагың өтөт жай менен,
Жашайсың кошо мал менен.
Өмүрүң жылат билинбей,
Өр тарткан айлуу таң менен.

Жадабай жашап жүрөсүң,
Жаш жакта ойноп-күлөсүң.
Жашоодо келген сыноону,
Өзгөртпөй өмүр сүрөсүң,

Баалабай бала кезиңди,
Барк албай башка сезимди.
Жаш чагың өтөт токтобой,
Өткөрөт аста кечиңди.

Тоо-ташка баскан изиңди,
Сүйлөгөн таттуу тилиңди.
Өмүргө кайрып келе албай.
Кеткени даана билинди.

Сүйүүнүн ширин таттуусу,
Жумшагы, дагы катуусу.
Мен үчүн тагдыр буюрган,
Сыноого чыдап жакшыртуу.

„Жигиттин пири Шаймерден»
Ызаттап туруп чай берген.
Ызатын билген бүлөгө,
Ырыскың деп нан берген.

Өкүнбөйм сүйүү сезимге,
Жанашып жүргөн кезимде.





Уул-кызды таптым мончоктой,
Жайлоонун таза жеринде.

Балдарым басты изимди,
Неберем чуркап жүгүрдү.
Төрүндө ичип чайларын,
Бактылуу күнүм билинди.

Ыр жазып талант таптадым,
Ырымда төгүн айтпадым.
Жакшылар менен жанашып,
Сыйымды бекем сактадым.

Карылык мага чек эмес,
Сексен жаш мага көп эмес.
Ыйманым менен жол тартсам,
Ошол күн мага кеп эмес.

Токсон жаш мага чек эмес.
Толгонуп турчу жер эмес.
Топ жашты берсе жараткан,
Талашчу жайым төр эмес.

Балдардан турпак буюрса,
Ызааттап көп эл жыйылса...
Урпагым жоктоп артыман
Мончоктоп көз жаш куюлса.

Ыйманы менен кетти деп,
Намазга көп эл турушса.
Ошондон өткөн бакыт жок,
Курандан чепти курушса.

## АППАК КАРГА БАСАЙЫН

Эл катары мен да кышты көрөйүн,
Аяз, суукка көңүлүмдү бөлөйүн.
Узун-кыска жолдо бара жатабыз,
Чын өмүргө чыдап башты жөлөйүн.

Насип кылса карды шилтеп басайын,
Эргүү келсе тизип ырды жазайын.
Алыс-жакын, айыл, шаарда жашашат,
Толуктайын бир пенденин катарын.

Жаай берсин, жаай берсин аппак кар,
Кар жамынып төрөлүшөт жаш муундар.
Ошол бөбөк кыргызымдын жараны,
Өмүрүнө-өмүр берсин барабар...

Муздак аба желпип өтсө чачымды,
Белгиси го, көтөрчү деп башыңды.
Улутуң бар урматтагын дегенсип,
Улам келип атап турат атымды.

Жел шыбырап билген өңдүү чынымды,
Жаза бер деп жайда-кышта ырыңды.
Ансайын мен калемимди кармалап,
Айткым келет ак кагазга сырымды.





## ЖАЛГЫЗ ДАРАК

Эрте турдум терезени карадым,
Көрдүм күндө көргөн дарак караанын.
Ал да балким мени карап тургансыйт,
Чакыргансып карап жан жак тарабым.

Көктү карап чексиздикти көргөндөй,
Жалгыз тагдыр ага кокус келгендей.
Кусалуудай күтүп турат бирөөнү,
Ошол бир жан ага жашоо бергендей.

Суу жүргүзүп эгер бирөө экпесе,
Аба, суудан азык алып көктөсө.
Отургузган чырпыгында бирөөнү,
Көрсөм го дейт көздөн учуп эстесе.

Жашайт дарак терезенин түбүндө,
Көрөм жазда, жайда, кышта, күзүндө.
Көлөкөсүн бир жамынып уктасам
Көрөйүн дейм келбес ээсин түшүмдө.

## СЕЛ КАПТАСА

Омуроолоп топту жарган күлүктөй.
Оодарылып ташты каптап чүлүктөй.
Буттан тайган буудан жылкы сыяктуу,
Нугун бузуп кайсыл жакка барат ээй.

Айбаты күч, атырылат кай жакка,
Шамал жетпейт, шатырата каптаса.

Арыстандай айбатынан сүрдөнүп,
Карбаластап карайм аккан таш жакка.

Аалам, жерди шамал менен суу бузат,
Дарактар да тамыр үзүп куудурап.
Жер силкинип, чартылдаса чагылган,
Бир коркунуч жүрөктөрдү шуу кысат.

Тамдар көчүп жер алдына тумчугат,
Тоо-таш кумга айланышып шыркырап...
Өзүн кыйын сезип жүргөн пенделер,
Өкүмүнө табияттын буркурап...

Ошон үчүн көп эсирбей адамдар,
Кечирсин деп жаратылыш жазандан...
Алды жакка ыйман менен умтулсак,
Адилеттик менен басып кадамдар.

## УУСУ БААЛУУ ЖЫЛАНДЫН

Жылан десе көрүп калсак чочуйбуз,
Денебизди үркүтүп бир кокуйбуз...
Табиятта жаралган ал жаныбар,
Суук карап, не бир сөздү... токуйбуз.

Терилери, баалуу турат угабыз,
Уусу менен дарыланып турабыз.
Жаман көрүп күнөөсү жок немени,
Жанчыш үчүн таш көтөрүп урабыз.

Азыктанат жылан менен бир өлкө,
Турмушу бар окшобогон бөлөккө.





Жылан жылды айталычы жакшы деп,
Дарегине түшүрбөйлү көлөкө.

Жылан жылды, жакшылыктын жылы деп,
Атайлычы, болбой элде чыры көп.
Түшкө кирсе кенч дешет го айтымда,
Өңүбүздө сыйлайлы анын, сыры көп...

Медицинада символдуу аталып,
Уусу дары түмөн-түркүн жасалып,
Уруп, жанчып, жаман көрүп жыланды,
Адамдардан кетпесинчи каталык.

## ӨМҮР-КҮРӨШ

Көктөмдөн гүлдүү чөпкө аралашып,
Коктудан чочуп кетип кийик качып.
Башында бир-бирине жакын өсүп,
Мүйүзү бир ажайып кооз тартып.

Жай мезгил жашыл толкун өкүм сүрөт,
Баратса улар, кийик бетти жиреп.
Түнөгү түптүү дарак, топ арчадан,
Адашып кала берет жетимсиреп.

Тор жайып тополондоп жырткыч жүрөт,
Ал дагы жакын жерге жатып түнөп.
Чапчыса бир кийикти жетип алып,
Оозу кан... жан кейитет ушул сүрөт.

Бул өзү саналбаса дагы кылмыш,
Жаралган өмүр күрөш токтоп тургус.

Жашоонун мыйзамы ушул тура чиркин,
Жем болуп бир-бирине жандуу турмуш.

## ТУРПАГЫНА СЫЙЫНГЫН

Тоолор турат, төрт мезгилге кенебейт,
Топурашып сен тарапка жөнөбөйт.
Сен ким элең, ким болсоң да баары бир,
Катар өткөн күндү тосуп жөлөбөйт.

Тоо-ташыңдын турпагына сыйынгын,
Атыр жыттуу абасына жылынгын.
Келээр күндүн кетээри бар кош айтып,
Доорун сүрүп, суусун ичпей кылымдын.

Кара булут шамал менен жарышып,
Сүрүп барып бир-бирине жабышып.
Табияттын табышмактуу күчү бар,
Шагырашып таштар ташка кагышып.

Тынчтык болсун, изи түшпөй куюндун,
Кереги жок кайгы берген ыйыңдын.
Туулуп өсүп, өлгөндө да кучактаар,
Тууган жердин турпагына сыйынгын.

## ЖАРАТЫЛЫШ ЖАН ШЕРИК

Жаратылыш жарлыгында турат жер,
Ыргалат чөп, көкүлүнөн сылап жел.
Жер бетинде кыбыраган жандар бүт,
Тукум улайт келечектен үмүткөр.





Өрүк гүлдөп жерге гүлүн төгүптүр,
Мөмөлөрүн ар бир шакка бөлүптүр.
Өткөн жылы жерге түшкөн данектер,
Чарт жарылып, бүчүрүнөн өнүптүр.

Мекен жолу баштап өтүп айылдан,
Мейкин талаа жашыл килем жайылган.
Ала-Тоонун кереметтүү көркүнө,
Асман ачык атыр жытка чайынган.

Кыргыз басып жолдун узун-кыскасын,
Кармап келген кылымдардын туткасын.
Түндүгүбүз бийик турсун түбөлүк,
Сактайлы улут, элдин салттуу нускасын.

## КҮЗ БЕРЕКЕСИ

Төгөрөктү төрт сап ырга батырып,
Жайды өткөрүп, күздү күтүп чакырып.
Жалбырактар килем болуп төшөлдү,
Кышта калар кар алдында басылып..

Берекесин берди түшүм төгүшүп,
Терип алдык ырыскыны бөлүшүп.
Кыштын камын жайда көрдүк шүгүр деп.
Адал эмгек, бешене тер төгүшүп.

Казан-казан салат жасап жатабыз,
Өлчөп-өлчөп, банкаларга басабыз.
Бөбөктөрдүн курсактарын тойгузуп,
Кыштын күнү, бейпил уктап жатабыз.

Мезгил дайым боло бербейт бип-бирдей,
Жашоо келет эртеңинен түңүлбөй.
Ойду ойлосоң, кээде турмуш жеңээрин,
Билип туруп, муштум болуп түйүлбөй.

Булут каптап, бүркөө тартып кабагы,
Гүл да турат, ачылалбай чанагы.
Төрт сап ырга төгөрөктү батырдым,
Бул айтканым төрт мезгилдин баяны.

## ТУУЛГАН КҮН СҮЙҮНҮЧТҮҮ КҮН БОЛОТ

*(КР Президенти Садыр Жапаровго)*

Туулган күн-сүйүнүчтүү күн болот,
Эне жытын эркин сезип ойгонот.
Тирүүлүктү тиреп турган ааламга,
Бир жаралып, май оозанган оң болот.

Жок дүйнөгө жомок болуп чөкпөгөн,
Бар учурдун баасын алып эп менен.
Асыл ойлуу акыл менен башкарып,
Ажообуз бар эл ырысын төкпөгөн.

Отурганды тургузалбай кыйналды,
Чар тарап жеп... чачылганы жыйналды.
Эгиздердей калктын уулу эки дос,
Эли сыйлагандан артык сый барбы!

Ишке ашырды изги жолду жоготпой,
Душмандардын көзүндө огун тоготпой.





Арачыга алты таяк деп туруп,
Элдин нанын элге берди коротпой.

Кыргыз өсүп, кыйындардан келсин кеп,
Кылымдардын бай тарыхы көрсүн деп.
Айткым келет ак тилекти энедей,
Ажобуздун амандыгын берсин деп.

## ЭЖЕМЕ

*(КР эл акыны, «Манас» орденинин, «Даңк» медалынын ээси, жазуучу, драматург Меңди Мамазаировага)*

Тайбаң эже, таза жолдо калыстан,
Тепкич бийик, сизге жетпейт жарышкан.
Узун элдин учу угуп даңкыңыз,
Эжем, сизди талантыңыз тааныткан.

Тестиер кыз... терип жолду басыпсыз,
Туулган жердин тузун, балын татыпсыз.
Теле жылдыз “Азаттыкта”, “Айдай кыз”,
„Аппак аял”, “Жаңгак гүлүн» жазыпсыз.

„Коңур жазда» жыпар жыттуу айылда,
Кол жеткирип болуптурсуз бай ырга,
Адабият айдыңынан жарк этип,
Айланыпсыз аруу, улуу айымга.

Чоң окууну бүтүп борбор калаадан,
Өнөр тартып, эргүү ашып санаадан.
Аппак тилек, максаттарды артынып,
Андан канча жылдар өттү арадан.

Өмүрлүккө сүйүп, сизге батынган,
Уул-кыз көрүп гулдөй болуп ачылган.
Дал көрөөрдө жакшы жашоо кызыгын,
Айрылдыңыз асыл Жолон акындан.

Турмуш кандай татаал берип ар сынак,
Бирде ачуу, бирде таттуу бал сунат.
Көптү көрүп, көптү жеңген күбөсү-
Көкүрөктө "Манас" орден жаркырап.

Жашоо күрөш, көп жагынан жеңесиз,
Талант күчтөп тайгаланбай келесиз.
Өзүңдү да, өзгөнү да баалашты,
Билип жүр деп бийик насаат бересиз.

Акыйкат сөз, мактоо эмес сырым бул,
Сиз жашайсыз саптарында ырымдын.
Элдин эрке кызы болуп кымбаттуу,
Эжем, сизге жашын берсин кылымдын!

## БИР ӨМҮРГӨ СҮТТӨЙ АППАК ЖАШАПСЫЗ

Эне болуп эркелеген баланын,
Эгин болуп көркүн ачкан талаанын.
Ийип турган тамчы сүттөй желинде,
Ырыскысы толуп турган «сабаанын».

Жайнап турган жылдыз сымал жамалың,
Жанган жалгыз, жары болуп аганын.
Сеңселишип шамал менен күү чалып,
Жапырт өскөн даны болуп талаанын.





Меңди деген, атыңызга калайык,
Сугун артып, көзү канбай карашып.
Өмүр берип эжекедей болсок деп,
Дуба кылып жан жагына каранып.

Бир өмүргө, сүттөй аппак жашапсыз,
Эки талант эгиз өскөн баладай
Бүгүн жазган катын алган сыяктуу,
Кол тамгасын түбөлүккө сактапсыз.

Чокту кармап, кан жутупсуз карайлай,
Бул тагдырга эч бир айла табалбай.
Бүркөө тартып, күнүңүз да түн болуп,
Бир заматта жер огунан айланбай.
Бирок жылдар жыла берди байланбай.

## ЭР ЭМГЕГИН ЭЛ БААЛАЙТ

*(Адилбаев Жумалыга)*

Жаш кезинен баёо сезим жан эле,
Эрке өсссө да эс-акылы бар эле.
Турмуш жолун жары менен бир басып,
Меймандостук мартчылыгы шар эле.

Эки жакшы бир тагдырга жараштьі,
Эл ичинде чындык жагын самашты.
Кадыр таап жети дубан калкынан,
Билим-илим өсчү жагын карашты.

Элим деди, жерим деди жатпады,
Эмгеги артып Ош-Фрунзе каттады.
„Улуу элдин уулдарын» окутуп,
Өмүрүнүн бир үзүмүн сарптады.

„Эр эмгегин эл баалайт» дейт - сөз алды,
Атын эстеп, урпактары бата алды..
Ысмын берип татыктуу жай тандалып,
Адилбаев Жумалы деп аталды.

Жакшы адамдын изи калат элине,
Киндик каны тамган тууган жерине.
Баркын билип, жүрөгүнөн берилип
Жүргөндөрдүн дем кошулсун демине.

Улай берсем учу кептин түгөнбөйт,
Өмүр өлчөм, мезгил өзү жүгөндөйт.
Өтсө дагы алыс калып аралык,
Кечеги күн бүгүнкүнү түгөлдөйт.

## БЕЙНЕ

*Илязга*

Жаш курак жалын оту жанган убак,
Чынжырдай чиркелишип убап-чубап.
Дух менен көкөлөтүп көтөрдүң сен
Бейнесин топ акындын топтоп курап.

Жаш чактан кадамыңды туура басып,
Сыр кылып сыйлыгыңды ичке катып.





Жамалың жылдыз болуп жана берсин,
Талантың турсун даайым топту жарып.

Ырыскың ыйман менен жетелешип,
Мага да бер деген көп, келе берип.
Кызыккан кыз-келиндин арманы бол,
Бүркүттөй сүрүң менен канат керип.

Аруулук таза жүрөк согуп турсун,
Өмүрүң өзөн суудай толуп турсун .
Калкыңдын кадырлаган уулу болуп,
Айтылган ак тилекке жолуктурсун.

## НЕБЕРЕМДИН ЖҮРӨГҮ

*Урпакка*

Неберемдин жүрөгүндөй жүрөк болсо,
Уктаса бейпил кенен түнөк болсо.
Бөбөк үчүн ата-энеси керемет жан,
Бетинен сылап, сыйпап сүйүп койсо.

Кутүүдөн ата-энесин чарчабаган,
Алар үчүн мээрими таркабаган.
Үйдөгү, барды жокту чыгашаны,
Ойлонбой эч нерсени байкабаган.

Кийимдердин жыртыгын кие берет,
Кирдесе эч капарсыз жүрө берет,
Курсагы тойгонуна сүйүнөт да,
Жашоодо таза өмүрдү сүрө берет.

Ооруса бир заматта онтоп калат,
Мурдунан суу куюлуп тынбай агат.
Жакыны жандай көргөн, ишенгени-
Апасын айга теңеп күтөт самап.

Неберем көп уул-кыздан оорубаса,
Жаман түш жаман жакка жорубаса.
Тилегин Алла берип чоң энеси,
Бой жетсе, жаман тагдыр тоорубаса.

## СОНЯГА РАКМАТ

*(Классташ курбума)*

Салам айтам сагынганда досторго,
Бүгүн буйруп жолуктуруп койгонго.
Кадырлашып жолугушуп туралы,
Убактыбыз кенен учур болгондо.

Турмуш жолу бирде бакыт, бирде арман,
Колду байлап жарык дүйнө бул жалган.
Тирүүлүктө сыйлашалы досторум,
Бул өмүргө түркүк болуп ким калган.

Бул жашоодо таза өмүр тандайлы,
Жакшы адамды жанаштырып жандайлы.
Бириктирген Соняга ыракмат,
Өмүрүнүн узактыгын каалайлы.

Тар көчөдө, тайгак бетте баратсам,
Тагдыр берсе бешенемди мага айткан.





Өзүңөргө менин сыйым арналаар,
Жакшы тилек-жарым ырыс жаратсам.

Тоодой бийик бар болсунчу баркыбыз,
Жигиттердин жары болуп, салтыбыз.
Уул - үйлөп эне болдук, кыз берип
Эми болсун аксакалдык наркыбыз.

## УЛАНТЫП АТА ЖОЛУН

*Уулум Бектурсунга*

Жаралып жарык дүйнөнү да көрдүң,
Сен бизге жакшы үмүттү алып келдиң,
Баа жеткис, бактылуулук жандап сени,
Намыстуу уулу болгун ата-энеңдин..

Жетилдиң өрүн көрүп өмүрүңдүң,
Бир кылым жакшы жашап өмүр сүргүн,
Ооруба алтын башың аман болсун,
Балдарың өсүп, өзүң эсен жүргүн.

Атаңдын алдың бийик тарбиясын,
Окудуң кол тамгалуу насаат катын.
Сактап кал каны менен өткөн сага,
Чынчылдык мүнөзү бар табиятын.

Өзүң да өтүп жылдар ата болдуң,
Жүрөгүң сүйүнүчкө балкып толдуң.
Туу тутуп туулган жердин топурагын,
Узартып баратасың ата жолун.

Кор кылбай короо-жайга ээ болушун,
Атаң да тилечү эле сен болушуң.
Тилегим сен атанын уулу болуп,
Өрүшүн өстүрө бер кең конушун.

## КАДЫРЫҢЫЗ МОЙНУМДА

*Апама*

Мен өзүмдү апа ордуңа койдум да,
Бардай сездим бакыт, мээрим койнунда.
Жетимишке, же сексенге чыксам да
Кадыр баркың дайым менин мойнумда.

Эгер адам өлбөс болуп жаралса,
Өлсө деле, көмбөс жагы каралса.
Сагынышсак турар элек көрүшүп,
Экөөбүз тең өлбөй турган адамча..

Эсимдесиң тишиң бүтүн кашкайып,
Уячаңызууртуңуздан баш багып.
Келип-кетип конок үйдөн үзүлбөй,
Турар элең кабак түйбөй каш кагып.

Сен жокто апа үйдө от муздап өччү эле,
Күн көрүнбөй, мөндүр төгүп өтчү эле.
Сен келгенде үй ичибиз жап-жарык,
Жытыңыздан жыпар толуп кетчү эле.





## ЖЭЭН БОЛУП ЖЕТИЛГЕН

*Жээнбек иниме*

Сен төрөлүп тага журттун төрүндө,
Жээн, Бек деген атты алсак көңүлгө.
Кайда жүрсөң эсен болгун алтыным,
Эч убакта үч журтуңдан бөлүнбө.

Жээнге тартат шыбагасын тагасы,
Атын алат тизгин тартып баласы.
„Жээн келгенче жети бөрү келсин»деп,
Кыргызда бар абалтан салт-саасы.

Сени менен сүйүү кошо төрөлгөн,
Шерик болуп ак никеңе бөлөнгөн.
Жубайың бар жумшак мүнөз жакшына,
Түгөнбөсүн түптүү турмуш көрөнгөң.

Акын деген наамың сенин өзгөчө,
Сүйүү ырлар адашпасын бөлөккө.
Ал да сүйсүн, сен да сүйгүн түбөлүк
Эч бирөөлөр түшүрбөсүн көлөкө.

## БАРПЫ АЛЫКУЛОВКО

*Төкмө акын*

Сыздаткан кедейликтин сызыгынан,
Чыга албай Назарбайдын кысымынан.
Үй-бүлө карды кечип, суука тоңуп,
Үшүдү чокоюнун жыртыгынан.

Шор болуп шорголоду көздүн жашы,
Көйгөйдөн арыла албай алтын башы.
Мал айдап таяк болду кармаганы,
Тийбеди жардамы да тоонун ташы.

Жаны кейип, жабыркап ооруп калды,
Ырлары эргитсе да кандай жанды.
Көзүнүн көрбөй калган учурунда,
Эл аралап тагасын издеп барды.

Ырлары Назарбайга жетип калды,
Көрө албай айылына акыр барды.
Ошентип кендир кескен кедейликтен,
Калеми кылыч болуп намыс сайды.

Өттү акын аруу сактап сырын кылдат.
Өчпөгөн жүрөктөгү ырын ылгап,
Кыргызга таштап кетип табериктей
Барпынын ырын калды кылым ырдап.





## КЫЙЫШПАС КЫМБАТ ДОСТОР

*Элмирбек Иманалиев менен Зайырбек Ажыматовго*

Шиберлүү гүл жыттанган көктөм менен,
Көк жайык көлдөй толкуп кезикти эчен...
Армандуу жаңырган ай, жыл соңунда,
Ээрчишип кетишерин сезишпеген...

Шар аккан тунук булак суу боюнда,
Таң жарып жылдыз болуп экөө келген.
Акындар-ардакташкан эки доско,
О, ажал кайдан кайтпас күндү берген..

Ак карлуу Ала-Тоонун уулдары,
Эки асыл ээрчишип бир келген элең.
Жашоонун доорун сүрбөй, эрте өчүп,
Алып кетти пейили тар ажал деген.

Гүлгүндөй кетсе дагы бир өмүрдө
Жаш бойдон элестелип гүл өңүндө,
Жакшы ыры менен сайрап булбул болуп,
Жашашат кыргызынын жүрөгүндө.

## КУТ БОЛСУН КУТТУУ ТОЮҢ

*Иним Союзбекке*

Уул төрөлүп урматына бөлөндүң,
Ушул саатта төрт тарабың кенен күн.
Жаратканга кулдук уруп жүгүнүп,
Ак бата алып дагы көктөп-көгөргүн.

Кыз төрөлүп кылыгына бөлөндүң,
Сыйбай турат сый урматка кенен күн.
Алып келген ак байбиче апаң бар,
Таазим кылып, башты сүйөп жөлөнгүн.

Куттуу болсун периштедей келиниң,
Толуп турсун ырыскыдан көңүлүң.
Үй бүлөңө баш киргенин куттуктайм,
«Ата!» – десе узаргандай өмүрүң.

Эки жаштын бекем болсун колдору,
Узак болсун турмуштагы жолдору.
Берген бата кабыл болуп Кудайдан,
Урпагы өсүп, шаар болсун ордолуу!





## АША ТУРГАН АЛДЫДА КЫРЫҢЫЗ КӨП

*Эжеме*

Көрүнбөгөн ничке жипти улаштырып,
Сөз төркүнүн ыр менен кураштырып.
Баратасыз бийиктикке шашпай бирок,
Кадамдарды улам бирден улап, тынып.

Ийгиликти багындып тартынбастан,
Алга карай умтулуу жакшы кадам.
Демек сиздин максаттын аныктыгы,
Бар талантты чыгаруу жашырбастан.

Көздөгөндү бербеген өжөрлүктү,
Берген сизге көрөңгө көсөмдүктү.
Тегеректи төлгөдөй көрө билип,
Тегиз кармап сезбейсиз бөтөндүктү.

Жарпыбызды жазуучу ырыңыз көп,
Чыгарарга түйгүда сырыңыз көп.
Таасир алсын окурман ар биринен,
Аша турган алдыда кырыңыз көп.

## АКЫН ШЕРМАМАТКА

Талантың бар өргө бийик сүрөгөн,
Намысың бар түндүгүңдү тиреген.
Кара-Кулжа касиеттүү элиң бар,
Ат ойнотуп аппак карды жиреген.

Көк бөрүнү марасына жеткириш,
Сендей чыгаан жигит үчүн өткүр иш.
Азаматка канат болот аргымак,
Андан дагы таандык сага көп билиш.

Лирикалуу ырдын тизип тазасын,
Кыз-келиндин туйгусун таап жазасың.
Өнөрүң чоң жоктон барды жаратып,
Мүнөзүң оор, баардыгына жагасың.

Жолуң шыдыр, сүйгөн ишиң кыла бер,
Султандардай намыска бек тура бер.
Эр жигитке аз дейт жетимиш өнөр,
Токсон, жүздүн тоолоруна чыга бер.

## ГҮЛДӨЙ НАЗИК АЯЛ ЗАТ

*Жоолук күнгө*

Аял-эне, назиктикке тулку бою уюптур,
Аруу таза, ак булуттун үзүмүнөн жууруптур.
Ак элечек орой салып жараштырып башына,
Кыйма көкүл кыздар үчүн кызыл жоолук буйрупур.

Жоолугунун гүлү турат бажырайып ачылган,
Гүл ичинен гүлүп чыгат жигиттердин кашынан.
Назик гүлдү колдон алып коштоп барчы мырзалар,
Келечекте кереметтүү болот жубай-татынаң.

Сүйүүң барбы жүрөк козгоп ошол гүлдү тандагын,
Тагдырыңа жазган болсо ак никеңе байлагын.





Буйруп турган периштеңин бешенесин сыласаң,
Гүл короонду сулуулаган гүлгө кошо жайнагын.

## БААСЫН БЕРДИ ЭЛ САГА

*Курбум Ташполотко*

Эс алганың мээнетиңден байкалат,
Ырыңды укса гүл ыргалып жайкалат.
Жакшы баасын берип келет эл журтуң,
Эмгегиңди ким болсо да айта алат.

Теңиң менен бир жаралган өмүрдө,
Кошо жүргүн кол кармашып бөлүнбө.
Жарык жашоо кереметин татып кал,
Аркы дүйнө... ажал торго көрүнбө.

Мээнетиңдин ыраатын көр жайкалып,
Ырыскың бар кесе толуп чайпалып.
Эккен терек асман тиреп гүлдөптүр,
Ээси өзүңдөй мыктылыгын айталык.

Ак кызматтан адал дүйнө табабыз,
Келиштирип кенен жайды салабыз.
Аракетке берет тура берекет,
Аллага да эмгек менен жагабыз.

Жакшы адамдын пейли таза ак болот,
Андайларга ийгиликтер коштолот.
Так ошондой жакшылардын бир сен-
Аман жүргүн замандашым Ташполот.

## КҮНДӨР ӨТКӨН КҮНӨСТҮҮ

*Курдашым Сүйүмканга*

Күн кармап, таң жамынып келдиң бүгүн,
Көтөрүп жүрөсүң көп элдин жүгүн
Жарашып жакшынакай келбетиңе,
Жайнаган кубанычтуу көрдүм күнүң.

Кошулуп кошо баскан күндөр кайда?
Шарактап сени узаткан түндөр кайда?
Жаштыктын жалындаган курагындай,
Беттеги, бырышы жок жүздөр кайда?

Тиргилик тикен болуп сайылдыбы?
Гүлгүнчак "кетирдиң" деп таарындыбы?
Жүрөк бар, калган мүчө кайып болуп,
Суулардай жылдар менен агылдыбы?

Жетимиш жашка жиптей созулдукбу?
Күч кетип, кубатсызга кошулдукпу?
Табият кубулушун тана албастан,
Камынтпас карылыкка озундукпу?

Сүрөттөй булак жууган жүздөр кайда?
Жай жайлап, коңур келген күздөр кайда?
Туйлаган жүрөк гана карыбайм деп,
Соксо да, жүздө бырыш... кимге пайда?!

Ыйладым ушуларды жазып жатып,
Суусадым жаштык кезге каным катып.





Өмүрлөр өр таянып бара жатат,
Улгайтып улам күндөр ала качып.

Жакшы өткөр, куттуу болсун туулган күнүң,
Эмне дейм, бүгүн башка жоктой бүтүм.
Көп жаша, каалаймын чың ден соолукту,
Ооруба, өмүр өлчөм экен түшүн!

## КЕЛЕЧЕГИҢ КЕҢ БОЛСУН

*Адаханга*

Денени спорт менен чыңдоо керек,
Жашооңо эң татыктуу ошол белек.
Ааламды араласа атак-даңкың,
Ардактап Ата Журтуң бата берет.

Бой тартып болочокко кадам салып,
Жаркылдап маңдайыңдан жылдыз жанып.
Жардамы Жараткандын сени колдоп,
Багындыр бардык ишти орден тагып.

Атың кыргыз, берекем, затың кыргыз,
Атаң кыргыз, сен сүйгөн апаң кыргыз!
Киндик каның тамса да кичи жерде,
Билип жүргүн мекениң, журтуң кыргыз!.

Дилиң кыргыз бергенге демиңе-дем!
Элин турат сүрөгөн пейли менен.
Калыстык бар теңдеген карап көктөн,
Сыймыктанат биздин эл сени менен!

## ГҮЛ ӨСТҮРДҮМ, ГҮЛГӨ ОРОЛДУМ

*Кыздарыма*

Аба жутуп Ааламга канат жайып,
Сулуулап үй-бүлөөнү бажырайып.
Төрөлдү! Кыз төрөлдү!...сүйүнчүлөп,
Туугандар сүйүнгөн күн таңды жарып.

Гүл өстүрдүм жашымдан, гүлгө оролдум,
Өссө гүлдөр жадырап гүл болормун.
Жети балам эр жетти, жытын искеп,
Өттү баштан буйругу нечен жолдун.

Агарган ак булуттай, таза жүргүн.
Ай мончок бала сүйүп, сырын билгин.
Ааламдын ар тарабын саякаттап,
Жан шерик жарың менен өмүр сүргүн.

Сенин бактың жүзүндө балдарыңдын,
Сенин бактың сүйүүңдө алганыңдын.
Канча жылдар өтсө да бүгүнкү күн,
Күлкү толуп, максаттуу алга жылгын.

Куттуу босун ушул жаш, ушул күнүң,
Бой тиреди өзүңдөй кызың бүгүн.
Эркелетип, эркелеп маанай жазып,
Өтсүн сыйлуу, урматтуу бүт өмүрүң.





## РЫСПАЙДЫН УЧУН УЛАП

*Рыспай Абдыкадыровдун туулган күнүнө*

Үндөр бар кулагыңды тажатпаган,
Сөздөр бар уккулуктуу муюп уккан.
Жүздөр бар жүрөк учун тилип өткөн,
Көздөр бар көлдөй терең акыл туткан.

Айта алам Рыспайдын көздөрү деп,
Айта алам Рыспайдын сөздөрү деп.
Артынан небереси обон созду,
Аттиң ай, узак жашап көрбөдү эч!.

Авазын Рыспайдын эргип уккан,
Куштар да, кубалашып учуп чыккан.
Жаралган муза болуп миллионго,
Кынтыксыз, кайрыктарын кынап чыккан.

Кылымга калың катмар тарых болуп,
Калкында кадыр-баркы жашап жүрөт.
Өнөрү өзөн суудай толкуп, толуп,
Үндөрүн үркөр жылдыз, от да сүйөт.

Төрөлүп аппак карлуу Ала-Тоодо,
Аргымак ат ойнотуп узун жолдо.
Жаш чакта үзөңгүлөш досторунан,
Барбы деймин, өмүр сүрүп бул жашоодо...

## УЗАК БОЛСУН ӨМҮРДӨГҮ САПАРЫҢ

*Синдим Айганышка*

Эже-сиңди кыш айында келиппиз,
Киндик канды кичи жерге төгүппүз.
Кыздын сыйы Ата Журттун төрүндө,
Кайын журтка каада менен көнүппүз.

Алтын башың аман болсун берекем,
Кошо жүрсүн ээрчип сени көлөкөң.
Уул-келинден неберелер көбөйүп,
Алдей айтып термеп бешик бөлөсөң.

Туулган жердин турпагына бөлөнүп,
Келин болуп мөмө байлап көгөрүп.
Табийгаттан тартуу кылган жемиши,
Жөн эле эмес акын болуп төрөлүп!

Талантыңдын тактысына жөлөнүп,
Тагдыр берген бак-таалайга бөлөнүп.
Узак болсун өмүрдөгү сапарың,
Небере эмес чөбөрөнү өңөрүп.





## АРНАДЫМ САГА БААРЫН

*Келиним Элизага*

Тилек кылган ата-энеңдин сүтүн актап,
Кесибиң, билимиңди баалап-барктап.
Кыргызымдын бычакка сап кызы болдуң,
Төккөн мээрим, тарбиясын төкпөй сактап.

Жайың салкын, кыш күнүң жылуу болсун,
Бакчаң гүлдөп, сайрашып куштар консун.
Жолдо жүрсөң жолдошуң шерик болуп,
Бак-таалайлуу балдарың үйгө толсун.

Энең айтат саламын сага жолдоп,
Жашоодогу жакшылыкты гана болжоп.
Талыкпай талпына бер алтын кызым,
Турсун сени тууган-урук элиң колдоп.

Балдарың бажырайып майдайыңда,
Бекханың тизгин тартып ат жалында.
Урпагың уясында, үйдүн куту,
Кыздарың өзүңө окшош жаш чагыңа.

Энеңдин изин басып турган чагың,
Ачылсын алкыш, алып таалай-багың.
Кылымдуу ак кызматың мага жагат,
Арнадым тутканымдын сага баарын.

Сага арнап нарк-насилдүү санаттарым,
Балдарың менин бутак-канаттарым.

Үйүңдүн куту болуп узак жаша,
Ден соолук өмүр берсин жаратканым.

## ЭМГЕГИ ЭЛГЕ ЖАККАН АЙЫМ ЭЛЕ...

*Бактыгүл Мырзаевага*

Отурган ордуң сенин жайдак калды,
Столуң сынып буту жерге тайды.
Капыстан кайгы берип үй-бүлөңө,
Бей күнөө, өкүм-ажал, кырсык салды.

Ордолуу Ош шаарыңа, оомат тилеп,
Ийгилик ишти жандап жүрдүң сүйөп.
Түрүнүп түйшүгүнө белди байлап,
Эмгектен куттуу жайга болдуң тирек.

Бактагы отургузган бүрдүү дарак,
Турчу эле, келе жатсаң сүйүп карап.
Күтүшөт бир инсанды өзүңө окшош,
Келбесе жылдап ыйлайт сени самап.

Айтылбай арман болуп, ширин сөзүң,
Артыңдан калды балдар жаштап көзүн.
Жаныңдай жакшы көргөн жарык өчтү,
Айла жок, берсин эми бейиш төрүн!





## ДРАМАТУРГ АГАЙ

*Суранчы Жетимишовго*

Карыя кезде купуя сырды сактаган,
Абайлап секин ашыкча сөздү айтпаган.
Салмагын салбай санаты менен иш жасап.
Каада-салт менен кадамын байкап аттаган.

Сыйлаган сындуу, сырдуу да бийик агай бар,
Агайдай болсо жаралган ар бир жарандар.
Эмгеги менен акылы артык таанылып,
Суранчы агай, ЖСУда бийик баркы бар.

Кадырлуу жандар калың журтунун ардагы,
Жашоодо жакшы үлгүдө болот салмагы.
Ал жакшы ата, чоң-ата жана таята,
Адамга сыйлуу асылдык деген бар жагы.

Акыйкат сөздү айтаардан мурда ойлондум,
Кай бирөө үчүн... жүрөгүм үшүп толгондум.
Жок эмес элде, жоругу менен булгаган,
Көтөрө албай көк курсак ашка тойгонун.

Дүйнө кең, түркүн тагдырда жашайт миң сандар,
Бирөө зар күнгө, бирөөдө талант-илхам бар.
Жарыгын чачып, жалпыга баркы өтүмдүү,
Агайдай сыйлуу көп болсун жакшы инсандар.

## КАЙРЫКТАРДЫН КАТАРЫНДА ЖҮРӨМҮН

*Багытка*

Кайрыктардын бир мүчөсүн түзөмүн,
Урматташса толкунданат жүрөгүм.
Эсеби көп ыр жазгандар тобуңда,
Катарында калбай бирге жүрөмүн.

“Талантыңды, тапта кошул кайрыкка!”
– деген сөзүң көбү угуп жарыша.
Таланттуулар таптап жазып ырларын,
Күндө бирден китеп чыкты жарыкка.

Эки тизгин бир чылбырды кармадың,
Дарыгерсиң, өнөрдү да жандадың.
Таланттарды таптап жакшы, анан да
Оорулууну айыктыргын ар дайым.

## КЕЧИРИМДҮҮ МҮНӨЗҮ

*Кубанычка*

Жолдо жүрүп жорголоду калемдер,
Эргүү келсе, журт жакшысын жаза бер
„Асыл таштан, акыл баштан» деп коёт,
Миңдин бири Кубаныч дейм кеменгер.

Дээринде бар демилгеси күч болду,
Деген менен тынч жаталбай ойлонду.





Баштаган иш баасын алса элден деп,
Кубанычтын тулку бою толгонду.

Кээ учурда чарчап дене мүчөсү,
Кечиримдүү, токтоо экен мүнөзү.
Башты буруп башка ишти көздөбөй ,
Аткарылып элге деген мүдөөсү.

Карыялар, жаштар бирге кол созуп,
Дарактарын отургузуп колдошуп.
Көпчүлүктөн айлансаң да аз болот,
Ар бир ишке алкап бата жолдошуп.

Жакшы адамдар элдин камын ойлошуп,
Иш башташат келечекти болжошуп.
Кубанычтай элдин уулу баштаган,
Бүткөн ишке бир жыргашсын тойлошуп.

## АЛЛАГА АМАНАТСЫҢ

*Чет өлкөдө балама*

Балам жүрөт сапарлуу жолун издеп,
Башында ойлору бар түрмөк- түрмөк .
Мекеним, эли-жерим келечек деп,
Билим үчүн Польшанын нанын искеп.

Алыста аманатсың жаратканга,
Тилегеним Кудайым өзүң жалга.
Коркпогун колдойт сени таза жүрсөң,
Колуңда, китеп деген жарак бар да.

Жашоодо кыйналбайсың билим алгын,
Өстүргүн өзөк жайган түптүү багың.
Адамдык касиетти бийик сактап,
Сугаргын жүрөгүңдө сый дарагын.

Сен азыр тууган достон алыстасың,
Үмүтүң шоола болуп жарык чачсын.
Ийгилик ийиниңден түшпөй балам,
Туулган жер сени күтүп таңы атсын.

## АРМАНЫ ЖОК АРТЫҢДА КАЛГАН ТУЯК

Чарчаганды билбеген, талыкпаган,
Мүнөзүң бар өжөрлүк айыкпаган.
Ийменип ишеничтүү балдарың бар,
Сен айткан тапшырмага дайын турган.

Кайрымдуу жөндөмүң бар жөрөлгөлүү,
Колго алып көп иштерди көрөңгөлүү.
Муктаж деп канча жанга жардам берип,
"Бир сом" деген долбооруң да өсүп-өндү.

„Ямаханы» ойнойсуң эргип жыргап,
Не бир сонун керемет шаңдуу ыргак.
Чамда Кубан чамдагын ар тараптан,
Арманы жок артыңда калган туяк.





## ЭСКИ МЕКТЕП

*Эжем Айпарага*

Ошол мектеп кээде түшсө эсиме,
Кайра кайтам ак бантикчен кезиме.
Окуу жайды жаңы бүтүп иштеген,
Орозалы абам келет көзүмө.

Айпарадай эжем болгон кайраттуу,
Көзөмөл күч сын көз менен карачу.
Туугандардын топтоп алып балдарын,
Акыл кебин тарбия деп саначу.

Көздөрү эмес өздөрү жок кейиштүү,
Ошол мектеп болгон экен жемиштүү.
„Үлгүлүүдө» көп жыл иштеп көзү өттү,
Жаннат жактан кенен ачсын бейишти.

Оорду турат... өзүнүн жок караны...
Өз колунан олтургузган дарагы,
Тамырына, суу жетишпей куураптыр,
Ар нерсенин өтөт тура заманы.

## МОСКВА КАЙРЫКТАРЫНДА

*Таза жан Тазагүлгө*

Төгөрөгү төп келишкен жар болуп,
Эгиздердей айырмаң жок, пар болуп.
Жаркылдаган жамалыңа суктанып,
Олтурушат көргөн элдер таң болуп.

Татынакай гүлдөй жайнап жүрө бер,
Жарың менен узак өмүр сүрө бер.
„Тазагүл» деп ат коюшкан ата-энең,
Таза жансың, бүркөлбөстөн күлө бер.

Жылдызың бар көздөрүңдөн от жанып,
Айта алам акын бул деп жар салып.
Мен өзүңдү таанышкандан билемин,
Мамилеге жылуулугуң байкалып.

Алган бата талантыңды таптасын,
Жакшы тилек, орошон ой каптасын!.
Демилгелеп турган ушул ишиңди,
Суук сөздөн, жаман көздөн сактасын!

## БАКТЫЛУУСУҢ БАКТЫГҮЛ

Жаныңда бирге жүрөт кадырлашып,
Бир өмүр бийик белес кырдан ашып.
Тагдырда тамшандырган үйдүн куту,
Өмүрлүк жарың турат катар басып.





Булуттан чыга калган күндөй болуп,
Ачылып турган сүйкүм гүлдөй болуп.
Бакытка, башты байлап турган кезиң,
Уул-кыздар неберелер үйгө толуп.

Аялдык асылдыкты берген күндөн,
Талантың таптап жүрүп келгениңден.
Өзгөрүү болбогондой сезем дайым,
Мен сени абалтадан көргөнүмдөн.

Жан дүйнөң жакшы жакка багыт алып,
Өнөрүң өзөн суудай ташып агып.
Санжыра, каада-салттан китеп жазып,
Ишиңде ийгилик көп, элге жагып.

Бактыгүл бактылуусуң канткен менен,
Калемиң толкугансып толкун менен.
Баркыңды баалаганга эл бар болсун,
Бараткан жолуң узак, болсун кенен.

## ЭГЕМ БЕРГЕН ЭГЕМБЕРДИ

*Чоң апаңан*

Жалгыз дебе, шерик берет жараткан,
Жалгыздардын жары Кудай деп айткан.
Белек болду берди Ысага дөөлөттү,
Жетип бата чоң атасы тараптан.

Урук-тууган баары бирдей тиледи,
Ак бата айтып канчалардын жүрөгү.

Жакшынакай Жаратkандын ичи кең,
Ал жагынан Алла өзү сүрөдү.

Өмүр берсин өлчөбөстөн балаңа,
Суктанышып сугу түшпөй араңа.
Ыйман жолдо ырыскысы мол болуп,
Төгүп турсун мөмөлөрүн сага да.

Эжелери эркелетип чоңойтуп,
Ыйлап калса тегеренип сооротуп.
Ошолордун демине дем күч болуп,
Түркүк болот түптүү мөмө орнотуп.

Чоң атасы болгон болсо сүйүнүп,
Урма-турма Мечит жакка жүгүрүп.
Жаратканым тилегимди бердиң деп,
Таазим кылып күндө турмак жүгүнүп.

Чоң энеси теспе тартып тилөөчүү,
Балдарынын түркүгү эле тирөөчү.
Ал да кетти аалам менен коштошуп,
Тагдырына башын ийип, бир өзү.

Арман болду ал экөө тең жок болуп,
Түшүнөттүр чоңойгондо токтолуп.
Эстеп жүрөт чоң ата, чоң энесин,
Өмүрүнө ырыскысы коштолуп.





## КУТ БОЛСУН

*Акын класташыма*

Мен жолугуп гүлдестемди бербедим,
Бирок сени жакынымдай эстедим.
Ортолукка таштабадым бул ырды,
Өзүң окуп жакындыкты сез дедим.

Тең жаралып Ай жарыгын аттаппыз,
Таза өсүп, тарбияны сактаппыз.
Бактылуудай сүрүптүрбүз өмүрдү,
Балдар үчүн ар-намысты сатпаппыз.

Сен жылмайсаң, мен да күлөм жылмайып,
Калгандаймын тузак тартып тор жайып.
Ыйман берсин жаман оюм такыр жок,
Жүрсөк болду тилектерге кол жайып.

Ушул күндөр дөөлөттөрүн кут кылсын,
Экөөбүзгө карылыкты туш кылсын,
Кошкон жарың балдарыңдын апасы,
Тең барабар жакшылыгын жуп кылсын.

## АКЫН ИНИМ ДАМИР

*Жалпак-Таш айыл өкмөтү*

Жарыкчылык жашоо сенин бактыңа,
Жанаштырып ар тараптан жакшыга.
Энчиң болуп тагдырыңдын буйругу,
Тартуу кылган акындыкты астыңа.

Суусу таза тоо койнунда төрөлүп,
Жөрөлгөлүү ак бешикке бөлөнүп.
Уулу болуп ата-энеңди сүйүнтүп,
Камчы кармап ат жалына жөлөнүп .

Алтымыш жаш жигиттерге жалын жаш,
Мекенине кызматы көп карыз жаш.
Дагы канча көөдөнүңдө ыр жатат,
Таалайыңа аман жүрсүн алтын баш.

Кудай берсе берсин узак өмүр жаш,
Улам бийик кадам таштап өргө бас.
Куттуктаймын чын пейилден өзүңдү,
Куттуу болсун кутман курак ушул жаш!





## УКУГУҢ БАР

*Неберем Элидага*

Неберемдин маңдай жарып күлгөнүн,
Мага эркелеп бетимен өөп сүйгөнүн.
Сагынамын санаа тартам ойлонуп,
Эстей берем менде жүргөн күндөрүн.

Бир күн күлөт, кээде түшөт кабагы,
Сагындыбы ата-энесин жанагы.
Акчасы жок, же курсагы ачтыбы,
Коркуп кетем эмне экен деп талабы.

Таене болуп тартип жолго чакырам,
Тил албаса үн көтөрүп бакырам.
Капа болуп калбасынчы мага деп,
Кайра садагам деп калам, татынам.

Таза жүрөт бой мүчөсүн каранат,
Күзгү колдо, чачын сылап таранат.
Күндөр өтүп, ай - жылдарга айланып,
Кези келсе чоң турмушка жол алат.

Бактылуу бол, балалуу бол жашоодо,
Жаратканым алып келген жашоого.
Таалайыңа жазып койгон бактыңды,
Укугуң бар өзүң сүйүп тандоого.

## АК БАТА

Мен баратам Россия жерине,
Аралашкан ар улуттуу элине.
Кыздын кызы бой жетиптир чоңоюп,
Узатайын бата берип төрүнө.

Чакырыптыр: "Тайне бол деп тоюмда,
Тарбияңыз дайым жүрөт мойнумда.
Батаңызды күтүп турам мен азыр,
Ак кар баскан Россия койнунда!".

Сапар тартып чыктым азыр, жол алыс,
Барбай койсом, мойнумдагы бул карыз.
Алла мага, ак тойлорун тарттуулап
койгон болсо баруум керек, бул парыз.

Аманатмын, кайра келем буюрса,
Бактылуу бол жарың менен турмушта.
Таенеңден күткөн ушул дубалар,
Ак тоюнда жамгыр болуп куюлса.

Ар убакта аруулукту туюнтса,
Акыры келип мекениңе кыргызга.
Таенеңдин баталары Кудайдан,
Кабыл болсун, бактың ачып турмушта.





## НЕБЕРЕМИН ТОЮНДА

Кулдук уруп куда күттүк бүгүн биз,
Эки жаштан чечим болду бул жерден.
Туз татышып койдук бүгүн ак тойдо,
Болсо экен деп тагдыр жолдору кенен.

Кадам сайын ак батамы берейин,
Ак тилегим ак кар кылып себейин.
Табийгаттан тартуу болгон күн болсо ,
Алыс-жакын дебей дайым келейин.

Наристелер кол кармашып баратат,
Сезим таза ажайып бир таң атат.
Апасынын сүтү оозунан кете элек,
Бир-бирине ажарланып карашат.

Апасына бир аз ойду жаратат,
Жоктоп ордун көрүшүүнү саматат.
Он болсо да орду башка баланын,
Аргасыздан жаш кылгырып каратат...

## ИЗДЕРИМ

Тагдырдан күдөр үзбөдүм,
Таанылар оюм түз дедим.
Талаадан мени издебе,
Китепте калды издерим.

Көөдөндө пейлим түз дедим,
Көрүнбөй калбас издерим.

Көктөмүм келбес кайрадан,
Китептен гана издегин.

Башымда болсо билгеним,
Байкалбай турса издерим.
Башкадан мени сураба,
Китепке жазгам, издегин.

Өмүрдө болсо билгеним,
Өзгөрүп калса издерим.
Өйдө-төмөн карабай,
Китептен кара издерим.

Жашоодо болсо билгеним,
Жабылып калса издерим.
Кабатырланып жоктобо,
Кагазда калды издерим.

Өмүрдө болсо билгеним,
Өзгөрүп калса издерим.
Өкүнүп мени жоктобо,
Китепте турат издерим

## СОГУШТУН ЗАЛАКАСЫ

*Кайнатамдын бейнесине*

Он тогузда аттагамын эшикти,
Жыйырмамда термеп арча бешикти.
Таштай катып, суудай болуп агылдым,
Келин болуп жедим далай кешикти.





Түйшүк түштү, күн кечирдим талыкпай,
Алоолонуп өчпөй жанган жарыктай.
Кайнатам бар, ардагери согуштун,
Тарбиясын алдым акыл азыктай.

Согуш мезгил, тапшырмалар жүктөлгөн,
Окко учуп далай жоокер бүт өлгөн.
Кайнатамдан ажал буйтап өтүптүр,
Салаалары жараат алып бүктөлгөн.

Белди байлап курал-жарак асынды,
Жараткандан, жанын сурап жалынды.
Канды кечип канча узак жол басып,
Эрдик кылып, төш белгини тагынды,

Намаз окуп теспе колдон түшпөгөн,
Он балага ыйман жүктү жүктөгөн.
Келди-кетти конок үйдөн үзүлбөй,
Жашоо ширин, кызыктары бүтпөгөн.

Көрөөр күнү, ичээр суусу бар белем,
Кайненем да, бактым тоодой бар деген.
Он баланын очок ордун таптырып,
Кетти экөө тең, бейиш төргө кеп-кенен.

Өлүм өжөр өз билгенин бербеген,
Ажал улук, жаш карыны теңдеген.
Кайнатамдын жаны кетип жаннатка,
Аты калды, билет сыйын эл деген.

## БАР БАРАГОЙ КЕЧИКПЕ

*Кыз узатуу ыры*

Кызды бактым чыгарса деп сый атын,
Жоготподум сыр аяктай сыпатын.
Ата-энеңдин, тарбиясын таштаба,
Үй-бүлөөңдүн жогору кой ызаатын.

**Кайырма:**
Бөпөлөдүм бөлөп арча бешикке,
Гүлдөй өстүң, саябандуу эшикте.
Тапшырайын талайыңа багыңа,
Бактың күтөт, бар барагой, кечикпе!

Каада-салтта, кыз ыргыткан таш болуп,
Баратасың көздөрүңө жаш толуп.
Ыйлабагын келин болгун ыйбалуу,
Жарың менен башыңарга бак конуп.

Бөйрөгүмдү бөлүп кеттиң жан балам,
Сагынсам да салт-нускага багынам.
Кабыл болсун колду жайган ак бата,
Ага-тууган, ата-эне жагынан.





## ЭНЕ ЖЫТЫН СЕЗЕСИҢ

*Энелер майрамына*

Эне салмак таразанын ташындай,
Эне кымбат акак, күмүш, алтындай.
Таамай сүйлөп, такалбастан айта бер,
Таман алды бейиш төр деп тартынбай.

Эне барда эркелейсиң, күлөсүң,
Дүйнөң түгөл, ааламың кең жүрөсүң.
Эне айткан ар бир сөзүн таштабай,
Уучун ула, сен бирөөгө бүлөсүң.

Сен алыстан эне жытын сезесиң,
Ал барында бактылуу бай - төрөсүң.
Өмүр берип... өзү өмүрдөн кеткенде,
Кайра кайрып, кантип алып келесиң.

Бүгүн майрам көптөр эстеп жоктоду,
Жаш кылгырып, бир тамчылап токтоду.
Билдим бекен, билбедимби баркын деп,
Далай жандар өзүн өзү соттоду...

## ЭНЕНИН АЙКӨЛДҮГҮ

*Сүрөткө сүртүм*

Энени, айкөл кылып жаратыптыр,
Жүрөгүн барча-барча майда тилип.
Жонунда бирөө жүрсө буту баспай,
Мойнуна экинчисин бекем түйүп.

Санаасы сабыр сактап ойду термеп,
Чыдоого бел байлаптыр жаны тердеп.
Аттанып ата сыртта жүрсө ишинде,
Балдарды өстүрөт, жай жетелеп.

Кайсыл тарап кай жакка... баратты экен
Көңүлү эмнелерди саматты экен.
Башына баштыкчасын койгон эне...
Түйшүккө мынча бекем жаратты экен.

Жашоодон үмүт үзбөй уйку качып,
Максатты аба, суудай ичке катып
Сайса да тоскоолдуктар ийне болуп,
Эненин айкөл, тарткан мээнети артык.





## МОТУРАЙГАН БАЛАГА

Мотурайган көркүн көрүп баланын,
Атам менен апам деген талабын.
Жайлоодогу жашоом көзгө элестеп,
Жаш мезгилин көрүп турам баламын.

Басып кадам таштаганы баланын.
Жеткирүүнү болжоп айран, чалабын.
Көзүн албай самап күсөп баратат,
Көрүнсө деп атасынын караанын.

Ата-энеге күйүп бала жетилсе.
Түмөндөгөн түйшүк баштан кечирсе.
Кирешенин кайдан келип чыгарын,
Барды-жоктун баркын билет эркинче.

Өмүрүнө өмүр тилейм балага,
Азыр канча жашта экен садага.
Кайсы уруунун, кайсыл жердин кулуну,
Эл-жеринин кызматына жараса.

Ата уулу болгонун эл мактаса,
Эмгек менен жолу өрүлсө таптаза.
Андай бала бар болгону эмне арман,
Ата-эненин ак тилегин актаса.

## СЕНИН БАРКЫҢ...

*Жолдошум Мамасадыктын бейнесине*

Сенин баркың билбептирмин... эсимде,
Бала өстүрүп, түйшүк баскан кезинде.
Сен айтчусуң канаат кылып жашасак,
Жетишебиз көп максаттуу сезимге.

Сенин баркың билбептирмин ошондо,
Экөөбүздү окшоштуруп кошконго.
Бирге басып турмуштун чоң сапарын,
Эмгек менен жол бербедик тоскоолго.

Сенин баркың... билбептирмин сыйыңды,
Кайратыңды, курч мүнөздүү чыныңды.
Бирге жашап бирге өмүр сүрөм деп,
Билбей калдым өтөөр мезгил жылыңды.

Түштө көрсөм жетпейм алыс, баралбай,
Жөнөйсүң сен арт жакка да каранбай.
Түшүм эмес өңдө кошо жүргөндөй,
Ээрчип барып кала берем табалбай...





## ЭЛИҢ БИЛСЕ

*Исках Эгемназаровго*

Жигердүү ийгиликке сапар алып,
Кайчылаш, узун жолго кадам салып,
Бир айлык жарлык айтып мектептерге,
Беш баатырдын белегин артып алып.

Келгенде коштоп тосту окуучулар
Келечекти, курай турган түптүү чынар.
Таң калдык ар бир койгон чыгармага,
Агайың көргөн болсо колдоп турар.

Искахтын куттуу изин бергин баса,
Ийилип таазим кылып саламдаша.
Жазуучу, акын чыкса дагы арадан,
Эл үчүн эмгегинен тарых жаса.

Мэрия жамааты да калбай келди
Башчыга баалап туруп катты берди,
Коноктор сүрөө менен колду чапса,
Бөбөктөр көкөлөшүп канат керди.

Бектурган, Жаныш агаң, Максатбектер
Багытын баалай турган кеменгерлер.
Өздөрүн өйдө коюп жүргөн чыгаар,
Жакшынын жакшы жагын сезбегендер.

Ден соолук бекем, узун өмүр берсе,
Иш менен ийгиликти жандап келсе.

Ак кызмат Ала-Тоодой бийик болуп,
Дегдеген депутаттык таймаш жеңсе.

Чындык деп чыйрыкпаган тонду кийсе,
Ак бата адашпастан сага тийсе.
Тандаган, талыкпаган эмгегиңди,
Таалайың - талпындырган элиң билсе.

## БАЖЫРАЙГАН СҮРӨТҮМ

Мен кайдамын, китеп барган жайдамын,
Көз жүгүртсө жазганыма-пайдамын.
Койгон жерден ачылбаса барагы,
Анан кантип аралаймын ааламын.

Мен издесең китебимде жүрөмүн,
Ал жылмайса мен да кошо күлөмүн.
Китебимде бажырайган сүрөтүм,
Билем, туям менден узаак жүрөөрүн.

Катуу кармап барактарын булгаба,
Кадырын бил кайсыл жерде турса да.
Ар бир сапта турмуштук чын жашоо бар,
Жабыркатып, жаман ойлоп сындаба.





## ДАРЫ ЧӨПТҮН ЖЫТЫ КЕЛЕТ

Тоо боорунан сүрүлүп таштар кулап,
Козу, улактар маарашып убап-чубап.
Жапжашыл жан жагында түркүн чөптөр,
Көк кашка шылдыр аккан тунук булак.

Чөп башы сыдырымга сеңселишет,
Жайлоодо дары чөптүн жыты келет.
Бозунач, көкө мерен, кийик от көп,
Аралаш короо жайга жакын өсөт.

Жайлоого ат чаптырып көчүп-конуп,
Айылдын балдары өсөт чыйрак болуп.
Шаардык балдарды ага салыштырса,
Түталбас түйшүгүнө ыйлап болуп...

Карарып булут каптап ак кар басып,
Күн кылайып, агарып таңдар атып.
Кайкышып канаттуулар асманда учуп,
Ийинден суурлар чыгат кайкалашып.

Дары чөп жегендери алар баары,
Ошондон өздөрү да болгон дары.
Жайлоонун кереметн түркүн баалуу,
Гүл, чөбү, булак ичкен жаныбары.

## СУЛУУЛАР

Сулууну суудай тунук жаратыптыр,
Ааламга арзуу кылып таратыптыр.
Буюруган кадамыңдан жолуктуруп,
Көркөмү көз айлантып каратыптыр.

Сулуулар сулуу бойдон кала берсе,
Тамчыдай таза булак ага берсе.
Сулууга коздук берип келбетине,
Акындар айга теңеп жаза берсе.

Сулууга мукам кайрык күү чертилет,
Күлүңдөп көзү күлүп турса эркелеп.
Табият тартуулаган келбетине,
Баатыр да жүрөгүн бир зырп эттирет.

Сулуулар сулуу бойдон кала берсин,
Булактай сезимдерде ага берсин.
Сулуулар жигиттердин жүрөгүндө,
Өчпөгөн жылдыз болуп жана берсин.

## МЕН СУКТАНАМ

Келбетиңди, кандай сулуу жараткан,
Каш кирпигиң көздөрүңө жарашкан.
Карап жүрөм карегимди айлантып,
Сени ойлонуп күтүү менен таң аткан.

Жасаганбы үзүп алып булуттан,
Кимдер сүйүп жетпей калып буулуккан.





Касиеттүү өзгөчөлүк өзүндө,
Өмүр шерик ким боло алат турмуштан.

Бирок тагдыр кошооруна ишенбей,
Аян берет түшүм көңүл бүтөлбөй.
Сенде эмес... жараткандын колунда
деген сөздөр сайып турат тикендей.

Жетпей калган жеңилүүнүн азабын,
Билсең өзүң кабагымды жазаарың.
Жүзүм көрсөң жаш өтсө да сезерсиң,
Жүрөгүмдүн бир сүйүүдөн азаарын.

## ТАБЫЛГАМЫН

Сүйүүгө мен да бир күн кабылгамын,
Жылдыздай бир жарк этип жагылгамын.
Көз салып издеп жүргөн бир жигитке,
Капыстан кайып болуп табылгамын.

Мен өзүм сөөмөй серпип чакырбадым,
Чакырды, мейличи деп жакындадым.
Мээримин төгүп турду боюн таштап,
Бир өмүр тагдырында жаркылдадым.

Орунсуз ойго салып таарынбадым,
Ойлонуп баш катырып чагылбадым.
Түшүнүп түйшүгүнө жардам кылып,
Ордолуу отургузган багындамын.

Таштады... ажал тооруп, кетип калган.
Өткөргөн өмүрүмдү эстеп калам,

Балдар деп жашап жүрөм бул өтмүштөн,
Өкүнөм түштө көрсөм айтам салам.

## ҮЛБҮРӨК ПЕРИШТЕГЕ

Үлбүрөп ак көйнөктү кийип алып,
Жаныман секин басып өтүп кеттиң.
Жарк этип, чагылгандай бир селт этип,
Булуттан ак жамгырды төгүп өттүң.

Карегим талыганча карап турдум,
Тушалып туткун болуп эки бутум.
Уйку-соо булут менен кошо калкып
Серпилип сен тарапка жылып учтум.

Жетем деп далбас уруп бара жатам,
Колум жетип каалгаңды кантип ачам.
Албырып ак бетиңе ээрин жетип,
Сүйөмүн... сүйөмүн деп качан айтам.

Айтайын ара жолдо калтырбасаң,
Түрүлүп түрмөктөлгөн ойго батам.
Периштем ак куу болуп келип консоң,
Буюруган тагдырыман канаат алам.

Сүйүүгө көзүм тойбой ачка турам,
Арзуумду ыйман менен сага бурам .
Таптаза үлбүрөгөн аппак гүлдү,
Айлуу түн, жылдыз күбө, өзүм сунам.





## СҮЙҮҮСҮЗ ӨМҮР

Сүйүүсүз турмушуңа жеңилдиңби,
Жарты ооз жакшы сөздөн кемилдиңби.
Мейли деп топук кылып балдар үчүн,
Сүйүүгө ач болсоң да “семирдиңби”?..

Намыс кеп алга сүйрөп арманыңды,
Жүрөгүң жүк көтөрбөй калганыңды.
Сездирбей жаш чагыңда күчкө салып,
Санааңды салып суага алдадыңбы.

Буулугуп үнүң чыкпай ыйладыңбы,
Бутуңду шилтей албай кыйнадыңбы.
Карасаң көзүң жетпей мунарыктап,
Жүрөктү, жүлүндү үзүп чырмадыңбы.

Сыныңды сыпат берип сынадыңбы,
Кынтыксыз кыштай тизип кынадыңбы.
Урматын уул-кызыңдын бийик коюп,
Уйкусуз түн жамынып чыдадыңбы.

## АЛГАЧКЫ СҮЙҮҮМ ТАБЕРИК

Шамал коштоп мелүүн жел жүрүп,
Олтурамын ойлуу таң сүрүп.
Оолактайсың... боюм түрттүрүп,

Кайрыма:
Келесиңби
Келбейсиңби, билбейм күттүрүп.

Жаш, кезектин наркы канчалык,
Баалабасаң сүйүү... анчалык,
Сезимиме тушоо салчы анык

Кайрыма:
Сүйүү деген...
Күтүү деген, жипке байланып.

Теребелге башым тунжурап,
Шоокум салып терек шуудурап.
Күтпө жаным, шамда ыр ырдап,

Кайрыма:
Сен таарынба...
Таарынба деп, чыгып бир ыргак.

Атың жаздым ташка чегерип,
Араң кеттим, алсыз термелип.
Эскererге өпсүн жел келип.

Кайрыма:
Эң алгачкы,
Алгачкы го, сүйүүм таберик.

## ТУРНА МОЮН ТУНУК КЫЗ

Кезинде кереметтүү дүйнөм бүтүн,
Кээде мен алсыз болуп жетпей күчүм.
Жашоодо минут дагы кымбат бизге,
Алтыным махабатты сезсең күтүн.





Жүрсөм да ак көйнөктү кийип алып,
Аргымак ак боз атка минип алып.
Карааның кайчы жолдон издеп келем,
Сүйүүмдү жүрөгүмө түйүп алып.

Жылмайып күлүп койсоң маанай жазып,
Токтоймун ошол мүнөт бут тушалып.
Көргөндө турна моюн келбетиңди,
Кышым да бир заматта жазга айланып.

Тымызын атыңды атап чакырамын,
Сүйөм деп үнүм чыкпай бакырамын.
Сени эңсеп кирпиктерим түндү сайып,
Уйкусуз аппак таңды атырамын.

## АЙТАЙЫНЧЫ СЫРЫМДЫ

Ооба, туура, чындыгы бар сөзүңдүн,
Жан дил менен өбөктөгөн өзүммүн.
Ойлоп-ойлоп бир да жолун таппадым,
Менден өтүп сага барчу сезимдин.

Сүйүп ооруп... айталбастан айбыктым,
Өзүмө-өзүм кеңеш берип айныттым.
Бирок сыйкыр обонуна оролдум,
Сенин атың ырга айланткан кайрыктын.

Уйкум качып, санаалардан чыкпадым,
Көзүм катып тиктеп үйдүн шыптарын.
Элестериң карегимди жайнатып,
Элжирейм да келет барып жыттагым.

Бар тобокел, айтайынчы сырымды,
Бакытыма азап тарткан чынымды.
Түшүн жаным сен деп жүрүп өтөөрдү,
Кабылдап кой ушул жазган ырымды.

Көңүл сүйүп айттым сага сырымды,
Түшүн жаным, жазган сага ырымды.
Мейли жооп бер, бере албасаң өзүң бил,
Айтып өттүм жүрөктөгү чынымды.

## СҮЙҮҮ ЖАШАЙТ ӨМҮРДӨ

Алма-Атага барып анан ачылып,
Танда, кечте таруу болуп чачылып.
Келип алып айлыңыздан чыга албай,
Жатасызбы көлөкөгө жашынып...

Өзүм жүрөм ушул тапта Бишкекте,
Секин жазып... арнап коюп ыр десте.
Барып коём сыйга кыздын үйүнө,
Тууган-урук чакырышып кел дешсе.

Узун жолдо жол кыскартып сөз айтса,
Наздуу карап сүйөмүн деп үн катса.
Жашым толуп он сегизде болгондо,
Оюңузга кошулмакмын аста-аста.

Сүйүү өчпөс, сүйүү өлбөс өмүрдөн,
Кээ бирөөлөр тез унутат көңүлдөн.
Сүйүшпөсөк, сүйлөшкөнгө жарайлы,
Аппак дилден ак кар болуп төгүлгөн.





## АЛГАЧ СҮЙҮҮҢ АРМАН БОЛУП ЖҮРГӨНДҮР

Сенин дагы гүл курагың өткөндүр,
Жаш жүрөгүң жаштык кылып көпкөндүр.
Эркелешип эсиңди алган сүйүүңө,
Жетпей калып карегиң жаш төккөндүр.

Жамгыр төгүп из табылбай өчкөндүр,
Дубал бүтпөй жарымынан көчкөндүр.
Алгач сүйүүң арман болуп акактай,
Жүрөгүңө азыңкы гүл өскөндүр...

Сен да аны, ал да да сени сүйгөндүр,
Өкүнгөндүр өзүн зордоп күлгөндүр.
Көңүл бөлөк намыс сөзгө багынып,
Башка жанга башын жөлөп жүргөндүр.

Бул жашоону тагдыр гана билет де,
Удургуган жолу бүтпөйт күрөштө.
Жаштыгыңдын күндөрү көп жазгырган,
Колуң жетпей, сүйүү ыйлап жүрөктө.

## АЛГАЧКЫ СЕЗИМ

Ат бастырып айлыма эчен каттадың,
Далай күттүң элим тегиз жатканын.
Кантип эле чыгып кетсин эсимден,
Камчы кармап каалгамды какканың.

Мен да чыктым эки жакка элеңдеп,
Ичикий иий, ич көйнөкчөн элем деп.

Кучак жайып жүзүмдөн өөп жылмайып,
Келдиң жаным бир кучак гүл белендеп.

Билем, бизди тагдыр кошуп сүрөгөн,
Жараткандан күндө сурап тилегем.
Ортобузда оттой ыссык ак сүйүү,
Тоодой болгон тоскоолду да жиреген.

Үнсүз турдум гүлдү жыттап, өбө албай,
Макулмун деп «шерт» сөзүмдү бере албай.
Жүрөгүмө жүк түшкөндөй буулуктум,
Сүйөм деген беш тамганы тере албай.

Сүйүү-бакыт, көкө учурган көңүлдү,
Сүйө билчи, өткөрбөчү өмүрдү.
Жигит сүйбөй жик кетирсе жашооңо,
Койчу жаным ошол дагы өмүрбү?!

Ичтен айттым, тик карабай көзүңдү:
– Сөз беремин сага арнаймын өзүмдү.
Жол узартып ат бастырып жөнөдүк...
Эч унутпайм алгачкы ошол сезимди.

## ПЕРИЛЕР ТҮШКӨ КИРГЕНДЕ

Жаш чагың от болуп бир демде,
Нурларың төгүлүп ирмемде.
Тагдырың табышмак болгондур,
Периште түшүңө киргенде.

Сүйүүлөр сүрдөнгөн кездерде,
Сумсайып көрбөгөн көздөргө...





Ишенбей сырт салып жүрүпсүң,
Сезимиң байланган сөздөргө.

Аялуу жан жүрөт арманда,
Баш ийип жазыксыз жалганга.
Арадан ай күндөр өтсө да,
Тагдыры тар жолдон тайганга.

Жүргөндүр бар болуп, жок болуп,
Энсөөсү токтобой... токтолуп.
Оорулуу жан болуп жашоодо,
Кылгырып көзүнө жаш толуп.

Бактыга төгүлүп-чачылбай,
Балжууран таңдарды атырбай.
Чарчаган жүрөгү не болот,
Чанак гүл соолуса ачылбай.

Болбостур бүттү, кой эми дээр,
Бир өмүр бир гана берилээр.
Түбөлүк дүйнө жок, жашап ал,
Түшүңө кирсинчи перилер.

## ЖАРАТА БЕР СҮЙҮҮ ДАСТАН БАЯНЫН

Жарата бер жакшы ырларды жаңыртып,
Тамчыдан көл, көлдөн дайра агызып.
Өчүрбөгүн бүлбүл жанган жарыкты,
Сүйүү отунун биликтерин тамызып.

Жаңырта бер арзуу сезим дабышын,
Жараталсаң сүйүү дастан тарыхын.

Сендик болуп жылмайып каш какканда,
Кыл кыяктан угуз жүрөк кагышын.

Ырды жазып ырдан сепил куруугa,
Ойгото алсаң оюн, сага буруугa.
Селкилерге серпип сүйүү тунугун,
Даяр болгун арзуу гүлүн сунуугa.

Бекер эле өмүр текке өтпөсүн,
Мезгилсиз бир мөндүр жерге сеппесин.
Кош жүрөктүн ортосунан бөлгөндөй,
Жер жарылып жаракалар кетпесин.

## КУСАЛУУ СҮЙҮҮ

Торгойчо сүйүүң толгонбой мага,
Топтолгон ырлар жазылбай сага.
Тооруган сүйүүң тор жайып жүрсө,
Тоготпой жойлоп жүрөсүң кайда.

Карлыгач сүйүүң кайрылбай мага,
Катылган ырлар жазылбай сага.
Кайрыктуу добуш караанын таппай
Жүрөсүң качып көрүнбөй кайда.

Күкүктөй сүйүүң күтүлбөй мага,
Күмүштөй күүлөр күү чалбай сага.
Күлкү, шаң коштоп өтсө го жашоо,
Ай жарык түндөр, жылдыздуу таңда.

Тоо ичи шаңшып куштардын үнү,
Кумарлуу сайрап бирине -бири.





Ой басып тилейм, табышып биз да,
Ортобуз толсо сүйүүнүн гүлү.

## СУНУШ АЙТСАМ

Кыйналдым жалгыздык жанга батып,
Койсоң боло «cooп» үчүн каралашып.
Ичимде болгон сырды айтсам деймин,
Өзүң менен сапарда бара жатып.

Баарында бала бар, небере бар,
Кээ бирөөлөр небере эмес балага зар.
Ал балдар өз күнүнүн каарманы,
Жошоодо өз тагдырын көрөт алар..

Аз өмүрдө көңүл ачып күлбөйлүбү,
Каткырып катар басып жүрбөйлүбү.
Жараткан дагы канча жашты берет,
Аз өмүр кымбаттыгын билбейлиби?!

Сен менин айтканымды ойлоп көрчү,
Бар балким сенде да ойлор кеңеш берчү.
Коноктой тирүүлүктүн күндөрүндө,
Сунушумду четтетпей көңүл бөлчү.

## АРЗУУ СЕЗИМГЕ

Мен сиз үчүн мурунураак жаралбай,
Же таптакыр көрүшпөстөн калалбай...
Билем, уктум даражаңыз жогору,
Калдым окшойт жылдыз болуп жаналбай.

Капа болбоң, сыйым чексиз баалаймын,
Мен жашоомун ар тарабын караймын.
Түйшүк менен өстүрдүм көп баланы,
Бак-дөөлөтүн көрсөмбү деп самаймын.

Өтө жакшы мен да сизди түшүндүм,
Жалгыздыктын тарткандайсыз оор жүгүн.
Бул жазмыштын өтө кыйын жазуусу,
Тагдыр сынайт ар адамдын ал, күчүн.

Көбү айтат түгөй болгун мага деп,
Бир карасаң, бул да кээде туура кеп.
Аял чыдайт, эне чыдайт бала үчүн,
Жалгыздыкка чыдабастыр көп эркек.

Мындай сөзгө чыгарыңыз бир бүтүм,
Бул жашоодо жүрөт дейсиз ким бүтүн...
Бирок мага түшүнсөңүз капа этпей,
Балдарым деп жүрөм ойлоп күнбү-түн.

## СҮРӨТ БОЛУП БИР ЭЛЕС

Ичиңизге бир топ сырды каттыңыз,
Сырдашууга чыкпады го саатыңыз.
Балким бизге ыңгайсыздык жаралды,
Азырынча жазылбастыр жарпыбыз...

Мейли дедик бул өтө оор иш эмес,
Жолугушуп сүрөт болду бир элес.
Ар адамдын деңгээли бар өзүнчө,
Жакшы пенде жамандарга теңелбес.





Бир көрүнүп пааneke бой тарттыңыз,
Кезигүүдөн неге бизден качтыңыз.
Ошко барсам ойдогудай болот деп,
Убаданы узун жолго арттыңыз.

Жаш улгайды ден соолукка караңыз,
Анча-мынча чачты сылап тараңыз.
Оорудум деп жүрөккө дарт жаратпай,
Бир селкиге гүл берүүгө жараңыз.

## АПА СИЗДИН ДАЛ ӨЗҮҢҮЗ

Апа, сизге бир эжени окшоштурдум!
Күлгөнү, жылмайганы дал өзүңүз!
Ак жуумал, кара чачтуу, күрөң көздүү,
Каткырса, кудум эле жаш кезиңиз...

Көз албай карай бердим, уялбадым,
Апакай ай жүзүнөн өпкүм келди...
Акылы сиздей тунук, жүрөк таза!
Купуя суктанганым балким билди...

Сизге окшоп жети бала өстүрүптүр,
Беш кыздын, эки уулдун энеси экен.
Кыздары жаралыптыр периштедей,
Айланчыктап апалап, эркелеген.

Сиз менен отургандай манчыркадым,
Сагынып, узак убак көрбөгөндөй!
Ошол кеч миң жашарып кайттым, билем,
Сизди жоктоп, жетимсиреп жүрбөгөндөй...

Кыздарын сиңди кылып алгым келди...
Бир демде жетөө болуп калмакпыз да!
Жети кыз, алты уул тегеректеп,
Эжемди бир байытып салмакпыз да!

Узак жылдар кубантып, бар болуңуз!
Башыбызды бириктирген сайраныбыз!
Жан дүйнөңүз оорубасын бир өмүргө,
Өңү сулуу, сөзү таттуу, жайдарыбыз!

Ак жолтой болду биздин майрамыбыз,
Мени сиз, дей көрбөңүз "Кайдагы кыз?",
Апама окшош болгон алтын эжем,
Куттуу болсун бүгүнкү майрамыңыз!

## КҮДӨР ҮЗБӨЙ ЖҮРӨМҮН

Айлуу түндө күттүм,тосуп жарыкты,
Күтө берем, күткөндүгүм, айыппы?
Сен мен үчүн жаралгандай бактыма,
Сен ээрчитип келчүдөй таң жарыкты.

Бастым узак чарчабадым алыска,
Жан шеригим өзүңдү, издеп табышка.
Менде, сүйүү өзүңдө да болсо деп,
Сулууланам мен өзүңө жагышка.

Көзүм ачып келгем дүйнөм жаңыра,,
Кандай сыноо күтүп турат багыма.
Тагдыр жазган жолду бирге басалы,
Суранамын сунуш берчи табууга.





Куш сайраса угам муюп үндөрүн,
Ыргактарын, ыроологон күүлөрүн.
Кыялдагы кымбат, аруу периштем,
Сезсең болду күдөөр үзбөй жүргөнүм.

## СҮЙҮП КАДЫР САКТАСА

Турмушта да сүйүп кадыр сактаса,
Сүйүүсүн ал башка адамга сатпаса.
Кызыкканга кыз көрүнүп кетет ал,
Эрки жетпей эшик төрүн аттаса.

Баркын чектеп бөлөктөрдү таптаса,
Сулуу жүзгө сугун артпай баркташа.
Балдары үчүн жаш жүрөгүн кирдетпей.
Ар намысын аруулугун сактаса.

Пенделер бар, ашык сөзгө өткөн бар,
Андайларда намыс-ардан кеткен бар.
Алды-аркасын байкабаса, өзүнө
чачыратып чалчык сууну кечкен бар.

Жашоо татаал, жаңылышкан жандар бар,
Изин таппай жолдон чыгып тайыгандар.
Бир калыпта жүрүп өмүр суралбай
Сүйүп кадыр сактай албас андайлар.

## ЖАШТЫКТЫН ДЕМИ

Жайнаган жапжаш күлгөн эки көз кана,
Таңдайыңдан бал тамган ширин сөз кана?
Шыңга узун боюңа жарашып турган,
Үлбүрөгөн үстүңдө көйнөк, бөз гана...

Биз өткөргөн жаштыкта айлуу түн кана,
Тамылжыган беттеги кызыл жүз кана?
Сумкабызды көтөрүп мектепке жөнөп,
Ошондогу алма, өрүк бышкан күз кана?

Узак жылдар удургуп, артта калыптыр,
Айрыма бар, улгайууну башка салыптыр,
Баштагыдай байкалбайт жаштыктын деми,
Тулку бойду жип салып тушап алыптыр.

Көп учурда сагынам өзүңдү самап,
Кош айтышкан айрылыш жолуңду карап.
Окуучулук жаштыкта кадырды билбей,
Кеттик окшойт бир-бирден туш – тушка тарап.

## БАЛАЛЫК КҮНДӨР ӨТКӨН

Кээ күнү кайрыламын, качанкы балалыкка,
Ал учур өтүп кетти... жүрөктө гана куса...
Түйшүк көп кылсаң дагы,
Жыгылып турсаң дагы,
Сагыныч эстеттирет, карабай аралыкка.





Ата-энең бар кезинде, сен үчүн мээнет кыла,
Балалык бир келүүчү, бактылуу дөөлөт тура.
Күндөрдү келип кеткен,
Күлкүсү жеңип өскөн,
Доорун балачактын убакыт өөнөйт тура.

Башыңа ой түшө элек, акылың толо электе,
Бакытты колго кармап, оюнга тоё электе.
Жүгүрүп тандан кечке,
Чарчоону албай эске,
Калп сөздү үйрөнө элек, кайдыгер боло электе...

Көйнөгүң узун-кыска, жарашса жарашпаса,
Жылдыздай жылт көрүнүп, жыртыгын жамашпаса.
Колтугуң айрылганын,
Колуңдун кайрылганын...
Баары бир балалыкка, карашса, карашпаса.

Китепти ачып койбой, тапшырма аткарбаган.
Дептери чиймеленбей, барагы актай калган.
Күндөрдү мектептеги,
Келбесин эстеп деги,
Ойлордон ойго батып, кыйналам абдан жаман...

Баркы эч билинбеген, бактылуу күндөр экен,
Ата-энең ээрчип алып, эртең не билбей эчен...
Жетилген жолду басып,
Жылдыздай чачырашып...
Улгайып, азыр баары, кимдер жок... кимдер эсен?!

Мен азыр сагынамын, ал кезге кантип барам.
Өкүнүп кээ күндөрү, өрттөнүп күйүп-жанам.

Атам жок азыр арман,
Апам да дүйнө салган...
Чөгөлөп көзүмдө жаш, чөгөрөт сары-санаам...

Мурдагы баскан жолдор, чөп басып турат көрксүз,
Таш түшүп талкаланган, арыгы аттап өткүс
Ар жагы өзгөрүлгөн,
Айылга өзгөмүн мен...
Жок болгон өскөн үйүм, элеси эстен кеткис...

Таанылып, таанылбаган, пенделер жашап калган,
Баштагы бабаларым, жайлары жаннатта... арман!
Мандайга жазган бардай,
Бизге да аз калгандай,
Арманды кимге айтабыз, тирүүлүк-жашоо-жалган!

Жараткан насип кылган, жакшыга жанашабыз.
Өмүргө үмүт улап, өрт тартып баратабыз
Бар үмүт жаратабыз,
Балдарды каратабыз,
Таберик эмгек менен, тарбия таратабыз.

## АК КАЙЫҢДЫН БУТАГЫСЫҢ

*(Жумабай иниме)*

Кыргыздын алып жүргөн чын намысын,
Туягы кетилбеген тулпарысың.
Ала-Too ак мөңгүлүү ыйык жердин,
Айланып канат каккан шумкарысың.





Арчалуу Ак кайыңдын бутагысың,
Апаңдын эркелеткен кучагысың.
Алыста жүрсөң дагы күтүп алса,
Жайнаган жаз кылаарсың ызгаар кышын.

Жакшылык тилейт сага ага-тууган,
Жамандык тоскоолдорду айдап кууган.
Пенденин туйгунусуң туура жолдо,
Ак жамгыр, ак булутка бетти жууган.

## КУДАЙ КОЛДОЙТ

Жакындарың из калтырып такты салса,
Жабыркабай көөдөнгө көңүл толтур.
Кадырыңды калтырып баалабаса,
Болбосту таап жоктон барды болтур.

Жакшылык көздөн узап айдалганда,
ызалык чалып жипсиз байланганда.
Жарыкка алып чыкчу Жараткан бар,
Жашоого буйрук берсе кайдан арга?!

Кыйналып тарткан түйшүк ширин болот,
Миң күнгө татыган бир күнүң болот.
Өзүңдөн бир жат чыкса мите курттай,
Ичине жыты жаман ириң толот.

Сөздөр бар сен билбеген, сен укпаган,
Уккан жан чагара албай туңгуюктан.
Ал жалаа жабык бойдон кала берет,
Айтпа деп арт жагынан бычак урган.

Ким билет, кара, кимдер кимди колдойт?,
Саткындар сөз жылдырып кайра кордойт.
Калыска мөлтүрөгөн суусун берип,
Аруулап Алла өзү алга жолдойт.

## КЫРГЫЗЫМДЫН ЖИГИТТЕРИНЕ

Кут болсун учурдагы майрам күнүң,
Эр жигит көтөрүүгө элдин жүгүн.
Ак-калпак башыңдагы Ала-тоодой,
Айрымалап улутту улуу кийим.

Мекендин үмүт арткан тирегисиң,
Белсенип бел байлаган билегисиң.
Жарашып жарык чачкан үй-бүлөөңө,
Сүйүүсү, таянычы, жүрөгүсүң.

Ата журт, сени менен түгөл дүйнө,
Сен барда ырыскылуу ушул дүйнө.
Атанын колундагы камчысы бол,
Чылбырдай чыйрак жаша, чынды сүйлө.

Майрамдык маанай жазган күндөр болсун,
Марттыгың элиң мактап билген болсун.
Кайсыл күн, кандай учур кез келсе да,
Калкыңдын керегине жарап кол сун!





## КЕЧИРЕЛИ КЕЛ ЭМИ

Мен кечирдим оорубасын жүрөгүм,
Кектебестен кемчилдигин бирөөнүн.
Бетке айталбай бекинип сөз жылдырса,
Укпагандай бейпил уктап жүрөмүн.

Бир жаралган бул өмүрдө далайдын,
Көртирликте ким кандайын караймын.
Акыл эсим, алты саным барында,
Наалып өмүр сүрбөсөм деп самаймын.

Апам төрөп, ак бешикке бөлөгөн,
Атам багып таяп, бутка жөлөгөн.
Талпынып уч, татыктуу бол балам деп,
Тагдыр экен...кайтпас жакка жөнөгөн.

Мына жашоо, мына өмүр ченеми,
Таарынганга жол жок деймин мен эми.
Кетирбеген катасы жок кимдер бар,
Кечирели кол алышып, кел эми!

## ҮРККӨН КЫРГЫЗ

*(Өткөн жана учур тарых)*

Кыргыз элим кыйын жолду карытты,
Бир караңгы... бирде тосуп жарыкты.
Тозду өмүрлөр бейиш көрбөй тозокто,
Өттү кылым калтырып бул тарыхты.

Башкаларга башын ийип жүгүнбөй,
Ээрчип эрксиз, арт жагынан жүгүрбөй.
Жанын уучтап жапырт туруп муштумдай,
Жакшылыктан үмүт күтүп түңүлбөй.

Орустардын огу жаап калганда,
Ашуу ашып... учту көбү арманда!
Бай-сараңдар басмачыга айланып,
Алтын башын айырбаштап мал-жанга.

Чочутуп жоо, жерден үркүп кетишти,
Чор таманчан чоочун элге жетишти.
Суук жолдо сук өлүмгө алдырып,
Аз калганы ак тилекке бекишти.

Аяз суукка эриндери дирилдеп.
Сөөгү калып Ай талаада бириндеп,
Өкүнүчтүү кетти канча өмүрлөр,
Кайдан дагы жаман тилге кирдим деп.

Өлбөгөнү эптеп өмүр сүрүшүп,
Тиши түшүп...түнү тоңуп, күн үшүп.
Көр оокаттын корун тартып жашашты,
Жалданышып, жалаң билек түрүшүп.

Памир, Алай бөтөн жерди жердешип,
Туулган жер калып артта, жер кезип.
Мектеп эмес мээрими жок өлкөдө,
Кексе тагдыр кендирлерин кең кесип...

Сабатсыздык сокур кылып байлады,
Санаа басты көбү таппай айланы.





Атын атап, ким Ош деген кай кылым,
Жаралганын биз билбейбиз ай, жылын.
Көп улуттар коңшу болуп жашап келишет,
Эн кымбат деп элдин тынчтык- байлыгын.

Мейли заман өссүн улам жаштарга,
Биздин кыргыз улут туруп баштаарга.
Алла таалам, Азиретим колдосун,
Ордо шаар Ошум деген ат барда.

## ТИЛ ЖАШООНУН АЗЫГЫ

Тил сүйлөсө, тил үндөсө-бул баа жеткис байлыгың,
Ыңаалаган... ыр ырдаган музыкалуу кайрыгың.
Баалабасаң, барктабасаң, эне сүтүн аттасаң...
Жашооң кыйрап жанчылганы, жандүйнөдөн тардыгың.

Тил болбосо көзүң сүйлөйт, ымдаганды билип ал,
Жашооң кандай, кереметпи, жараштырып сүйүп ал.
Тилиң болот, тик тургузган тирүүлүктүн маңызы,
Дүйнөң түгөл, тилиң менен, көнүлүңө түйүп ал.

Тил жөнүндө, дин жөнүндө, канча жазды акындар,
Тил жагынан, аксап турса, тургузууга жакын бар,
Жарды тилге, жашоо берип жан киргизе салганга,
Акынсыңбы? Акын болсоң, сен жазууга акың бар.

Тили башка-дили башка болуп туруп батыл бар,
Өз тилине өгөй карап маңкурттукка макулдар-
Бар экенин таанызгыла, таанызбастар оңолсун,
Адам бол деп, кайта-кайта айткылачы асылдар!

## АЙЫЛЫМДЫН АТАКТУУЛАРЫ

Жалпак-Таш кичи мекеним,
Жаратып кыйын, нечени.
Тарыхты жазсам эскерип,
Сан жеткис экен эсебин.

Көзү өткөнүн даңктайын,
Көзү барын барктайын.
Ынтымак менин айылым,
Ыр саптарын арнайын.

## ТҮЗ-БЕЛ АЙЫЛЫНАН

Окумуштуу ким деп сураба,
Жаштарды ойлоп убара.
Жалпак - Таштын кыйыны,
Асылбек уулу Дубана.

Айылын тегиз колдогон,
Билимге баарын жолдогон.
Атагы чыккан Дубана,
Жөн эле адам болбогон.

Кеменгер болгон өзү да,
Акылдуу чыгып сөзү да.
Унутпай журту эскерет,
Ааламдан өтсө көзү да.





Атын атап, ким Ош деген кай кылым,
Жаралганын биз билбейбиз ай, жылын.
Көп улуттар коңшу болуп жашап келишет,
Эн кымбат деп элдин тынчтык- байлыгын.

Мейли заман өссүн улам жаштарга,
Биздин кыргыз улут туруп баштаарга.
Алла таалам, Азиретим колдосун,
Ордо шаар Ошум деген ат барда.

## ТИЛ ЖАШООНУН АЗЫГЫ

Тил сүйлөсө, тил үндөсө-бул баа жеткис байлыгың,
Ыңаалаган... ыр ырдаган музыкалуу кайрыгың.
Баалабасаң, барктабасаң, эне сүтүн аттасаң...
Жашооң кыйрап жанчылганы, жандүйнөдөн тардыгың.

Тил болбосо көзүң сүйлөйт, ымдаганды билип ал,
Жашооң кандай, кереметпи, жараштырып сүйүп ал.
Тилиң болот, тик тургузган тирүүлүктүн маңызы,
Дүйнөң түгөл, тилиң менен, көнүлүңө түйүп ал.

Тил жөнүндө, дин жөнүндө, канча жазды акындар,
Тил жагынан, аксап турса, тургузууга жакын бар,
Жарды тилге, жашоо берип жан киргизе салганга,
Акынсыңбы? Акын болсоң, сен жазууга акың бар.

Тили башка-дили башка болуп туруп батыл бар,
Өз тилине өгөй карап маңкурттукка макулдар-
Бар экенин таанызыла, таанубастар оңолсун,
Адам бол деп, кайта-кайта айткылачы асылдар!

## АЙЫЛЫМДЫН АТАКТУУЛАРЫ

Жалпак-Таш кичи мекеним,
Жаратып кыйын, неченин.
Тарыхты жазсам эскерип,
Сан жеткис экен эсебин.

Көзү өткөнүн даңктайын,
Көзү барын барктайын.
Ынтымак менин айылым,
Ыр саптарын арнайын.

## ТҮЗ-БЕЛ АЙЫЛЫНАН

Окумуштуу ким деп сураба,
Жаштарды ойлоп убара.
Жалпак - Таштын кыйыны,
Асылбек уулу Дубана.

Айылын тегиз колдогон,
Билимге баарын жолдогон.
Атагы чыккан Дубана,
Жөн эле адам болбогон.

Кеменгер болгон өзү да,
Акылдуу чыгып сөзү да.
Унутпай журту эскерет,
Ааламдан өтсө көзү да.





## АК-ТЕРЕК АЙЫЛЫНАН

Эмгеги калган жыйналбай,
Ырларын жазып кыйналбай.
Акындын кыйын акыны,
Калдыбай уулу Курманбай.

Мансабы бийик ашаарын,
Толуктап акын катарын.
Курманбай аты таанылган,
Ыр дүйнө жандап сапарын.

Ырлары калган деңиздей,
Жылдар да өтүп сездирбей.
Эскерип кээ күн жүрөлү,
Эл-журту билбейт дедирбей.

## АРАЛ АЙЫЛЫНАН

Мырза уулу Маканбай,
Согушка кеткен жалтанбай.
Он алты жашта шар айтып,,
Ырдаймын деген жан кандай!

Сталин комуз таптырып,
Буйругун берип шаштырып.
Москва, Кызыл Аянтта,
Маканбай үнүн жактырып.

Колуна алып комузун,
Созгон дейт мукам добушун.

"Жагалмай" ырын укканда,
Эстешип жайлоо конушун.

Жарадар болуп кайтса да,
Жүрөгүн кайгы басса да.
Эл үчүн кылган кызматын,
Колдору ооруп жатса да.

## КУРБУ-ТАШ АЙЫЛЫНАН

Боорукер ак дил, айта алам,
Кең пейил тегиз март адам.
Айылымда Аккул абамды,
Чын жүрөктөн жаза алам.

Жардамын берген балдарга,
Алыстан окуп барганда.
Жылуу үйүнө жаткырып,
Жамгыр, бороон, карларда.

Бапестеп берип тамагын,
Аткартып турган сабагын.
Жат дебей төккөн мээримин,
Мүнөзүн жаздым абамын.

## АК-ТЕРЕК АЙЫЛЫНАН

Жалпак-Таштын бүркүтү,
Баатырлар сүрдөп, түртүлдү.
Союзда болгон атактуу,
Жазбай коюу мүмкүнбү?!





## АК-ТЕРЕК АЙЫЛЫНАН

Эмгеги калган жыйналбай,
Ырларын жазып кыйналбай.
Акындын кыйын акыны,
Калдыбай уулу Курманбай.

Мансабы бийик ашаарын,
Толуктап акын катарын.
Курманбай аты таанылган,
Ыр дүйнө жандап сапарын.

Ырлары калган деңиздей,
Жылдар да өтүп сездирбей.
Эскерип кээ күн жүрөлү,
Эл-журту билбейт дедирбей.

## АРАЛ АЙЫЛЫНАН

Мырза уулу Маканбай,
Согушка кеткен жалтанбай.
Он алты жашта шар айтып,,
Ырдаймын деген жан кандай!

Сталин комуз таптырып,
Буйругун берип шаштырып.
Москва, Кызыл Аянтта,
Маканбай үнүн жактырып.

Колуна алып комузун,
Созгон дейт мукам добушун.

"Жагалмай" ырын укканда,
Эстешип жайлоо конушун.

Жарадар болуп кайтса да,
Жүрөгүн кайгы басса да.
Эл үчүн кылган кызматын,
Колдору ооруп жатса да.

## КУРБУ-ТАШ АЙЫЛЫНАН

Боорукер ак дил, айта алам,
Кең пейил тегиз март адам.
Айылымда Аккул абамды,
Чын жүрөктөн жаза алам.

Жардамын берген балдарга,
Алыстан окуп барганда.
Жылуу үйүнө жаткырып,
Жамгыр, бороон, карларда.

Бапестеп берип тамагын,
Аткартып турган сабагын.
Жат дебей төккөн мээримин,
Мүнөзүн жаздым абамын.

## АК-ТЕРЕК АЙЫЛЫНАН

Жалпак-Таштын бүркүтү,
Баатырлар сүрдөп, түртүлдү.
Союзда болгон атактуу,
Жазбай коюу мүмкүнбү?!





Ала-Тооңду бир сүрөттөп жазбасаң,
Аралап бир чериң жазып баспасаң.
Өнөр өлөт, талант ташка капталат,
Ак кар, мөңгү булак көзүн ачпасаң.

Баалуулукка байкап көздү таштагын,
Байлык артын кууп калпыс баспагын.
Тартуулаган табияттын жемишин,
Таза барктап, арам оокат татпагын.

## ЫРЫСКЫБЫЗ ТОЛУП ТУРАТ

Абалтадан тарых улап бир нуска,
Ала-Тообуз жакын турат жылдызга.
Ураанымбыз Манас ыйык туу бизге,
Эгемендик энчи болуп кыргызга.

Ала-Тообуз бийик турат булуттан,
Нан-береке, куру эмеспиз ырыстан.
Азаттыктан айылым да шаар болуп,
Эл маанайы акыйкатты кылып шаң.

Өзгөрүлүп өр таянды кыргызым.
Өрттөлгөндөй өчтү чыкчу чыр мурун.
Эки баатыр туусун бийик көтөрүп,
Алып чыкты мойнуна артып чындыгын.

Эркиндиктин элегинен чайкалып,
Өздөн чыккан жат сынганын айталык.
Кадамына тузак болбой бузуктар,
Элим өссүн ынтымагы байкалып.

## АЛА-ТООНУН БООРУНДА

2024 –жылдын октябрь айында белгиленген Кара кыргыз автономиялуу облус болуп түзүлгөндүгүнүн жүз жылдыгына карата

Байыртадан баш ийген,
Салты болгон атанын,
Чимирилтчү ийигин,
Баркы болгон апанын.

Чүкө сымал иниси,
Арты болгон саканын.
Дастаркондо чогулуп,
Наркы болгон батанын.

Үйдүн куту ата деп,
Ызатташкан апалар.
Тик карабай уул келин,
Түп-түз тийчү баталар.

Көкүрөккө колду алып,
Көтөрүлчү билектер.
Таазим кылып жигиттер,
Аткарылчу тилектер.

Усталары уютуп,
Кереге-уук жасашкан.
Түндүк бийик көтөрүп,
Кыргыз үй деп аташкан.





Алты канат кыргыз үй,
Кылым, жылдар улаган.
Өз-өзүнчө орду бар,
Көсөмдөрү кураган.

Сабап кийиз жасашып,
Сапаттуусун каалашкан.
Апалардын түйшүгүн,
Өзгөчө деп баалашкан.

Ою-чийүү түшүрүп,
Кооздоп ичин жасашкан.
Түрдүү түскө боёшуп,
Чачыларын тарашкан.

Кыргыз үйдүн ичинде,
Кыштап өмүр сүрүшкөн.
Конок келсе кой союп,
Кушбак күтүп жүрүшкөн.

Кичинекей үйдө да,
Он бала өсүп той болгон.
Азан айтса кулакка,
Наристеси ойгонгон.

Бир бурчунда ашкана,
Чий токулуп тосулган.
Уз-чебердин колунан
килемдери токулган.

Күүгө бышып каймагы,
Карын толо сары майы.

Алты канат кыргыз үй,
Кылым, жылдар улаган.
Өз-өзүнчө орду бар,
Көсөмдөрү кураган.

Сабап кийиз жасашып,
Сапаттуусун каалашкан.
Апалардын түйшүгүн,
Өзгөчө деп баалашкан.

Ою-чийүү түшүрүп,
Кооздоп ичин жасашкан.
Түрдүү түскө боёшуп,
Чачыларын тарашкан.

Кыргыз үйдүн ичинде,
Кыштап өмүр сүрүшкөн.
Конок келсе кой союп,
Кушбак күтүп жүрүшкөн.

Кичинекей үйдө да,
Он бала өсүп той болгон.
Азан айтса кулакка,
Наристеси ойгонгон.

Бир бурчунда ашкана,
Чий токулуп тосулган.
Уз-чебердин колунан
килемдери токулган.

Күүгө бышып каймагы,
Карын толо сары майы.





Буудай, мака куурулуп,
Казан толо жармасы.

Ак сакалдуу аталар,
Куймак, кымыз ичишкен.
Ат жабдыгын ийлетип,
Калың кайыш тилишкен.

Ээр токумун кооздотуп,
Күмүш жезден уюткан.
Жүгөндөрүн өрдүрүп,
Өлчөп таккан куюшкан.

„Манап Бийдин» башында,
Суусар телпек жарашып.
Чачпактары чайпалып,
Байбичеси жанашып.

Ала-Тоонун боорунда,
Аркар, кулжа, кийиктер.
Көркүн ачып көк бөрү,
Ат ойнотуп жигиттер.

Катарлашып кыргыз үй,
Тоо этектеп тигишкен.
Желе толуп бээлери,
Байлап кулун тизишкен.

Бир казанда эт кайнап,
Ууртy толо май чайнап.
Коңшу - колоң ынтымак,
Өткөрүшкөн жай-жайлап.

Буудай, мака куурулуп,
Казан толо жармасы.

Ак сакалдуу аталар,
Куймак, кымыз ичишкен.
Ат жабдыгын ийлетип,
Калың кайыш тилишкен.

Ээр токумун кооздотуп,
Күмүш жезден уюткан.
Жүгөндөрүн өрдүрүп,
Өлчөп таккан куюшкан.

„Манап Бийдин» башында,
Суусар телпек жарашып.
Чачпактары чайпалып,
Байбичеси жанашып.

Ала-Тоонун боорунда,
Аркар, кулжа, кийиктер.
Көркүн ачып көк бөрү,
Ат ойнотуп жигиттер.

Катарлашып кыргыз үй,
Тоо этектеп тигишкен.
Желе толуп бээлери,
Байлап кулун тизишкен.

Бир казанда эт кайнап,
Уурту толо май чайнап.
Коңшу - колоң ынтымак,
Өткөрүшкөн жай-жайлап.





## АК БАЙБИЧЕ АПАМ

*Эссе*

Ооба, бир берген өмүрдө турмуштун таразасынын оор же жеңилин ким кандай көтөрөт, адамзаттын жашоосунун маңызы ушунда тура. Жараткан пендесин кандай жаратат, жарык дүйнөгө келген жанга эмне шыбага берип, эмнелерди энчилейт... дөөлөт береби, мээнет келеби... аз жашайбы, көп жашайбы баарын ошол таразанын салмагы аныктайт деп айтууга болот. Бир жагынан караганда бул Кудайдын таразасы го ойлоп кетем. Кудайдын таразасын эч ким алдай албайт, адилеттикти да, кыянаттыкты да түбү келип ачуу чындыгы менен ачыкка чыгарып салат тура. Бирок ошону билген бар, билбеген бар. Адам пендесинде жаңылбаган жаак, мүдүрүлбөгөн туяк болбой койбойт экен. Жаныбызда жүрүп эле кимдин ким экенин, ички дүйнөсү менен сырткы кейпи башка амалдуулугуна чалынганыбыз баштан далай өттү. Тилекке жараша жакшы адам жакшы карып, кеңеши менен батасы аркылуу жүрөгүңө жылуулук берген учурлар өмүрдү узарткандай сезилет. Адамдын башынан өткөргөн ар кандай окуялар өзүнчө тарых болуп калгансыйт. “Жаштык жашынып келет, карылык кабылтпай келет” деген накыл кептей мен дагы жетимиш жашка кол берип турган курагымда көп нерселерди кийинки муундарга айткым келет. Балким ал тарбия болор. Албетте бардык күндөрдү эле эстей бербейсиң, миң күнгө татырлык бир күн бар демекчи, эсте калган бир олуттуу нерселерди айткың келет экен.

Бир сөздүн мааниси канча, же бир сүйлөмдүн тагдырды чечкен учурларындагы таасири бар экени кээде ойго

чөктүрөт. Ал эми бир үй-бүлөнүн тагдыры тууралуу айтсак андан да кең мааниде кеп кетет. Үй-бүлөдө канча мүчө болсо ар биринин башынан кечирген, көңүлүнөн ашып түшкөн көйгөйү, капасы, кусасы, сагынычы, кубанычы, сүйүнүчү бар.

Негизи адам туулгандан төрт тарабы төп, толук кандуу бактыга балкып, турмушка курсант боло бербеши жашоонун мыйзам-ченемдүү көрүнүшү. Жаралгандан аял-эркек, жаш-кары баары эле жан-дүйнөсү бирдей эмес. Ар кимдин өзүнчө табияты, ой жүгүртүүсү, алдыга койгон максаты, ал турсун ошого жараша чөйрөсү да болот. Айрым инсандардын таланты, иш билген көсөмдүгү бар. Аларга Кудай өзү бир касиет, кереметти берген, ошон үчүн андайларды мен Кудай сүйгөн адамдар деп атагым келет.

Турмушта ар бир адамдын жакшы тилеги бар. Уул чоңойтуп урматын көрсөм, кыз чоңойтуп кызматын көрсөм, там тургузуп той берсем, жакшы санаалаш урук-тууганыма, жакын адамдарыма чай берсем деген ниетине жетем деп талпынат. Анан өзүнүн дареметине жараша колун сунуп, максатын ишке ашыруу менен алек. Андай максаттуу адамдар-бактылуу адамдар. Максатсыз адамдар гана бактыга жетпеши мүмкүн. Кээ бир пенде тескерисинче күнүмдүк жашоо менен алагды жүргөнүнө, курсагы тойгонуна гана кубанып, бирөөдөн сурап, тилеп жашаганына кушубак. Андай тагдырдан Кудай сактасын.

Мен сөзүмдүн учугун өзүмдүн жан дүйнөмдү эриткен, жарыкка жаркыратып алып келген апамдын көзү тирүүсүндө айткандары тууралуу эскерүүмө бургум келет. Анткени апамдын ар бир кеби ушунчалык элестүү эле, ошогобу эсимде калды. Бир чети апамдардын заманындагы окуялар да азыркы биздин учурга өзүнчө тарых эмеспи. Андан бери канча заман өзгөрдү, доор алмашты, ошону ки-





йинки балдар биле жүргөнгө жакшы дегеним. Балдар мурунку менен кийинкини салыштырып акылга салып өскөнү жакшы эмеспи. Ошондон улууну урматтоону билишет го. Улууга сый карап, ыйманы бар жаштар келечектеги элине да ошондой күйүмдүү, сыйлуу өсүп, элгеби, Мекенгеби, үй-бүлөсүнөбү астейдил ак кызмат кылуусу чындык деп билем.

Бала үчүн кайсыл эне болсо да ааламды таанытып, жарык дүйнөгө алып келгендиги үчүн ыйык деп билем. Менин апам дагы балтыр бешик бала чагымдан мээримин төгүп, тарбиясын берип, жылдыздай жаркыратып өстүрүп, жетилтип, аруу тилектүү ак батасын берип, ак жол балам деп турмуш жолуна сапар алдырган. Апамдан алган жакшы тарбия менен мен дагы турмушумдагы жылуу очогумдан от өчүрбөй, өмүрлүк жолдошумду бийик сыйлап, өз уул, кыздарыма колумдан келишинче ыймандуу, эстүү, максаттуулукка тарбия бердим деп ойлойм. Апам бизди эле эмес өз чөйрөсүндө да акыл менен ардактуу сыйга татып, Ак байбиче атын алып жүргөнү баарыбызды сыймыктандырчу. Жакшы жашады, кадырлуу карылыктын доорун сүрүп, сексен эки жашында бул дүйнө менен кош айтышып кетти...

Апамдын аты Токтобү, тайатам Кайназар, тай энем Алтынчач апам төрөлгөндө тилек кылып ырымдап, ушул наристебиздин жаны бек болуп, токтоп калсын деп Токтобү деген атты коюшкан экен. Апам менин кутманым, урматым, бийигим эле. Анын көзү өтүп кетсе да жүрөгүмдө жашайт. Кээде мен ойлоном, мен ошол апамдай боло алдымбы, анын табериктей таасын кептерин, кеңештерин өз жашоомдо аткардымбы дейм. Бардык эле инсандар өз апасын жакшы көрөт, касиетин сезет. Бирок мен алтын апамдын өмүр таржымалын, башынан өткөн чындыкты өзүнүн

көзү тирүүсүндө оозмо-ооз, көзмө-көз укканымы калем кармап бирде жашып, бирде өкүнүп баяндап жаздым эле. Ошону окурмандарымдын ортосуна койгум келди.

Апам секелек кезин мындай деп эскерээр эле:

– Мен жарык дүйнөгө мурдагы Совет районунун (азыр тарыхый аты менен Кара-Кулжа аталып калды) Калинин колхозуна караштуу Торойчу айылында төрөлгөм (бир миң тогуз жүз он биринчи жылы). Жашоом ошол айылда гана өтүп, ошондон өсүп жетилдим. Ал кездеги шартка жараша окубай калгам, сабатым жокко эсе. Өтө деле бой түзөп чоңойо элек мезгилим тагдырдын татаал күндөрүнө туш келди. Барчылык менен жокчулук үзөңгүлөш жүрүп, жашоо тегиз болбогон заман эле. Ата-энеден жаш калдым. Атам, апамды элес-элес билем, так жүзү эсимде калбаган, өтө кичине болсом керек, алардан кандай айрылып калганымды да толук айта да албайм, алардын кандай түспөлдө, курагы канчада, элеси көз карегимде жок. Мени чоң энем чоңойтту, ал киши өтө мээримдүү, жумшак мүнөз, сулуу кемпир эле. Мен жалгыз өстүм бир туугандарым жок эле, чоң энем алынын жетишинче эркин чоңойтту. Айдын он беши жарык, он беши караңгы болуп күн өткөн. Ак-караны айрып тааный электе улуулар кандай гана сөз айтса уга турган мезгилим болгон. Алар мага кандай талап, кандай шарт койсо аткарууга даяр элем. Күндөр өтүп жатты, жетишер-жетишпес тиргилик.

Ошентип жашым он үчкө толуп-толо элек курагымда турмуш жолуна аттандырышты. Бара турган жерим ушул өмүр кечирип жашап келе жаткан, уул кызды тапкан, Таздар уруусуна караштуу Жалпак-Таш айылы болду.

Эсимде... Бир күнү үйгө эки киши келишти. Алар мен такыр көрбөгөн, билбеген, жат кишилер эле. Ызат-сый көрүп кетишти. Кайдан келди, кайда кетти... Ага мен эти-





бар бербедим, балалыктын ойноп оюнга, күлүп күлкүгө тойбогон учурунда, оор ташты капыстан желкеңе бастыргандай турмуштук жүк турганын кайдан билдим. Аларды узаттык. Кетээри менен Тоту чоң апабыз жакын жашачу, нары тууган да, аңдып тургандай шып этип кирип келди. Чоң энем экөө күдүңдөп сүйлөшүп калды. Мен чай коюп кирип-чыгып, чоң энемин "тигини алып кел, муну алып кел" деген сыяктуу айткандарын аткарып жаттым. Айтор мени деле сен чыга тур балам деген жок, укса уксун деген го. Капысынан кулагыма бир сөз шак эте түштү, бирок өзүмө кабыл албадым. Бир аз жашы улуулап бараткан, жашын деле толук канчада экенин билбейм уккан кишинин. Негизи сабатыбыз болгон эмес, үчүнчү класс билимим бар, аны да арабча окуганбыз да.

Ошентип, сөздөрү уланып көпкө сүйлөшүп олтурушту. Баягы кулагыма угулган сөздүн төркүнү мындай болуп жатты:

– Жашыраак болуп атат. Мен көзүмдүн тирүүсүндө тындырайын дедим эле. Тотуш мага кеңешиңди берчи?, – деп сөзүн улады. Мен дарбазанын артына отура кеттим башымды жөлөп.

– Ээ, кечээки Сапарбайлар жөн келбеген окшойт, сөз кыйытып калдың, – деди, Тоту апабыз.

– Ооба. Кашкарбек баласына кардал болуп келиптир Токого деди. Менин атым Токтобү болсо, эркелетип Токо деп койчу, илгери балдары токтобосо ошондой ат коёр эле, мен ошон үчүн жалгыз болуп калсам керек. Сөзүмдү улап айтып берейин балдарым, – деп сөзүн улады.

Мен болсо аны тыңшап олтуруп, кайран апам... деп көз алдыма ошол дарбазанын артында апам эмес эле мен отургандай, көзүмө жаш алдым да, анымы билгизбей, кайрадан кызыгып сурап жаттым,.

– Ии апа, анан сизге ал сырды качан угузду?, - дедим чыдамым кетип. Мен ошол мезгилде он алты жашка карап калгам, ошондо апамын бир нерсеге таянып айтканы, кызым сага да турмуш жакындап калды дегендей туюм болуптур, аны кийин сездим. Ошентип апам ойлуу калыбында сөзүн кайра улады:

– Тоту чоң апам уккандан соң, аа мейли эми ошончо эшик-төрүңө келиптир жаныңды койбойт, "кызды сурaганга, кымызды ичкенге бер» деген жакшы адамдар,... Баласы канчага чыгыптыр?, – деди

– Жыйырма төрткө, – деди.

– Аа болот «эшек арыбайт, эр карыбайт», эми неберенеңе айт, ал сенин сөзүңү эки кылбас, – деди да жоолугун оңдоп башына ороп байлап, дасторконго бата кылып, үйү тарапка жөнөдү. Чоң энем узатып коюп кайра үйгө кирди.

– Кел кызым чай ичебиз, - деп, мени жал-жал карап, ойлуу отуруп, оор үшкүрүнүп алды. Мен да эмне болду деп сурай албадым, кагуу жеп каламбы деп дасторконду жыйдым да демейдегидей оюнга кетип калдым. Бирок, "бир аз жашыраак болуп атат" деген сөз оюмдан кетпей, эсиме кылт эткенде ойлонуп калып жүрдүм. Чоң энем экөөбүз сырдуу тиктешип коёбуз. Күндөр өтүп жашообуз кадимкисиндей эле уланып жатты. Эки уйубуз болгон, аны саап, сүт, каймагын жеп, тандыр деген жок, катырма бышырат чоң энем ширин кылып, аны жейбиз. Чоң атам да эчак эле өмүрдөн өткөн экен, айтор мен өтө жаш калып, чоң энем гана көз алдымда калды, – деп үшкүрүнүп койду. Кайра бир аз тымтынстыктан кийин сөзү уланды:

– Жетишээр-жетишпес оокат менен жашап жүрдүк. Бирин-серин эгин эгебиз, машак терип, жаргылчакка тартып, ичкенибиз жарма. Нан кеңири болгон жок. Мен чоңоюп акыл-эсими тааныгандан бери төрт падыша алмашты. Маленков, Хурущев, Сталин, Брежнев...





Ошол мезгилде СССР эмес беле, өлкөнү орус улутунан падышалар башкарып турушту.

Үйүбүздө бир чоң көк гүлү бар, башкача айрымаланган чыны бар эле. Биз аны этияттап кармап тамак ичип жүрдүк. Көбүнчө ошол чынылы Маленков чыны дейт эле апам, мейман келсе ошол чыныга сөзсүз тамак куйдурат эле.

Тагдырдын тамашасы ошентип башталды белем, баягы кишилер чоң энемин жанын койбой келип-кетип атып, келин кылып алууга макулдук алды. Жай мезгили эле, мени узатаар күн да жакындап калды окшойт. Энем жакшы сөздөрүн жылдырып:

– Менин көзүмүн барында тапшырайын, балам, көзүм өтсө кор болуп каласың. Жакшы жерге, тектүү элге барасың, кайненең жаш, жакшы ургаачы. Күйөө боло турган бала да жаман бала эмес, билип-көргөн жер, – деди. Селт этип чочуп, билген сөзүмдү айтып нес болуп, көпкө ишенген жокмун. Айтоор көзүм жетип калды, айлам да, эрким да жоктугуна. Бир чоң энем болсо, сөзүн укпай, тилин албай койсом, капа болуп мени өмүр бою жаман көрүп калат да деп, акыры көндүм, көнбөгөнгө аргам да, айлам да жок эле. Ыйладым...

– Мен сизден ажырабайм, мени аларга бербең, мен аларды таанабайм... сизди кантип таштап кетем, мен кетсем сиздин көргөн күнүңүз эмне болот? Менден башка ким карайт... торпогуңузду, уйуңузду кандай жалгыз карайсыз? Жок мен ажырабайм, таштап кетпейм... күйөөнүн кереги жок... мен жашмын го, – деп буркурап чоң энеми кучактап көпкө ыйладым.

– Айланайын балам, мени ойлобо, өзүңдү ойло, уйду мен сатып эптеп күн көрөм, тез- тез каттап кабар алып барып турам, кагылайын, – деп ал да буркурап, бетимден өпкүлөп, мойнуман кыса жыттап соорotту.

Күндөр өтүп акыры күйөө тарап өз журтуна алып кетээр кез да келип, тууган-урук чогулуп, кудалардан төртбеш адам келип кулдук уруп, таазим кылып, сый-урматты көрүп, аттарын туура тартып турушту. Чоң энем экөөбүз кучакташып ажыраша албай, көпкө көзүнөн жаш жамгырдай тамчылап, узатууга аргасыз болду. Көйнөгүмдүн жакасы суу болгончо ыйлады. Асманы айланып алдына түшкөндөй болуп турганын сездим. Олдо Кудай ай, экөөбүздү эмне жаратты, кайра эмнеге ажыратып жатат деп ичимен Жаратканга капа да болуп, кан жуткандай буулугуп турдум. Аңгыча бирин-экин кошуна-колоңдор да чогулуп сүрөп кетишти.

– Кыз бараар жерине ыйлап барат кагылайын, багыңды берсин, таштай катып, суудай сиңип, салмактуу келин бол, оомийин!, – дешип бата берип кошуп беришти. Чоң энем ичи туз салып койгондой ачышты го, зорго эле мойнуман колун алды.

– Кой эми Токо, ар жакшыларыңдан, күйөөң Кайназардан деле ажырап, чырактай болгон уул-келиниңен айрылып күн кечирип, суу ичтиң, эми уулуңдан калган кыз да болсо бир туяк, багын тапсын, – дешип чоң энеме кайрат беришип, жеңем экөөбүздү ат жалына кондуруп узатышты.

Башка чөйрө, чоочун адамдар, алибетте мен үчүн көнүшкөнчө оор эле болду. Күйөөм деле оор салмактуу, тарбиялуу бала экен. Мен көпкө балалык сезим менен жашадым, келиндик кызматты мойнума илген жок, кайненем өз кызындай бапестеп асырады. Билбегенимди үйрөттү, колуман келбеген иш болсо өзү жасап жүрдү. Ал шордуунун да жалгыз баласы экен, көзүн карап, айтканынан чыкпай тарбиялуу өсүптүр.

Жаштыгыман күн кечкирип, таң атканын деле билбей калам. Кеч кирип жатаар мезгил болсо эле, кайненемин





жанына кирип бөжүрөп жатып алат элем. Менин абалымы түшүнүп кайненем деле макул болуп унчукпайт. Ошондо да күйөөм бас бул жакка деп тарткылап азар бербеди, атын айталбай уялып көпкө жүрдүм, мага караганда эстүү акылдуу жигит экен, жаштыгы бар жетилсин деп жүрүптүр...

Чачым узун, учу-түбү барабар тегиз калың эле.

– Өзүң жүдөйсүң балам, – деп кайненем жууп, өрүп берип жүрдү. Азыр кээ күндөрү жаш чагымды жатып алып көз алдыман өткөрөм да, мени өтө жаш, эне сүтүм оозумдан кете электе күйөөгө бериптир чоң энем байкуш деп калам. Өзү келгенде башыман сылап, "берерин берип алып көпкө тынч ала албай, ойлонуп да, коркуп да жүрдүм, бир аз көнүшүп, мени ээрчип ыйлабай калганыңда көөнүм тынчыды" деп калаар эле. Азыр ойлоп, кайра мен ыраазы болуп кетем, эгер тоголок жетим болсом кимдин колунда калып, кимдерге кор болуп жүрөт элем. Жемеден жемеге, жеңеден жеңеге калып, аарлу тамак ичпей, бүтүн көйнөк кийбей мүмкүн «пит»- басып өлүп калат белем. Ошентип айлар жылдарга айланып, жолдошум экөөбүз бири-бирибизге көнүшүп, турмуш улап арадан алты жыл өтүп мен он сегизге толдум. Ошол ортолукта чоң энемен да, кайненемен да айрылдым, башыма караңгы түн түшүп, экинчи таштын салмагы басып калды. Кайгыда жүрдүм, көпкө өзүмө келе албай арыктап, азып кеттим. Эркелеп жаш чагымдын доорун жакшы эле сүрүп жатам деген кезде ушундай тагдыр туш болуп, ээн дубалды сүзүп, күйөөм экөөбүз жашап калдык, кыйналдык-кысталдык... Күнүмдүк турмуш, колубузда бар болуп, жок болуп, бирде тоюп, бирде тойбогон күндөр болду, жашырып жапканда не.

Күндөрдүн биринде көңүлүм айланып кыйналган абалга өтө баштадым. Өзүмө-өзүм сабыр тилейм, ичимден билгизбегенге аракет кылам, ичкеними кусам... Анан бир

ирет окулдап отурсам байкап калган аталаш тууган жеңем Айсулуу басып келип "Ии, башың караңгы экен Кудай бериптир" деди. Коюңчу деп уялып үн катпадым. Кеч дасторкондо олтуруп чай үстүндө секин көзүнө тике карай албай күнөлүүдөй болуп күйөөмө айттым. Мейли жакшы болуптур Токо, уул болсо Кудай берип мага жакшы, кыз болсо сага жакшы деп мыйыгынан күлүп койду.

Күндөн күн өтүп оорлошо баштадым... түйшүктөн чыга албайм келим-кетим көп. Кантип атасыңар деп шып кирип келишчү, ынтымакчылык бар эле. Бир нан болобу, жарты нанын барбы бөлүшүп, тууган-урук кабар алышып, каттоо тез-тез болуп турчу. Биздин ошо заманда адамдар абдан кайырымдуу, ынтымактуу эле. Үй жумушу баары менин мойнумда. Канчалык жашоо өз өкүмүн жүргүздү, элге берген энчи ырыскыбыз буйруп турду, канаат кылып жашап жаттык. Тогуз ай, тогуз күн келип, наристебиз да кыз экен, жарыкка жаркырап чыга келди. Сүйүнүп, кубанып, атын Сагракан деп коё салдык. Көзүн кара, кашын кара деп эркелетип, супсулуу кызыбыз болду деп, сүйүнүп жүргөн кезде кызым бир жашка толуп-толо элек кезинде орду толгус жоготуу болду бизге... дагы бир таш үстүмдөн басып калды... «Чылгый тери чыдайт» деген сөзгө өтө маани бердим, кыйын кезеңге чыдоого аргасыз да болот экенсиң башыңа салып койсо. Айылды каптап тип оорусу аралап кетти... Мына, тагдырдын тамашасы, не деген кырсык, не деген окуя?!

Мен аял ит жандуу дегенге макул болдум, себеби жалаң, эр жигиттер өтүп кетип, аялдар калып калдык. Мына ошол каргашалуу илдет мени да куру койгон жок... Көзүм тоюп, көөдөнүм толо бирге узак өмүр кечире албай, каш-кирпиги төгүлүп, кызыл өңү менен кырчындай курагында Кашкарбегим да оо дүйнө салды...





Сөзүнүн ушул жерине келгенде байкуш апам чарчаган түрүндө оор улутунуп койду. Ал эми башыбыздан өтпөгөн бизге бир пенденин башынан эмне өткөнү, канча жыл шоо менен алышып, ошол жашка чыгып калганы көз ирмемдей, каш- кабактын ортосундай болуп өтүп кеткени өзүнө өкүнүчтүү болсо, мага жомоктой эле сезилип жатты. Кызыгуум артып жумушумду тез-тез бүтүрүп, жүгүрүп келип жанына отура калып, кайра-кайра сурап аягына чыканынча шаштым. Бирок дагы эки тагдырдагы жашоосу айтканга али баштала элек. Себеби мага үч бөлөк жашоомдо үч адам менен өмүр сүрүп, экөөнүн көзү өтүп, үчүнчү жашоомду атаң менен жашап жатам деген үчүн баарын уккум келген. Мүмкүн дагы көп кызыктуу окуялар болгондур, жаш балага бул жагын айтпай эле койоюн деп жашыргандыр, ал жагын биле албадым. Айтоор жанын койбой сурап жаттым.

– Ооба кызым! Күнүм бүтүп, ичер суум түгөнгөн жок, – деп сөзүн улады.

– Мен эле дейин десем, мен өңдүү жаш келиндер бо-тодой боздоп жесир калышты. Эрмегим Сагракан болду. Күнүмдүк жумуш бүтпөгөн, кайталанган тиргилик, биринин көңүлүн көтөрүп, бар-жогуна канаат кылып, бири-тымактуу жашамай. Абысындарым, кайнагаларым биздин жакындар чогула калып өздөрүнчө күдүңдөп сүйлөшүп калышчу. Мен аларга аралашчу деле эмесмин, көрсө менден бир топ улуу кайнагабыздын аялы өлүп, бир кызы менен калган эле, аты Мамет. Айта берейин өлгөн кишинин атын айтса сооп болот имиш, айтор аялынын атын сурабадым. Ошого мени болжошуп жүрүшүптүр.

Бир күнү жарылып айтып калышты, "өлүк да өзүбүз, тирик да өзүбүз, ушуга турмушуңду ула"- дешти. Менин мойнума ыссык кайнак суу куйгандай жүрөгүм куйкалап кетти, күйөөмдүн күйүтү басыла элек эле.

– Жок, мен кызымы чоңойтуп, анан ойлонушам, – деdim да, секин чыгып кеттим Айсулуу абысыныма. Ал артымдан үйгө келип:

– Токо жакшына бол, сени эми күлгүн жигит алмак беле. Кашкардай төгүлгөн сулуу жигитти таппайсың, – деп көпкө эрмектеди да, эшикти тарс жаап чыгып кетти. Ойлонуп отуруп калдым. Дагы кандай күндү баштан кечирем дедим, "Кашкарбектей жигитти таппайсың" деген сөздүн төркүнү бар эле. Мамет раматылык атырайган каратору, олбурлуу ноопруш жигит эле. Өтө деле кары эмес менден сегиз жаш улуу, кала берген кызы эки жашар чырайлуу кыз, аты Атимбү. Ошентип бирин-серин эркектер калып, шагырап улуу- кичүү көбүн эсе аялдар калганбыз,

Күндөрдүн биринде Көбөш деген аяшым келди да кепке-сөзгө келбей, "Аа Токо, үйдөсүңбү ме, мына алманы кызыңа бер"- деп чоң кызыл алманы кийизге тоголотуп коюп чыгып кетти. Мен кызымды алып эркелетип отургамын, жамандык оюмда жок, аны кайдан билдим окутулуп берилгенин, кызыгып өзүм жеп койдум. Бир жумадай күн өттү, өзүмчө жүрөгүм уйгу-туйгу болуп, бир ордумда токтоно албай, кимдир бирөөнү күткөндөй элирме пайда болду. Мен эмне болдум деп буулугуп ыйлап да жүрдүм, ошол алма кандайдыр мага (баш үүртмө кылган экен деп түшүндүрдү) кырсыктуу болду... Авысыным келди да алакыбалымды сурап:

– Кана ойлонуштуңбу, – деди.

– Билбейм жеңе, мен ушундай өзүмдү жаман сезип атам, – дедим.

– Ойлон, абдан ойлон, турмуш сага оюн эмес, сендей келиндер толтура, эптеп Маметке тийип албасаң колдон чыгарып ийбе, арман кыласың, – деп дагы чыгып кетти. Эмне кылып чыкты дагы билбейм, өзүмчө эле ынабай, көргүм келбей, нары-бери өтсө кыжырым кайнап жаткан Мамет-





ти көргүм келип, эңсей баштадым. Оой түбүң түшкөн дүнүйө... Күндөр өтүп, ошентип турмуш жолун экөөбүз улай баштадык. Анын кызы менин кызыман бир жашка чоң, эки кыз эгиздей болуп ойноп жүргөн кезде, каргашалуу күн дагы башымды каптап, кандай илдет жабышты билбейм, илгери «кептер» деген оору бар эле, так ошол оору менен, ишенип бел байлаган, жакшыман калган белегим деп бетинен өөп медер кылып жүрсөм, көкүрөк көөдөнүмдү өрттөп, демейдегидей таш дагы басып, кызыман айрылып, этек -жеңимди жыялбай отуруп калдым, – деп апам өксөп-өксөп ыйлады. Мен да токтоно албай ыйлап жибердим ошондо. Олдо Кудай ай, апамда тагдырдын кандай өчү бар деп, кайра сурагандан айбыгып да калдым урматтуу окурман.

Баарыбир аягына чыгарышым керек деп ойлондум. Бирок бүгүн жөн эле коёюун, дагы бир бош убактысында айтып берер деген ойдо кайталап сурабадым. Анан экөөбүз жумуш менен алек болуп калдык.

Акыры мен өзүмдүн мүдөөмө жетиш үчүн жанын койбодум.

– Апа, мен үчүн сиздин жашооңуз нары таасирдүү, нары кызыктуу болуп оюмдан такыр өчүрө албай жүрөм, эми аягына чыгарып айтып бересизби?, – деп мойнунан кучактай эркелеп сурандым. Мен эң кичинекей кенже кызы болгондуктан жакшы көрчү.

– Сен менин тилими алып жүр, күйөөгө качып тийбе, сураштырып, колум менен жакшына кылып, үйдөн ак той берип узатам, – деп көп айтаар эле. Анан ошондо менин сураныччымды кыйылбай башынан өткөн күндөрдү кайрадан улап айта баштады.

– Макул кызым, бул тагдыр мени камырдай ийледи, – деп, ийигин чимирилтип, жибин түрүп, кайра олтура калып аягына чыгарып койоюн деп сөзүн улады.

– Демейдегидей жашоом уланды да «Өлбөгөн кул алтын аяктан суу ичет» дегендей. Күндөн күнгө ак-караны ылгап баш көтөрүп, бирди экиге, экини үчкө улаштырып тирүүнүн күнүн көрүп келдим. Тикендей сайылып турган оор турмуш кимди гана сынабады, кимди гана кыйнабады... «Өлгөндү тууган жеңет « дегендей дагы бой көтөрүп калдым, бөюма бүткөнүнө сүйүнүп жүрдүк, өз-өз жумушубузду акырындап жылдырып коюп жүрдүк. Маметте ата-туушкандары бар, бирок өзү менен бир тууган бир кыз болгон, ал да өзү менен өзү алыс жашайт. Өз турмушу менен алек. Кез-кезде келип турчу. Кандайдыр менин пешенеме жалаң жетим балдарга туш кылган экен, сенин атаңдын өмүрүн жатып да, туруп да тилегенмин, – деди эле, мен шашып сурап ийдим:

– Эмне Маметиңиз да өтүп кеткенби?

– Жоок мен али төрөй элекмин го, балам шашпай угуп турсаң деди.

– Ии, анан, – деп күнөөлүдөй отуруп калдым.

– Менин пешенеме уул бала бербеди, өлгөн күйөөлөрүмдөн. Бойго бүткөн ичимдеги да кыз төрөлдү, ордулары толукталып атат го деп сүйүнүп, атын Имилакан деп атап койдук. Ал кызым да күндөн-күнгө көзгө көрүнүп чоңоюп келе жатты. Өмүрүн тилеп, мен да бир беш көкүлүн сылап кыз өстүрүп, эл катары кызматын көрүп, буралтып чачын өрөт бекемин, – деп тилендим. Ооба, ал тилегим орундалып кызым пешенемде болду. Сүйүнбөй деле турайынчы баарын ичиме катып, кайра артынан уул төрөп Маметти деле сүйүнтүп койсом, деген оюмда бар эле. Кудай берсе деп жүргөн кезимде баягы менин үстүмдө калдайып турган калың таш дагы басып калды да, көргөнүңөн көрө элегиң көп дегендей, Маметтен да айрылган күн насип этти. Пешенеми муштап-муштап алдым да менин өзүмдү





да алып кет! Алып кетсең капа эмесмин, өлүмгө мен да даярмын! -деп бакырып- бакырып кан жуткандай какадым, эмне дейм... эч нерсе көзүмө көрүнбөдү. "Кызым эки жашар эле, аласыңбы? Муну да ал, алып кет" деп наалыш кылдым. Кээде ыйлап, кээде сороңуп бараар жерим жок, тоголок жетим болуп, жыгылып-туруп күнүм дагы эле уланып жатты. Күндө аңдымай болдум, бул Имлаканды деле алып кетет деп, ишенбей өмүр сүрүп жаттым. Бирок кыз да болсо ошолордун урук- жааты болуп, баш паанек кылып үйүндө жашап жүрдүм. Эми эрге тийбейм өлүп кетейип тийсем деп, өзүмө-өзүм сөзүмдү бекемдеп жүрөм. Кызым үчкө чыкты, анын да көк көйнөгүн чечип отко салдым өлбөдүм, чыканактай болуп арыктадым. Майда-чүйдө тиргиликти айтпаганда мен үчүн оор эле болду. Үмүтүм деле үзүлгөндөй болуп, эч нерсеге көңүл тартпайт. Карагым, эрмегим кыздарым. Мен үчүн таң атып, күн батканы кызыксыз, бирок жан багыш керек да. Ичээр сууң түгөнсө түзүк, түгөнбөсө ичишиң керек, жешиң керек, асмандан агып түшпөйт экен ырыскы. Тишиңдин кирин соруп ачка да отура албайсың, нары ойлонуп, бери ойлонуп башымды ийип багындым.

Ошентип үчүнчү турмушту баштаганга туура келди, мына ушул сенин атаң менен, – деди. Ичимде мага ошол эң кызыгы дедим да:

– Айтып бериң аа, апа!, – деп сурандым.

– Аа балам, силер кичине жакшы заманга илээшип калдыңар.

Сенин атаң баягы эле өтүп кеткен күйөөлөрүм менен ага -инилерден эле. Ошол учурда үчүнчү класс билими менен сельпоого ревизор болуп иштеп, магазиндердин эсеп счётун, чыгаша-кирешесин эсептеп, кандайдыр эсебинен жаңылып, бүт эркектер согушка кетип атса, ал бойго жетип үйлөнөөр мезгилинде камалып түрмөгө кеткен экен,

беш жылга. Атаң өтө эсепке так, азыр деле математикадан сурасаң таблицаны так айтып берет. Мени удургутуп нөлгө-нөлдү кошуп растрата кылып коюшкан деп жүрөт. Айтып берет сурасаң. Кызыл-Кыя шаарында шахтага иштеп үч жылын өтөп, шахтада көмүр көчүп басып, бир буту сынып, госпиталга жатып операция болуп, анан бошонуптур. Айылга келгенде уу-дуу, "Апыш аганы бошотуптур, түрмөдөн келди" дешип. Буту кыскарып сол буттан жабыркап, кынтыңдап басканы ошондой болгон эле. Айылда чолок Апыш болуп аталып калган, мына азырга чейин айтылып келет. Себеби дагы жашыраак Апыш деген киши да бар го. Мына пешене тагдыр сенин атаңа турмуш жолумду улады... улаганда кандай? Үйлөнбөй туруп башкага, мага башын байлады. Алсыздык, майыптык майтарып аны да алсыз кылып сынады. Жараткан ай, мени эмес, атаңды кысташып тууган-уруктар, аны мага алып бергендей болду окшойт байкушту, мага баари-бир эле. Тандагандарым талдагандарым өлө берсе, анан кайсы арыма бир нерсе демек элем, колумда эки кыз турса Маметтен Атимбү, менден Имилакан.

Майып болсо да мүнөзү жакшы, от алгандай тутанбайт, өзүң деле билесиң да. Силерге жакшы, айрыкча жалгыз кызым деп өзүңдү жакшы көрөт. Кандай мүнөзү, талабы болсо көнүп жашаганга макул элем «эшиктен эшик түрттүм, өлгөндүн айынан, кешиктен кешик сүрттүм» дегендей. «Көрбөгөнүм көр, жебегеним заң болду», анан кантмек элем, жашап жүрөм. Бир аз таарынчак жагы бар, өзү колунан көөрү төгүлгөн уста го, ушул айылдын үйлөрүнүн үстүн, тыныкесин, түз жабылганын бүт, көпчүлүгүн атаң чатырча кылып оңдоп берген.

Илгери үйдүн шыбы «чийлампа» болсо, өзүбүздүн мына чоң үйдүн шыбын сыйрып, магазинден чай ящиктер





бошогодон кийин сыртын сатып келип, төрт бурчтуу рамка кылып, бөлүк-бөлүк жик берип биринчи эле жаңылык киргизип атаң потолок жасап элди таң калтырган. Үй жумуштарын баарын ирети менен жасап көзүңдү ачат. Отун жасап, көңдү кыш кынагандай тегиз жыят го бузуп жакканга оорунасың киши. Меймандос, бирөөгө сый көргөзгөндү жакшы көрөт, жаккан тамагы кескен аш, аны жасап берсең атасы тирилгендей сүйүнөт. Жаман жагы тез-тез таарынып калат, көңүл бурбай койсоң ары басып, бери басып өзү эле жазылып калат.

Кыздарга өгөйлүк кылып терс жагын көргөзбөдү, өзүнүн баласындай көрүп экөөнү тең турмушка узатты. Алардын аркасынан өзү да уулдуу болуп Төрөбай агаң, ага удаалаш Мамадали агаң, анан сен төрөлдүң, бой тартып калдың, мына эми жакшы эле жашап жатабыз. Кудай багыңды берсин деп, сени турмуш жолуна узатабыз. Атаңдан эки уул, бир кыздуу болдум жалпысынан эки уул, үч кызсыңар мен ушунчалыгына шүгүр дейм. Өлбөсө эле болду, элге окшоп мен да тең арып, тең карып кошо басып, тең жарышып өмүр сүрөр бекенбиз деп күн да, түн да тилеп жүрөм. Эжелериң да жакшы жашап жатышат, келип-кетип кабар алып турушат. Мен баарыңарга ыраазымын, – деп апам байкуш сөзүн аяктап жатып дагы кошуп айтып калат:

– Менин тагдырымы жазуучулар китеп жазса болот, өзүмдүн болсо сабатым жок да... дечү эле. Негизи апам сөзгө чебер болчу. Анын ошол өзүнүн оор тагдыры тууралуу айткандары ар дайыма эсимден чыкпай, жүрөгүмү өйүп жүргөн. Мен чоң китеп жаза албасам да азыноолак, укканым боюнча чындыкты жазайын, балким кийинки өскөн балдарга, кимдир бирөөлөргө сабак болор деген ой. Көрсө адам эрки күчтүү болсо, сабыры бек болсо бардык кыйынчылыктарды акыры жеңип чыгаары бар тура. Кээ бир

тагдырларда турмуштун катуу сыноосуна туруштук бере албай өзүн жоготуп койгондор да учурайт эмеспи. Азыр ойлосом апам абдан кайраттуу, эрки күчтүү адам тура. Менин байкаганым ушул болду, мындай болуу кыйын. Анан ушул жазганым үчүн арбак билет деген чын болсо, апам да бир оодарылып, мага ыраазы болуп, бейиште жүрсүн деп ойлодум. Мындай тагдыр көп инсандардын башынан өткөн, көбү көмүскө болуп кагаз бетке түшө бербейт го, мен ошону айткым келди окурманым.

## ӨМҮР КӨПҮРӨСҮ

Убакыт - учкан куш, кайра келбейт деп коюшат эмеспи. Ошо сымал артты кылчайып карасам, жарык дүйнөгө келгениме көз ачып-жумганча жетимиш жылдын жүзү болуптур. Канчалаган күндөр айларга, айлар жылдарга айланып, чачыбызга ак күмүш бубак аралап калыптыр. Жашоонун мыйзам ченеминде түбөлүк өлбөс жан жок, өмүрдүн өлчөмү бар экени да ачык чындык. Бирок адамдын жаратылышы өзүн өлбөөчүдөй сезип жүрө берет тура. Ошон үчүн жаш курак карыганы менен жүрөк карыбайт, сезим арыбайт деген да чын окшойт.

Ар адам туулганда өз тагдыры менен туулат го. Адамдын башынан эмне гана өтпөйт?! Мен майрамдай күндөрүмө мактанбай, кейиштүү күндөрүмө кемибей, баарын ичке каттым. Өмүрдүн белестеринен өйдө чыктым... төмөн түштүм... үй-бүлө, жар күттүм. Уул-кыздарды таптым, мына ошол мага баа жеткис байлыгым деп «чачыла чачтым». Аруу тилектей аппак кышта карды кечтим, жаздын жыпар гүлдөрүн жыттап, жайдын аптабына ысып, жалбырактарын кечтирген күзгө жеттим. Жөн эле жетүү эмес, ошол төрт мезгилдин өз түйшүгүнө бышып, балдарымдын ден





соолуктуу, жакшы өсүп-жетилишине кам көрүп жанымды сабап эмгектенип, жөнөкөй айтканда кадимки башкалардай эле курсактын камын ойлоп, жашылча-жемиш эктим. Жашоо аралыгында кимге жакпай, кимге жактым. Бирде сүйүнсөм, бирде күйүп, кайгы да тарттым. Турмуштун кыйма-чийме жолдорунда башыбыздан далай-далай тагдырды кечирдик... Канча арыктап, канча толдум? Ушул жашка келгенче турмушумда эмнеге жеттим... эмнеге жетпедим деген суроолор тегеректейт. Сүйүндүмбү, өкүндүмбү, эмнеге кубандым да, эмнеге капа болдум? Ойлорго оролуп, өткөн өмүрдү элестеттүү менен жашап келем.

Ата-энемден ажырап, бир туугандан айрылып санаага баттым. Түгөнбөгөн, түйшүккө чыдап, турмуштун кыйын кезеңдеринде, чыбыктай ийилип, чылбырдай түйүлүп, ооруп да жаттым. Өмүрдөгү сыноолор башымды байлап, ийниме жүгүн артты... көтөрдүм. Ата энемден алган тарбиямды төкпөй сактап, тагдырдын табыштаган оор-жеңилине чыдап келдим.

Тагдырым буюруп алып келген кайын журтка да жагып, ошо бир уруу журт, кайын-журтумдун ынтымагын чайпалтпай-төгүлтпөй, урматтап бактым. Кадамымды кадырлап каада-салтка багынып, улуулардан үлгү алып чалынбай бастым. Сыйладым, сынбадым, бир келген өмүрдө эч кимисин жамандыкка кыйбадым. Алым жетсе, жетпесе да жеткирем деп, жанымды кыйнадым. Аракет кылып, кыялымда аалам кезип айга чыгып, жерге түшөм. Оюмду онго бөлөм, санаамды сапырып төгөм, таңдар атып күн да батат, сабалап билинбей өмүр өтүп жатат. Жакшылыктан үмүт үзбөй, өзгөрбөстөн өмүр сүрөм. Тегирмендин ташына талкалангандай өмүрдүн күндөрүн кайра түрөм. Бардык эле каалаганымдын келбесин түшүнсөм да, үмүттү үзбөй жүрөм, жүргөнүмө кубанып жаркылдап күлөм. Кээ учурда

ойго батам... Жаш жанымды кыйнадымбы, сыноолордон сынбадымбы, бирөөгө жакшылык кыла алдымбы, кыла албадымбы, жаратканым таразалайт деп ишенип күтөм.

Жашоодо көп дос таптым, бирок алардын көбүнүн мен үчүн кандай ойдо экенин билбей келем. Кээ бири жандап жүрөт, арасында жок эмес, мыйыгынан жалган күлөт. Мүмкүн алар кең дүйнөсүн мага тарытып жүрөт... Балким тар чөйрөсүндө, жанын кыйнап өмүр сүрөт. Тагдырдын татаалдыгын, өмүрдүн катаалдыгын, өзгөчө туюп сездим, өзүмө суроо бердим эмнеге келдим, эмнеге жеттим? Көз ачып көргөнүмө, ойлонуп ооруп кетем ишенбей өлөөрүмө. Жараткан белек кылып, канча жыл өмүр берди жашоону сүрөөрүмө. Жолдошум жолго түшкөн, бир өмүр күн кечирип, бактылуу өмүр сүргөн. Балдардын чайын ичпей ажалга моюн сунуп, о дүйнө кетип калды. Үй-бүлө туугандарды сагынтып санаага салды. Канча жыл жаш курады, кайрылып кайтпай калды. Ичээр суун түгөндү деп жараткан жанын алды, караңгы жер алдында, тынч алып жатып калды.

Жалгызмын дебедим мен, балдарым мени менен, турмушу өтүп жатат туруктуу жары менен, неберем бажырайып эркелеп атасына, көмөгүн көргөзүшөт жумушта апасына. Бактылуу жашап жатат Куранды окуп коюп, бир гана армандуу алар, келбеске кетип калган атасына... Өмүрлүк жолдошум жакшым эле, жакшымдын артында жарыктары-балдарым, неберелерим калганына Кудайга шүгүр айтам. Жашоо улана берет деп акылман бабалар ошон үчүн айтышса керек, ылайым жарык өчпөсүн!





## АВТОРГО АРНООЛОР

### КУТ БОЛСУН КУТТУУ КУРАГЫҢЫЗ

Апаке туулган күнүңүз куттуу болсун!
Ар дайым ак дасторкон нанга толсун!
Аппак карлуу январь келди күткөн,
Башыңызга балдардан бакыт консун!

Тилейбиз, бизге дайым бар болуңуз!
Таалайлуу ыр жашаган жолдоруңуз.
Тагдырдан келген ушул шыбагада,
Талбасын калем жазган колдоруңуз!

Бактылуу каарылыкты ким өткөрөт,
Ошону балдарыныз тилеп келет,
Бала үчүн Ата -Эне байлык тура,
Эркелеп журөлу биз сүрөп, демек!

Алтымыш тогуз жаш аз, угуңузчу,
Тилекти берсе жүзгө чыгыңызчы.
Жетимишке кыр ашып турсаңыз да,
Биз үчүн бакубаттуу туруңузчу.

Сиз биздин түркүгүбүз жөлөнөргө,
Жетпестир сизге эч нерсе теңелерге.
Балдардын багы үчүн аман болуп,
Сый, урмат сиздей бардык энелерге!

***Кызыңыз Бермет***

## БАРИНУСА ЭЖЕМЕ

Жан дүйнөңүз табиятка жанашып,
Келбетиңиз жашыл түскө жарашып.
Жылмайсаңыз күн нурундай төгүлүп,
Жандап өтүп жадырашат карашып.

Көргөн жандын делебесин козгогон,
Дарак шагы чачыңызды кооздогон.
Далай улан билдиргендей сүйүүсүн,
Жаш кезекте ырга кошуп боздогон.

Чачтан сылап жел да беттен өпкүлөп,
Жашыл аалам, жаз жадырап күн күлөт.
Карегиңде кереметтүү ырды окуп,
Канча жандар суктанышып бир жүрөт.

Ала-Тоодой бийигине жетсе деп,
Аруу, таза жан дүйнөңө кетсе кеп.
Жазга окшогон жандар өңдүү сизди да,
Жаратылылыш койгон окшойт кештелеп.

***Замира Кашкараева***





## МАЗМУНУ


АЯЛ – ЭНЕ, АЯЛ – АКЫН ........ 3
ЖҮРӨГҮ АЙТКАНДЫ ЖАЗГАН АКЫН ........ 6
АЛТЫ КАНАТ КЫРГЫЗ ҮЙ ........ 9
КАРА-КУЛЖА ........ 11
МЕКЕНДЕШТЕР МОСКВАДА ........ 12
САЛАМ АЙТАМ ........ 13
ААЛАМ СЫРЛАРЫ ........ 13
БАГЫТЫМДЫ ЖАКШЫЛЫККА ЖОРУГАМ ........ 15
БЕШ БААТЫР ........ 16
ДОСЧУЛУКТУН КАДЫРЫ ........ 21
ҮМҮТТҮ ӨЧҮРБӨГҮН ........ 21
СЫНДЫ КАЧАН ӨЗҮБҮЗДӨН БАШТАЙБЫЗ? ........ 22
ЭСЕП НӨЛДӨН БАШТАЛАТ ........ 23
ТӨРӨСҮ БОЛОТ СӨЗДӨРДҮН ........ 24
БАЛДАР ӨССҮН ТАТЫКТУУ ........ 25
ТАЛАНТТУУГА ТААНЫШ ЖОК ........ 26
МЫКТЫ ЖУБАЙ БОЛДУКПУ БИЗ ........ 27
КУСУП БЕРДИ ........ 28
ТУУСУН БИЙИК КӨТӨРҮП ........ 29
АСКЕР КЫЗМАТЫНАН КАЧЫП БЕКИНБЕ ........ 30
АРУУ ТАҢДЫН БИР КҮНҮ ........ 31
ЖАШООМДОГУ ИЙГИЛИК ........ 31
АЯЛ БОЛДУМ ЖҮДӨБӨЙ ........ 32
ТУУГАНДАРДЫ ЭСТЕП ........ 33
ӨМҮРҮМ ........ 34
САПАР УЛАП ........ 35
БЕРГЕН СЫНОО ........ 36
ЫРЛАРДЫН КАСИЕТИ АКЫЛДЫ АЧАТ ........ 37
АБИЙИР СОТ ........ 38
УЛУТУМ ДЕП ЖАШАЙЛЫ ........ 38
АППАК ТАЗА ЖҮРӨК МЕНЕН ........ 39
АЧУУ ЧЫНДЫК ........ 40
ЧЫНЫГЫ ДОС ТАР ЖЕРДЕ ........ 41
ҮШҮБӨЙСҮҢ ЖАКШЫ ҮМҮТТҮ ЖАМЫНСАҢ ........ 42
ТААНЫП АЛ ........ 43
БАРБЫ ........ 43
ТИЛ БАЙЛЫГЫ ........ 44

АКЫНДЫ БААЛАЙ АЛСАҢ ........ 45
ЖАШОО СҮРТҮМҮ ........ 46
АДАЛ ЖАНЫН АЛМАШТЫРЫП АРАМГА ........ 46
АЙ АСТЫНАН ЖЫЛДЫЗ КӨР ........ 48
БҮГҮН ЖААДЫ АППАК КАР ........ 48
ТАШ ЖАТАТ КЕБЕЛБЕГЕН ........ 49
САЛТ ЭМЕС БЕШИК АТТАГАН ........ 50
АРУУЛУКТУН АТЫН СҮЙДҮМ-БИЛГЕНИМ ........ 51
МААНАЙЫМ ЖОК ОЛТУРАМ ........ 52
ТАР АДАМ ........ 53
БАЛДАРЫМА АРНАДЫМ ........ 55
КЫРСЫК ЧАЛДЫ ........ 56
ТИЛЕГИМ ........ 57
МОСКВАНЫН БИР ТҮНҮ ........ 58
КАТАРЫНДА БОЛДУМ ЖАКШЫ ТАРАПТЫН ........ 59
МЕН САЛАМГА КАРЫЗМЫН ........ 60
ӨЧҮРБӨ ӨЗҮҢДӨГҮ ТАБИЯТТЫ ........ 61
ЖӨНӨКӨЙЛҮК ........ 61
ӨЗ КЫЗЫҢА ӨГӨЙ БОЛУП ........ 62
АК САРАЙЫҢ КУТ БОЛСУН ........ 64
УШАК АЙТЫП ТААНЫЛАТ ........ 65
АК ЖООЛУГУМ ........ 66
ШҮГҮР ДЕЙЛИ ........ 67
КӨӨДӨН ЖАРГАН КӨЙГӨЙЛӨР ........ 68
СӨЗ ТАМЫРЫН ИЗДЕГЕН ........ 69
КОЛДОП БАТА БЕРЕМИН ........ 70
КҮНДҮ КАЙДАН САНАДЫК ........ 70
УРМАТЫН БИЛ АДАМДЫН ........ 71
ООДАРЫЛЫП ОН СЕГИЗГЕ БАРАЛЫ ........ 72
УУЛ ТӨРӨЛДҮ УМАЙ ЭНЕМ КОЛДОСУН ........ 73
ӨМҮР ӨТСӨ ........ 74
УЛУУ КҮНҮ КАЙРЫЛАМ ........ 75
КЕЗДЕШҮҮНҮ КҮТҮШҮП ........ 76
ОКШОШТУРДУМ ........ 76
КҮТӨМ ДАГЫ ........ 77
ГУЛ БОЛБОСУН СООЛУГАН ........ 78
БООРДОШ ЭЛГЕ ........ 79
БИР СОМДУН БИЙИКТИГИ ........ 80
КАРЫНБАЙ АТАБЫЗДЫН ТАШЫ ........ 81
ДУБА КЫЛАМ АЛЫСТАН ........ 82







ЫЙЫК КҮН РАМАЗАН ........ 83
ТООДО ЖҮРӨТ ТОРГОЙ БОЛУП ЫРЛАРЫМ ........ 84
ЖУМУШ БҮТПӨЙТ ........ 85
МУКТАЖДАРГА ........ 86
ЖАШООМУН ТАРАЗАСЫ ........ 86
ЖАМАН ОЙДУ КӨЗДӨБӨ ........ 87
ЖҮРӨК АЙТАТ ........ 88
ТАТЫКТУУ ЫРЫМ БАРБЫ ........ 89
КҮНДӨ КӨЙГӨЙ ЖАРАЛАТ ........ 91
КОШУЛБА КООГАЛУУ ЧЫРЛАРГА ........ 92
ОРГУП ЧЫККАН БУЛАКТАЙ ........ 92
КАРЫЛЫКТЫН КАДЫРЫ ........ 94
ОШ ТАРАПКА КЕЛДИБИ ........ 95
КӨЗДҮ АЧЫП - ЖУМГАНЧА ........ 96
УЧУРДА КАЙДА КАЧАСЫҢ ........ 97
ТЕКЕБЕРДИК ........ 98
БИЛИНБЕЙ ӨМҮР ӨТТҮ ........ 99
АЙЫЛЫМДЫ САГЫНЫП ........ 100
ӨТӨТ ӨМҮР ӨР ТАЯНЫП САБАЛАП ........ 101
КЫРСЫК КЫЙДЫ ӨМҮРҮН ........ 101
ТАРЫХ БЕТТЕ ТАТТЫБҮБҮ ........ 103
АРТЫНДА АТЫҢ КАЛДЫ ........ 105
ТАЛАНТТУУЛАР БААРЫ СЕНИН БАЛДАРЫҢ ........ 106
КОШ ЧЫГААН ........ 107
МУҢАЙЫШТЫ АК КУУЛАР ДА КӨЛДӨГҮ ........ 108
УЛУУ ИНСАН ........ 109
ГАПАР АЙТИЕВ ........ 110
КУБУЛЖУП КУШТУН ҮНҮ ........ 111
КЕЛГИН КУШТАР ........ 112
ӨТӨ КЕРЕК КИЙИКТЕРГЕ БИЙИК ЖЕР ........ 112
ЖАЙЛООДО ........ 114
ЖАЙЛООДО БАСКАН ИЗДЕРИМ ........ 114
АППАК КАРГА БАСАЙЫН ........ 118
ЖАЛГЫЗ ДАРАК ........ 119
СЕЛ КАПТАСА ........ 119
УУСУ БААЛУУ ЖЫЛАНДЫН ........ 120
ӨМҮР-КҮРӨШ ........ 121
ТУРПАГЫНА СЫЙЫНГЫН ........ 122
ЖАРАТЫЛЫШ ЖАН ШЕРИК ........ 122
КҮЗ БЕРЕКЕСИ ........ 123

ТУУЛГАН КҮН СҮЙҮНҮЧТҮҮ КҮН БОЛОТ..........124
ЭЖЕМЕ..........125
БИР ӨМҮРГӨ СҮТТӨЙ АППАК ЖАШАПСЫЗ..........126
ЭР ЭМГЕГИН ЭЛ БААЛАЙТ..........127
БЕЙНЕ..........128
НЕБЕРЕМДИН ЖҮРӨГҮ..........129
СОНЯГА РАКМАТ..........130
УЛАНТЫП АТА ЖОЛУН..........131
КАДЫРЫҢЫЗ МОЙНУМДА..........132
ЖЭЭН БОЛУП ЖЕТИЛГЕН..........133
БАРПЫ АЛЫКУЛОВКО..........134
КЫЙЫШПАС КЫМБАТ ДОСТОР..........135
КУТ БОЛСУН КУТТУУ ТОЮҢ..........136
АША ТУРГАН АЛДЫДА КЫРЫҢЫЗ КӨП..........137
АКЫН ШЕРМАМАТКА..........137
ГҮЛДӨЙ НАЗИК АЯЛ ЗАТ..........138
БААСЫН БЕРДИ ЭЛ САГА..........139
КҮНДӨР ӨТКӨН КҮНӨСТҮҮ..........140
КЕЛЕЧЕГИҢ КЕҢ БОЛСУН..........141
ГҮЛ ӨСТҮРДҮМ, ГҮЛГӨ ОРОЛДУМ..........142
РЫСПАЙДЫН УЧУН УЛАП..........143
УЗАК БОЛСУН ӨМҮРДӨГҮ САПАРЫҢ..........144
АРНАДЫМ САГА БААРЫН..........145
ЭМГЕГИ ЭЛГЕ ЖАККАН АЙЫМ ЭЛЕ..........146
ДРАМАТУРГ АГАЙ..........147
КАЙРЫКТАРДЫН КАТАРЫНДА ЖҮРӨМҮН..........148
КЕЧИРИМДҮҮ МҮНӨЗҮ..........148
АЛЛАГА АМАНАТСЫҢ..........149
АРМАНЫ ЖОК АРТЫНДА КАЛГАН ТУЯК..........150
ЭСКИ МЕКТЕП..........151
МОСКВА КАЙРЫКТАРЫНДА..........152
БАКТЫЛУУСУҢ БАКТЫГҮЛ..........152
ЭГЕМ БЕРГЕН ЭГЕМБЕРДИ..........153
КУТ БОЛСУН..........155
АКЫН ИНИМ ДАМИР..........156
УКУГУҢ БАР..........157
АК БАТА..........158
НЕБЕРЕМИН ТОЮНДА..........159
ИЗДЕРИМ..........159
СОГУШТУН ЗАЛАКАСЫ..........160





БАР БАРАГОЙ КЕЧИКПЕ..........162
ЭНЕ ЖЫТЫН СЕЗЕСИҢ..........163
ЭНЕНИН АЙКӨЛДҮГҮ..........164
МОТУРАЙГАН БАЛАГА..........165
СЕНИН БАРКЫҢ...........166
ЭЛИҢ БИЛСЕ..........167
БАЖЫРАЙГАН СҮРӨТҮМ..........168
ДАРЫ ЧӨПТҮН ЖЫТЫ КЕЛЕТ..........169
СУЛУУЛАР..........170
МЕН СУКТАНАМ..........170
ТАБЫЛГАМЫН..........171
ҮЛБҮРӨК ПЕРИШТЕГЕ..........172
СҮЙҮҮСҮЗ ӨМҮР..........173
АЛГАЧКЫ СҮЙҮҮМ ТАБЕРИК..........173
ТУРНА МОЮН ТУНУК КЫЗ..........174
АЙТАЙЫНЧЫ СЫРЫМДЫ..........175
СҮЙҮҮ ЖАШАЙТ ӨМҮРДӨ..........176
АЛГАЧ СҮЙҮҮҢ АРМАН БОЛУП ЖҮРГӨНДҮР..........177
АЛГАЧКЫ СЕЗИМ..........177
ПЕРИЛЕР ТҮШКӨ КИРГЕНДЕ..........178
ЖАРАТА БЕР СҮЙҮҮ ДАСТАН БАЯНЫН..........179
КУСАЛУУ СҮЙҮҮ..........180
СУНУШ АЙТСАМ..........181
АРЗУУ СЕЗИМГЕ..........181
СҮРӨТ БОЛУП БИР ЭЛЕС..........182
АПА СИЗДИН ДАЛ ӨЗҮҢҮЗ..........183
КҮДӨР ҮЗБӨЙ ЖҮРӨМҮН..........184
СҮЙҮП КАДЫР САКТАСА..........185
ЖАШТЫКТЫН ДЕМИ..........186
БАЛАЛЫК КҮНДӨР ӨТКӨН..........186
АК КАЙЫҢДЫН БУТАГЫСЫҢ..........188
КУДАЙ КОЛДОЙТ..........189
КЫРГЫЗЫМДЫН ЖИГИТТЕРИНЕ..........190
КЕЧИРЕЛИ КЕЛ ЭМИ..........191
ҮРККӨН КЫРГЫЗ..........191
ПАЙГАМБАРДЫН АТЫН БЕРГЕН БУЛ ТООГО..........194
ТИЛ ЖАШООНУН АЗЫГЫ..........195
АЙЫЛЫМДЫН АТАКТУУЛАРЫ..........196
ТҮЗ-БЕЛ АЙЫЛЫНАН..........196
АК-ТЕРЕК АЙЫЛЫНАН..........197

........................................................197
АРАЛ АЙЫЛЫНАН........................................198
КУРБУ-ТАШ АЙЫЛЫНАН...............................198
АК-ТЕРЕК АЙЫЛЫНАН ...................................199
ҮЧ-КАПЧАЛ АЙЫЛЫНАН ................................200
ЖАРКЫРАГАН ЖАҢЫ ЖЫЛ ............................200
ЭГЕМЕНДҮҮ ЭЛИМЕ ......................................201
ЖАҢЫ МЕКТЕП БОСОГОСУ ..........................202
АТА МЕНЕН БАЛА.........................................202
АЛА-ТООҢУ БИР СҮРӨТТӨП ЖАЗЫП КЕТ ......203
ЫРЫСКЫБЫЗ ТОЛУП ТУРАТ ........................204
АЛА-ТООНУН БООРУНДА...............................208
УЛУТУҢДУ ТААНЫТКАН ................................209
АК БАЙБИЧЕ АПАМ .......................................226
ӨМҮР КӨПҮРӨСҮ ..........................................229
АВТОРГО АРНООЛОР.....................................229
КУТ БОЛСУН КУТТУУ КУРАГЫҢЫЗ ...............230
БАРИНУСА ЭЖЕМЕ .......................................230

**Бaринуса Набиева**

**ЖҮРӨК АЙТАТ**

*Ырлар жана эсселер*

*Редактору* Бактыгүл Чотурова
*Корректору* Мисират Зулпукарова
*Компьютердик калыптоочу* Мырзабек Кадыров

Форматы 60x84 1/16. Офсеттик басуу
Офсеттик кагаз. Көлөмү 14,75 б.т.
Заказ №76. Нускасы 500 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек шаары, Үсөнбев көчөсү, 149,
Тел.: 62-02-13



Акындын алтын сабын казып алгын,
Ал ырлар азыгыдыр асыл жандын.
Саптарда жан сергиткен кайрык болсо,
Чөнтөктө жан дептерге жазып алгын.

Акындын жакшы ырынан жаттап алгын,
Сырдашып сырынан ал сактап арбын.
Жол түшө бербейт дайыма жолугууга,
Жогунда эмес барында барктап алгын!